# Жерлерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планы
# (ишке ашырууга даяр акыркы варианты)

Кыргыз Республикасынын
Транспорт жана коммуникациялар министрлиги

март 2024

# МАЗМУНУ


**ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ** ..... 1

**1. КИРИШҮҮ** ..... 9

**1.1. Долбоор жөнүндө жалпы маалымат** ..... 9

**1.2. Мажбурлап көчүрүүнүн классификациясы** ..... 10

**1.3. Даярдалган ЖАКП** ..... 10

**2. ЖАКтын ТААСИРИ** ..... 13

**2.1. ЖАКтын таасирин минималдаштыруу боюнча чаралар** ..... 13

***2.1.1. Долбоорлоо фазасы*** ..... 13

***2.1.2. ДДТЖ көрсөтүү этабы*** ..... 13

**2.2. Дыкат изилдөө жүргүзүү** ..... 15

**2.3. ТЭКтин аймагында ЖАКтын таасири** ..... 18

***2.3.1. Долбоордун таасири тийген райондор, айыл аймактар жана айылдар*** ..... 19

***2.3.2. Жерди ыйгарып алуу*** ..... 19

***2.3.3. Долбоордун таасири тийген үйлөр жана курулуштар*** ..... 21

***2.3.4. Долбоордун таасири тийген дарактар жана айдоолор*** ..... 22

***2.3.5. Долбоордун таасири тийген коммерциялык объекттер*** ..... 22

***2.3.6. Дүкөндөрү бар иштебеген автобус аялдамаларды комплекстүү текшерүү*** ..... 23

**2.4 Долбоордун таасири тийген кожолуктар жана адамдар** ..... 24

***2.4.1. Долбоордун таасири тийген кожолуктар жана адамдар*** ..... 24

***2.4.2. Долбоордун таасири жогору тийген кожолуктар*** ..... 25

***2.4.3. Аялуу үй чарбалары*** ..... 26

**2.6. Долбоордун таасирине кабылган коомдук жерлер жана жер эмес активдер** ..... 27

**2.7. Жерди убактылуу пайдалануу** ..... 28

**3. СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ** ..... 29

**3.1. Кыргыз Республикасы** ..... 29

**3.2. Ысык-Көл облусу жана долбоордун таасири тийген райондор** ..... 29

**3.3. Долбоордун таасири тийген айыл аймактары** ..... 30

**3.4. Долбоордун таасири тийген кожолуктар** ..... 31

***3.4.1. Негизги демографиялык маалыматтар*** ..... 31

***3.4.2. Иш менен камсыз болуу*** ..... 31

***3.4.3. Турак жай имараттарынын абалы*** ..... 32

***3.4.4. Турак жай жана өндүрүш активдери*** ..... 32

***3.4.5. Билим жана сабаттуулук деңгээли*** ..... 33

***3.4.6. Кирешенин негизги булактары*** ..... 33

**3.5. Аялдар жергиликтүү шарттарда** ..... 34

**4. КОНСУЛЬТАЦИЯЛАР ЖАНА КАТЫШУУ** ..... 36

**4.1. Маалыматты ачыкка чыгаруу** ..... 36

**4.2. К&К боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар** ..... 38

**4.3. К&К үчүн иш планы** ..... 42

**5. УКУКТУК БАЗА ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК УКУКТУК МЕХАНИЗМДЕРИ** ..... 44

**5.1. Улуттук мыйзамдар** ..... 44

*5.1.1. Конституция* ..... 45
*5.1.2. Жарандык кодекс* ..... 46
*5.1.3. Жер кодекси* ..... 46
*5.1.4. Автомобиль жолдору жөнүндө мыйзам* ..... 48
*5.1.5. Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен байланышкан бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзам* ..... 48
*5.1.6. Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө мыйзам* ..... 49
*5.1.7. Активдерди баалоо жөнүндө Жоболор* ..... 49
*5.1.8. Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ЖАК боюнча буйруктары* ..... 50
**5.2. АӨБдүн коргоо чараларынын саясаты жөнүндө Жобо (КЧСЖ)** ..... 50
**5.3. Айырмачылыктар жана макулдашуу** ..... 54
**5.4. Укуктуулук, административдик-укуктук инструменттер жана жардам** ..... 55
*5.4.1. Укуктуулук* ..... 55
*5.4.2. Компенсациянын административдик укуктук каражаттары* ..... 61
*5.4.3. Жардамдын түрлөрү* ..... 63
**5.5 Административдик-укуктук инструменттердин матрицасы** ..... 65
**6 . КӨЧҮРҮҮ МЕХАНИЗМДЕРИ** ..... 68
**6.1. Физикалык жер которгон кожолук** ..... 68
**6.2. Дүкөндөрү бар аялдамалардын жабылышынын натыйжасында таасирге дуушар болгон кожолуктар** ..... 68
**6.3. Айдоо жерлеринин 10%дан ашыгын жоготкон үй чарбалары** ..... 69
**6.4. Долбоордун убактылуу таасирине дуушар болгон ишкердүүлүк менен иш алып барган объекттер** ..... 69
**6.5. Коммуналдык чарба объектилерди калыбына келтирүү** ..... 70
**6.6. Долбоордун таасирине кабылган жер жана жер эмес активдер менен бүтүмдөр** ..... 70
**6.7. Убактылуу жана күтүлбөгөн таасирлер** ..... 70
**6.8. Түзөтүү иш аракеттеринин планы, жаңыртылган ЖАКП же толукталган ЖАКП** ..... 72
**6.9. Курулуш жумуштарын баштоо тууралуу билдирүү** ..... 73
**7. ИШКЕ АШЫРУУ МЕХАНИЗМИ** ..... 74
**7.1. Институционалдык структура** ..... 74
*7.1.1. АӨБ* ..... 75
*7.1.2. ТКМ* ..... 75
*7.1.3. ДИБ* ..... 76
*7.1.4. Финансы министрлиги* ..... 79
*7.1.5. ЖАКК* ..... 79
*7.1.6. Жергиликтүү жана борбордук ДКТлар* ..... 79
*7.1.7. ККК көчүрүү боюнча адистердин тобу* ..... 80
**7.2. Даттанууларды кароо механизми** ..... 80
*7.2.1. Максаттары* ..... 80
*7.2.2. Даттанууларды кароо тобу* ..... 81
*7.2.3. Даттанууларды кароо тартиби* ..... 83
*7.2.4. Кошумча механизмдер* ..... 84

*7.2.5. Даттануулорды каттоо* ........ 85
**7.3. ЖАКПны ишке ашыруунун боюнча иш-чаралардын планы** ........ 85
**8. БЮДЖЕТ** ........ 89
**8.1 Тике чыгымдарды баалоо** ........ 89
*8.1.1. Жер* ........ 90
*8.1.2. Имараттар жана кыймылсыз объектилер* ........ 90
*8.1.3. Дарактар жана өсүмдүктөр* ........ 90
*8.1.4. Экономикалык иштин үзгүлтүккө учурашынан улам кирешелердин жоголушу* ........ 91
*8.1.5. ДТЖК жана ДТТАКтарга төлөмдөр* ........ 91
**8.2. Күтүлбөгөн таасирлердин учуру үчүн күтүлбөгөн чыгымдарга резерв** ........ 92
**8.3. Бюджет, каражаттардын агымы жана чыгашаларды кошо каржылашуу** ........ 92
**9. МОНИТОРИНГ** ........ 96
**9.1. Ички мониторинг** ........ 96
**9.2. Тышкы мониторинг** ........ 98
**1-тиркеме: ТКМдин мораторийдин датасы жата ТЭК тууралуу билдирүү каты** ........ 100
**2-тиркеме : ДИнин айылдар боюнча маалыматтары** ........ **Ошибка! Закладка не определена.**
**3-тиркеме: Карьерлердин жана айланма жолдордун, эс алуу жайларынын жана кароо аянтчаларынын тизмеси** ........ 102
**4-тиркеме: Коомдук консультациялардын протоколдору** ........ 103
**5-тиркеме: Көчүрүү боюнча маалымат брошюра** ........ 112
**6-тиркеме: Деталдык изилдөөнү өткөрүүчү агентство үчүн техникалык тапшырма.** ........ 119
**7-тиркеме: Жеке баалоочунун техникалык тапшырмасы** ........ 122
**8-тиркеме ККНын көчүрүү боюнча эл аралык экспертинин техникалык тапшырмасы** ........ 124
**9-тиркеме ККНын көчүрүү боюнча улуттук экспертинин техникалык тапшырмасы** ........ 126
**10-тиркеме: ДКМ мүчөлөрүнүн милдеттери жана даттануу формасы** ........ 128
**11-тиркеме: Баалоо тууралуу жыйынтоочу отчет** ........ 132
**12-тиркеме Тышкы мониторинг боюнча эл аралык адистин техникалык тапшырмасы** ........ 134
**13-тиркеме Баалоо боюнча отчетту жаңылоо боюнча техникалык тапшырма** ........ 137

# ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1-таблица: ДТТЖ көрсөтүү стадиясында ЖАКтын таасирин азайтуу боюнча чаралар 13
2-таблица: Участоктор боюнча ЖАКтын таасирлери 17
3-таблица: ЖАК таасир эткен аймактар 18
4-таблица: Айылдардагы жеке менчик жерлерди ыйгарып алуу 19
5-таблица: Долбоордун таасирине кабылган үйлөр жана курулуштар, айылдар боюнча 20
6-таблица: Долбоордун таасирине кабылган дарактар жана өсүмдүктөр 21
7-таблица: Долбоордун таасирине кабылган ишканалар 22
8-таблица: Дүкөндөрү бар иштебегн аялдамаларды комплекстүү текшерүүнүн жыйынтыгы 23
9-таблица: Долбоордун таасири тийген кожолуктар жана адамдар 24
1-таблица: Аялуу кожолуктарга таасир 26
11-таблица: Долбоордун таасирине кабылган коомдук жерлер жана жер эмес активдер 26
12-таблица: Негизги социалдык-экономикалык маалыматтар (2022-ж.) 30
13-таблица: Долбоордун таасири тийген айыл аймактарынын жалпы социалдык-экономикалык маалыматтары (2022-ж.) 30
14-таблица: Чоңдордун иш менен камсыз болуусу 32
15-таблица: Негизги активдер 32
16-таблица: Айыл чарба жерлери жана мал чарбалары 33
17-таблица: Чоңдордун билим деңгээли 33
18-таблица: Айлык киреше жана кирешенин негизги булактары 34
19-таблица: Аялдардын кожолуктарда чечимдерди кабыл алууга катышуусу 34
20-таблица: Жүргүзүлгөн консультациялардын кыскача мазмуну 40
21-таблица: К&К, Маалыматты ачыкка чыгаруу планы , 42
22-таблица: Айырмачылыктар жана шайкеш келтирүү чаралары 56
23-таблица: Административдик-укуктук инструменттердин матрицасы 65
24-таблица: Аялдамалардагы дүкөндөрдүн жабылышы 69
25-таблица: Жергиликтүү ДКТнын курамы 82
26-Таблица: Борбордук ДКТнын курамы 82
27-таблица: Даттанууларды кароо тартиби 84
28-таблица: ЖАКПны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы 87
29-таблица: Жалпы бюджет жана чыгымдардын бөлүштүрүлүшү 94
30-таблица: ЖАКтын бюджети 94
31-таблица: Ички мониторинг боюнча иш-чаралар жана көрсөткүчтөр 99
32-таблица: ЖАКты ишке ашыруу жана ички мониторинг боюнча отчетторду тапшыруу графиги 100

# СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ

1-сүрөт. Долбоордук жол vii
2-сүрөт. Калктуу жана калктуу эмес пункттардагы схемалык долбоорлор viii
3-сүрөт. ЖАКтын анык таасири бар участоктор ix
4-сүрөт: Физикалык жер которгон кожолуктарды көчүрүү 65
5-сүрөт: Уюштуруу структурасы 70
6-сүрөт: Даттанууларды кароо тартиби 77
7-сүрөт: Каражаттардын кыймылы 86

# КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| АА | Аткаруучу агентство |
| АКШ$ | АКШ доллары |
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| АЧТБ | Айлана-чөйрөгө тийген таасирди баалоо |
| БАРЭК | Борбор Азиянын Регионалдык Экономикалык Кызматташтыгы |
| ББТ | Бөлүп берүү тилкеси |
| БӨУ | Өкмөттүк эмес уюм |
| ДД | Деталдаштырылган долбоор |
| ДДТЖ | Долбоорду даярдоо боюнча техникалык жардам |
| ДИБ | Долбоорду ишке ашыруу бөлүмү |
| ДКМ | Даттанууларды кароо механизми |
| ДКТ | Даттанууларды кароо тобу |
| ДТЖА | Долбоордун таасири жогору болгон адам |
| ДТЖК | Долбоордун таасири жогору болгон кожолук |
| ДТТА | Долбоордун таасири тийген адамдар |
| ДТТАА | Долбоордун таасири тийген аялуу адамдар |
| ДТТАК | Долбоордун таасири тийген аялуу кожолук |
| ДТТК | Долбоордун таасири тийген кожолук |
| ЖАК | Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү |
| ЖАКК | Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү комиссиясы |
| ЖАКП | Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планы |
| ЖБА | Жергиликтүү байланыш адамы |
| ЖЧӨК | Жапониянын чет өлкөлүк кеңешчилери |
| ЖЭБ | Жолду экплуатациялоо башкармалыгы |
| ИА | Ишке ашыруучу агентство |
| КА | Көчүрүлө турган адам |
| КЖМБ | Кайра жайгаштыруу боюнча маалымат брошюрасы |
| КЖПМБ | Кайра жайгаштырууну пландаштыруу боюнча маалыматтык брошюра |
| КК | Кеңеш берүү жана катышуу |
| ККК | Курулуш көзөмөлү боюнча консультант |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| КЧСЖ | Коргоо чараларынын саясаты жөнүндө Жобо |
| МК | Макулдук берүү тууралуу кат |
| Оң жак | Долбоордук жолдун оң тарабы (түштүк) |
| Сол жак | Долбоордук жолдун сол тарабы (түндүк) |
| СОМ | Кыргыз сому (акча бирдиги) |
| СЭИ | Социалдык-экономикалык изилдөө |
| ТИП | Түзөтүү иш-аркеттердин планы |
| ТКМ | Транспорт жана коммуникация министрлиги |
| ТЭК | Таасир этүүчү коридор |
| ФМ | Финансы министрлиги |
| ШО | Шайкеш келүү тууралуу отчет |


## ТЕРМИНОЛОГИЯ

| Терминология | Аныктама |
|---|---|
| **Долбоордун таасири тийген кожолук (ДТТК)** | Долбоордун таасири тийген кожолук – бул долбоордун же анын кандайдыр бир компоненттеринин терс таасири тийген бир чатырдын астында жашаган жана бирдиктүү экономикалык бирдик катары иш алып барган, бардык адамдар. |
| **Долбоордун таасири тийген адамдар (ДТТА)** | Долбоордун таасири тийген адамдар – бул (i) мажбурлап жерди алуунун же (ii ) мажбурлуу жерди пайдалануу укугун чектөөнүн же расмий аныкталган парктарга жана корголуучу аймактарга жеткиликтүүлүктү чектөөнүн натыйжасында - физикалык жактан жер которгондор (көчүү, турак-жай аянтын же турак жайын жоготуу) жана/же экономикалык жактан жер которгондор (жерин, активдерин, активдерге жетүү булактарын, киреше булактарын же жашоо каражаттарын жоготкондор) (АӨБ КЧСЖ 2009).<br><br>Долбоордун таасири тийген адамдарды, жер которгон адамдар деп дагы аташат. |
| **Компенсация** | Активди алмаштыруу керек болгон учурга карата, долбоор тарабынан алынган же долбоордун таасири тийген актив же ресурс үчүн акчалай же натуралай төлөм. Бардык компенсациялар алмаштыруу наркы принцибине негизделет, бул жоготууларды учурдагы рыноктук чен боюнча алмаштыруу үчүн активдерди баалоо ыкмасы, ошондой эле административдик чыгашалар, салыктар, каттоо үчүн чыгымдар жана мүлккө болгон укуктарды каттоого кеткен сыяктуу транзакциялык чыгымдар дагы кирет. |
| **Таасир этүүчү коридор (ТЭК)** | Бул долбоор үчүн талап кылынган же келечекте коомдук курулуштарды куруу же ремонттоо жана тейлөө үчүн сактап калуу зарылдыгы болгон жер аянттары. |
| **Мораторий жарыялоо датасы:** | Кайра жайгаштыруу учурунда долбоордун алкагында компенсация же жардам алуу укугун аныктаган дата. ЖАКПда көрсөтүлгөн административдик-укуктук механизмдин матрицасына ылайык Долбоордун таасири тийген же ыктыярдуу алына турган жерге учур чакта укугу бар же ошол жерде жашаган ДТТАлар гана кайра жайгаштыруу үчүн компенсация жана жардам алуу укугуна ээ. |
| **Дыкат изилдөө (ДИ)** | Дыкат изилдөөнүн алкагында бекитилген деталдуу долбоордун жардамы менен жоготууларды инвентаризациялоо, жоготууларды өлчөө жана 100% ДТТАларды каттоо жыйынтыкталат. |
| **Укуктуулук** | Бул термин Долбоордун аймагында мораторий жарыяланганга чейин жайгашкан ар кандай адамга, үй чарбасына, фирмага, жеке же мамлекеттик мекемеге тиешелүү жана алар (i) турак жайынан ажыраганда, (ii) активдеринен же андай активдерге жетүү мүмкүнчүлүгүнөн түбөлүк же убактылуу ажыраганда же (iii) киреше булактарын же жашоо каражаттарын жоготкондо, кайра жайгаштыруу маселесине карабастан компенсация жана/же жардам алууга укуктуу болот. |
| **Административдик-укуктук чаралар** | ДТТАлардын жоготууларына жана андай жоготуулардын оордугуна жараша экономикалык жана социалдык базасын калыбына келтирүү үчүн: компенсация, киреше булактарын калыбына келтирүүгө жардам көрсөтүү, өткөрүп берүүгө жардам көрсөтүү, көчүрүүгө колдоо көрсөтүү жана у.с. ДТТАларга тийиштүү болгон иш чаралардын комлекси. |
| **Мамкаттоо** | «Кадастр» мамлекеттик мекемесинин жана анын филиалдарынын жалпы аталышы. |
| **Кирешени калыбына келтирүү** | Бул долбоордун таасири тийген адамдардын көчүрүлгөнгө чейин алган кирешесине барабар же мүмкүн болсо андан көбүрөөк киреше алууга мүмкүндүк берүүчү жашоо каражаттарын калыбына келтирүү. |
| **Мажбурлап көчүрүү** | Мамлекет тарабынан жерди алууда көчүрүлө турган адамдардын жерди алуудан баш тартууга укугу жок болгон учурларды билдирет, бул алардын жер которуштуруусуна алып келет, ал жер (i) мамлекеттин экспроприациялоо укугун пайдалануу менен экспроприациялоо же (ii) сүйлөшүү жолу менен жердин баасын макулдашуу аркылуу жерди сатып алуу аркылуу жолу менен алынганда келип чыгат, ал эми макулдашууга жетишүү мүмкүн болбосо, мүлк мамлекеттин жеке менчиктен ажыратуу укугун колдонуу жолу менен ажыратылат. |


| | |
|---|---|
| **Жерди ыктыярдуу алуу** | Мамлекеттик бийлик органы тарабынан жеке адамды, үй чарбасын, фирманы же жеке мекемени алар ээлик кылган жерди толугу менен же кандайдыр бир бөлүгүн коомдук максаттар үчүн мамлекеттик бийлик органына өткөрүп берүү үчүн ордун толуктоочу компенсацияга алмашууга мажбур кылган процессти билдирет. |
| **Күчтүү/Жогору таасир** | Кийинки ДТЖКларга тийиштүү i) айыл чарба/коммерциялык жерлеринин 10% же андан көбүн жогото турган кожолуктар; (ii) көчүүгө аргасыз боло турган кожолуктар; жана/же (iii) өз ишин биротоло токтотууга аргасыз боло турган кожолуктар. |
| **Предметтик консультациялар** | Бул процесс долбоорду иштеп чыгуу, кесепеттерди азайтуу чаралары жана ишке ашыруу маселелери сыяктуу чечимдерди кабыл алууда долбоордун таасирине кабылгандардын жана башка кызыкдар тараптардын бардык тиешелүү пикирлерин эске алууга мүмкүндүк берүү менен бирге: (i) долбоорду даярдоонун алгачкы этабында башталып, жерди ыйгарып алуу жана мажбурлап көчүрүү учурунда жана долбоорду ишке ашыруу циклинин ар кандай этаптарында жүзөгө ашырылат; (ii) долбоордун таасирине кабылган адамдарга түшүнүктүү жана жеткиликтүү болгон кыргыз жана орус тилдеринде тиешелүү жана адекваттуу маалыматты өз убагында жеткирилишин камсыздайт; (iii) маданий нормаларды эске алуу менен коркутуусуз жана мажбурлоосуз эркин атмосферада өткөрүлөт; жана (iv) гендерди камтыган жана аз камсыз болгон жана аялуу топтордун муктаждыктарын эске алат. |
| **Физикалык жер которуштуруу** | i) жерди ыйгарып алуудан же (ii) жерди пайдаланууну мажбурлап чектөөдөн улам көчүрүүнү, жашаган жер тилкесинен ажыратууну же турак жайдан ажыратууну билдирет; |
| **Көчүрүү** | Бул долбоор башталганга чейин жер которгон адамдын жашаган жеринен жана/же бизнесинен физикалык көчүрүү. |
| **Ордун толуктоо баасы** | Ордун толуктоо баасы ыйгарып алуу учурундагы баа менен активди алмаштырууну билдирет. Бул адилеттүү рыноктук наркты, алыш-сатыш чыгымдарын, чегерилген пайыздарды, өткөөл мөөнөт үчүн жана калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдарды жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөрдү камтыйт. Активдүү рыноктук шарттар жок болгон учурда, ордун толуктоо баасы бардык жеткирилген курулуш материалдарынын, курулуш иштеринин жана эксплуатациялык же көчүрүү чыгымдарынын наркына барабар. Баалоонун бул ыкмасын колдонууда ордун толуктоо баасын аныктоодо курулуштардын жана активдердин амортизациясы эске алынбашы керек. |
| **Көчүрүү планы** | Жашоо каражаттарын калыбына келтирүү стратегиясын, институционалдык механизмдерди, мониторинг жана отчеттуулук системасын, бюджетти жана ишке ашыруунун графигин аныктаган бюджети бар так мөөнөттөргө байланган көчүрүүнүн максаттарын жана стратегиясын, административдик-укуктук чараларды аныктаган иш-аракеттердин планы . |
| **Бөлүп берүү тилкеси** | Жеке менчигиндеги же ыктыярдуу алынуу керек болгон коомдук пайдалануу же мамлекеттик долбоор үчүн ээленип коюлган аймак. |
| **Аялуу топ** | Аялуу топтор - бул ЖАКтын таасиринен улам пропорционалдуу эмес таасирге дуушар болушу мүмкүн болгон же маргиналдашуу коркунучу бар үй чарбалары. Бул топко төмөнкүлөр кирет: (i) аял башкарган жана багуусунда адамдар бар үй чарбалары; (ii) эмгекке жараксыз мүчөлөрү болгон үй чарбалары; (iii) жакырчылыктын чегинен төмөн жашагандар; (iv) жалгыз улгайган мүчөлөрү барлар же мамлекеттик социалдык жөлөкпулдарды алгандар; (v) 16 жашка чейинки 5 же андан көп баласы бар; жана (vi) этникалык азчылыктар. |




1-сүрөт. Долбоордук жол




2-сүрөт. Калктуу жана калктуу эмес аймактардагы схемалык проекттер




3-сүрөт. ЖАКтын анык таасири бар участоктор

# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## А. Киришүү

i. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) каржылоосу менен Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (ТКМ) аркылуу Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоорун (мындан ары Долбоор) ишке ашырууну пландаштырууда. Долбоор [1]болжол менен 75,2 км III категориядагы айланма жолдун бөлүгүн II категорияга чейин модернизациялоону камтыйт. Жакшыртылган жол ар биринин туурасы 3,5 метрди түзгөн төрт тилкелүү болот. Асфальт төшөлүүчү жолдун жалпы туурасы 17,6 м, анын ичинде туурасы 2,6 м бөлүүчү тилкени жана эки тарабында туурасы 0,5м болгон буфердик зонаны түзөт. Эл жашабаган аймактардын долбоору ар бир тарабында 2,5 м жол жээги жана айрым учурларда суу кетүүчү каналдарын камтыйт. Долбоор тротуарларды жана турак-жайлар үчүн суу кетүүчү каналды камтыйт, бирок кээ бир учурларда алар бир тарапта гана жайгашат. Жол 120 км/саат максималдуу ылдамдыкка ылайыкталган, бирок калктуу конуштарда максималдуу ылдамдык саатына 60 км. менен чектелет.

ii. Долбоордун максаттары: (i) Ысык-Көл облусунда сооданы, туризмди өркүндөтүү жана аз көмүртектүү технологияларга өтүү; (ii) жол секторун реформалоого көмөктөшүү (СУДА жана жол кыймылынын коопсуздугу); жана (iii) туризмди, коопсуздукту жана климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулукту жогорулатуу үчүн айланма жолду жакшыртуу. Долбоорду даярдоодо ТКМге жардам берүү үчүн АӨБ техникалык жардам көрсөттү (ТЖ) [2].

iii. Долбоор ал өткөн Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз жана Ак-Суу райондорунун 11 айыл аймагынын 8инде жерлерди ыктыядрдуу алуу жана көчүрүү (ЖАК) түрүндө азыраак таасирин тийгизет. Долбоор АӨБ тарабынан мажбурлап көчүрүү боюнча В категориясына классификацияланган. АӨБдун Коргоо чаралары боюнча саясаты жөнүндө Жобо (КЧСЖ 2009) Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын (ЖАКП) даярдоону талап кылат.

iv. Бул ЖАКП деталдык долбоорго (ДД), дыкат изилдөөлөргө (ДИ), долбоордун таасирине кабыл болгон калкты каттоого, коомдук кеңештерге, жер жана жер эмес активдердин көз карандысыз баалоосуна жана долбоордун таасири тийген кожолуктардын (ДТТК) социалдык-

[1] Жети -Өгүз районунун Барскоон айыл аймагынын 140+600 кмден башталат жана Ак-Суу районунун Челпек айыл аймагынын 215+827-чакырымында бүтөт.
[2] ТП-6955 KGZ: Ысык-Көл айланма автожолун жакшыртуу боюнча долбоорду даярдоо.

экономикалык изилдөөсүнө(СЭИ) негизделип, долбоордук жол участогу үчүн даярдалган.

Бул ЖАКП АӨБдун Коргоо чаралары боюнча саясаты тууралуу билдирүүсүнө (КЧСЖ 2009) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле ЖАКга байланыштуу саясаттарга шайкеш келет.

## B. ЖАКтын таасири

v. Мораторийдин датасы 2023-жылдын 12-июнуна белгиленген, анда долбоордун таасири тийген адамдарды каттоо жана ДИ аяктаган. ES1 жана ES2 таблицаларында ЖАКтын таасири жалпыланган жана долбоордун таасири тийген кожолуктар көрсөтүлгөн[3]. Долбоор боюнча 108 кожолукка (424 адам) таандык болгон 33894,4 м2 айыл чарба, турак-жай жана коммерциялык жерди ыйгарып алууну талап кылат. Мындан тышкары 118 кожолук тарабынан (460 адам) жалпы пайдалануудагы жерлерди формалдуу эмес пайдалануусу токтотулат. Долбоордун таасирине кабылган жеке жана мамлекеттик жерлер менен катар: (а) 1 кожолук (5 адам) аянты 302,4 м2 болгон турак жай имаратынан ажырайт; (б) 40 кожолук (189 адам) 2564,6 м2 турак эмес имараттарды жана курулуштарды жоготот; (в) 137 кожолукка (543 адам) 5108,0 м ар кандай тосмолорду көчүрүү керек; (г) 77 кожолук (358 адам) 423 мөмөлүү жана мөмөсүз дарактарды/бадалдарды жоготот; (д) 9 кожолук (38 адам) 9607,9 м2 аянты менен көп жылдык өсүмдүктөрүн жоготот; (е) 5 кожолуктун (18 адам) коммерциялык ишмердүүлүгү толугу менен токтотулат; жана (g) 3 кожолуктун [4] жана 1 жумушчунун (14 адам) 4 ишканасынын иши убактылуу токтотулат.

### Таблица ES1: ЖАКтын таасири

| Таасири | | Өлчөө бирдиги | Саны | ДТТК | | | ДТТА | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Катталган укуктары менен | Укуктары катталбаган | Бардыгы | Катталган укуктары менен | Укуктары катталбаган | Бардыгы |
| Катталган укутары бар жерди жоготуу | Айыл чарба жерлери | $м^2$ | 18,601.1 | 18 | - | 18 | 67 | - | 67 |
| | Турак жай имараттарынын | $м^2$ | 11,142.2 | 79 | - | 318 | 318 | - | 318 |

[3] Долбоордун алкагында жерди пайдалануу деталдык долбоордо көрсөтүлгөн таасир этүүчү коридор менен гана чектелет деп ТКМ чечим кабыл алды (1-тиркемени караңыз). Ошентип, ЖАКтын таасирлери таасир этүүчү коридордо жайгашкандарга гана байланыштуу.

[4] Бир жерде 2 ишкананы иштетип жаткан бир ээси бар.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | астындагы жерлер | | | | | | | | |
| | Коммерциялык жер | $м^2$ | 4,153.6 | 11 | - | 39 | 39 | - | 39 |
| | Бардыгы | $м^2$ | 33,894.4 | 108 | 0 | 424 | 424 | 0 | 424 |
| Жабыркаган үйлөр/имараттар /тосмолор | Турак жай | $м^2$ | 302.4 | - | 1 | - | - | 5 | 5 |
| | Турак жай эмес | $м^2$ | 2,564.6 | 7 | 33 | 31 | 31 | 158 | 189 |
| | Тосмолор | м | 5,108.0 | 53 | 84 | 208 | 208 | 335 | 543 |
| Долбоор таасир этүүчү айыл чарба өсүмдүктөрү жана бак-дарактар | айыл чарба өсүмдүктөрү | $м^2$ | 9,607.9 | 9 | - | 38 | 38 | - | 38 |
| | дарактар/бадалдар | Дарак/бадал | 423 | 27 | 50 | 358 | 358 | | 358 |
| Физикалык орун которуштуруу | | Кожолуктар | 1 | 1 | - | 1 | 1 | - | 5 |
| Жабыркаган бизнес объектилери | Ишти биротоло токтотуу | Бирдик | 5 | - | 5 | 5 | - | 18 | 18 |
| | Иш-аракеттерди убактылуу токтотуу | бирдик | 4** | - | 4 | 4 | - | 14 | 14 |
| Кош каттоосу жок бардыгы: | | | | 108 | 118 | 226 | 424 | 460 | 884 |

Булак: ДИ. *: пайдаланылган жерге тийиштүү; ** анын ичинде бир эле менчик ээсине таандык 2 коммерциялык объект бар, бирок бул объектинин ээсинин кызматкери да ДТТК/ДТТА болуп эсептелет.

vi. Бардыгы болуп 226 кожолуктан 884 адам, анын ичинде менчик укугу бар 108 кожолуктан 424 адам жана менчик укугу жок 118 кожолуктан 460 адамга ЖАК таасирин тийгизет. 12 үй-бүлөдөгү 50 адамга долбоор жогору таасир этет, анын ичинде (а) бир үй-бүлөдөн 5 адам үй-жайынан ажырайт же физикалык жактан жер которгон болот; (б) 5 кожолуктагы 18 адам коммерциялык ишмердүүлүгүн толугу менен токтотот; (с) 6 кожолуктун 27 адамы айыл чарба жана соода жерлеринин 10%дан ашыгын жоготот. Долбоордун таасири тийген кожолуктардын арасында 66 адамдан турган 15 аялуу кожолук бар. Катуу жабыркаган адамдар менен аялуу кожолуктардын ортосунда эч кандай дал келүү жок.

## C. Укуктук база жана административдик-укуктук инструменттер

vii. ЖАКП Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарына жана ченемдик укуктук актыларына гана эмес, ошондой эле КЧСЖда (2009) белгиленген АӨБдун саясатынын талаптарына да шайкеш келет. ЖАКты пландаштыруунун жана ишке ашыруунун максаттары жерди ыйгарып алуудан жана/же мүмкүн болсо, көчүрүүдөн качуу жана/же азайтуу, ошондой эле долбоордун таасири тийген бардык үй чарбаларынын жашоо деңгээлин долбоор башталганга чейинки абалга салыштырмалуу жогорулатуу же жок дегенде ошол учурдагы калыбына келтирүү болуп саналат.

viii. Мораторийдин датасы 2023-жылдын 12-июнуна белгиленген, анда долбоордун таасири тийген адамдарды каттоо жана ДИ аяктаган. ДИ учурунда аныкталган бардык долбоордун таасири тийген кожолуктар (ДТТК) долбоор таасир эткен жер жана жер эмес активдер үчүн, ошондой эле, эгерде бар болсо, ага байланыштуу экономикалык үзгүлтүктөр үчүн компенсация алууга укуктуу. Иш жүзүндөгү компенсация көз карандысыз баалоочу тарабынан аныкталган ордун толуктоо наркына жана/же рыноктук наркка негизделет [5]. Мындан тышкары, долбоордун таасири жогору болгон кожолуктар жана аялуу кожолуктарга өзүнчө жардам көрсөтүлөт. Административдик-укуктук механизмдердин матрицасы даярдалып, ЖАКПга киргизилген.

## D. Маалыматты ачыкка чыгаруу, кеңешүү жана катышуу

ix. Маалыматты ачыкка чыгаруу жана долбоордун таасири тийген адамдар менен коомдук консультациялар ДДТЖ жана деталдык долбоорлоо этаптарында ишке ашырылган. Акыркы консультация 2023-жылдын 7-июлунда Жети-Өгүз районунун административдик борборунда 86 адамдын (6 аял) катышуусунда расмий коомдук консультациялардын экинчи раундунун сессияларынын бири болуп өттү. Коомдук талкуунун жүрүшүндө долбоордун дизайны, ЖАКПны пландаштыруу процесси, ДИнин жыйынтыктары, баалоо методологиясы, даттануулардын кароо механизмдери ж.б. маалыматтар ачыкка чыгарылды. Расмий консультациялар башталганга чейин, кайра жайгаштырууну пландаштыруу боюнча маалыматтык брошюралар (КЖМБ) долбоордун таасирине кабылышы мүмкүн болгон жергиликтүү жамааттарга таратылган. Консультациянын жүрүшүндө долбоордун таасири тийе турган адамдардын тынчсыздануларына өз убагында жооптор берилди жана алардын ЖАК боюнча тынчсыздануулары бул ЖАКПда чагылдырылды.

x. Кыргыз Республикасынын тийиштүү органы тарабынан жактырылгандан кийин жана ЖАКПны ишке ашыруу үчүн мобилизациялоонун алдында бардык ДТТКларга Кайра жайгаштыруу боюнча маалымат брошюра (КЖМБ) жөнөтүлөт. Бул ЖАКП долбоордун таасири тийе турган айыл аймактарда жергиликтүү калктын тилинде жеткиликтүү болот. ЖАКПны ишке ашыруу башталганга чейин долбоордун таасири тийе турган айыл аймактарында коомдук консультациялар да уюштурулат. ЖАКП консультациялардын жана коомчулуктун катышуусунун (К&К) деталдуу планын камтыйт.

## E. Бюджет

[5]Баалоо ушул ЖЧКда каралган административдик-укуктук инструменттерге ылайык жүргүзүлгөн.

xi. ЖАКтын бюджети 924,290 АКШ долларын, анын ичинде: (а) негизги же түз чыгымдар үчүн 768,158 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 83,1%); жана (б) 2,500 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 0,3%) баалоо боюнча отчетту жаңыртуу үчүн жана ошондой эле ЖАКтын жалпы бюджети жана (в) күтүлбөгөн чыгымдар үчүн 153,632 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 16,6% же түз чыгымдардын 20,0%) түзөт. ЖАКты ишке ашыруу боюнча административдик чыгымдар ДИБтин өз бюджетинин эсебинен жабылат.

xii. Министрлер Кабинети жерди сатып алууну жана андан кийинки операцияларды каржылоо үчүн 284,569 АКШ долларын (тике чыгымдардын 30,8%), ал эми АӨБ долбоордон жабыркаган жер эмес активдер үчүн компенсацияны жана ар кандай компенсацияларды каржылоо үчүн 639,721 АКШ долларын (69,2%) берет. Алар ошондой эле ЖАКтын кошумча таасирин компенсациялоо үчүн (эгер андайлар бар болсо) түз чыгымдардын күтүлбөгөн чыгымдарга 20% камтыйт.

## F. Ишке ашыруу механизмдери

xiii. ТКМ аткаруучу агентство (АА) болуп саналат, ал Долбоорду толугу менен ишке ашыруу, анын ичинде бул ЖАКПны ишке ашыруу үчүн жоопкерчилик алат. ТКМдин Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү (ДИБ) долбоорду ишке ашырууда күнүмдүк башкаруу үчүн жана ЖАКПны ишке ашырууга жооптуу агентство (ИА) болуп саналат.

xiv. ДИБ Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү боюнча комиссия (ЖАКК) жана Курулушту көзөмөлдөө боюнча консультанттын (ККК) колдоосу менен ЖАКты ишке ашыруу катышкан социалдык коргоо чаралары боюнча адис жана башка адистер (көчүрүү боюнча ДИБдин адистеринин тобу) тарабынан төмөнкүлөргө милдеттүү: (a) бул ЖАКПны жергиликтүү бийликтердин жана долбоордун таасири тийе турган айыл аймактарга жеткирүүгө; (b) кайра жайгаштыруу боюнча маалымат брошюрасынын мазмунун бардык ДТТКларга жеткирүүгө; (c) ишке ашыруу алдындагы консультацияларды уюштурууга жана документтештирүүгө; (d) ЖАКтын маалымат базасын түзүү жана аны ай сайын жаңыртууга; (e) ички мониторингди жана отчеттуулукту жүзөгө ашырууга; (f) ДКМге катышууга; жана (g) компенсациялардын төлөнүшүн камсыздоо жана таасирлерди төмөндөтүү боюнча башка чараларды толук аткарууга; (h) ЖАКП ишке ашырылгандан кийин долбоордун аймагын бошотууга көмөктөшүүгө.

xv. ES2-таблицада ЖАКПны ишке ашыруунун этаптары жана курулуш иштери боюнча подрядчыга берилгенге чейин АӨБ тарабынан шайкеш келүү тууралуу отчетту кабыл алуу этабы көрсөтүлгөн.

xvi.

## G. Мониторинг механизми

xvii. ЖАКПнын ишке ашырылышы ички жана тышкы мониторингге жатат. Ички мониторинг ЖАКПны ишке ашыруунун жүрүшүнө көңүл бурат жана ЖАКК жана ККҚтин жардамы менен ДИБ тарабынан жүргүзүлөт. Тышкы мониторинг эл аралык консультант тарабынан жүргүзүлөт.

## ES2 таблицасы: ЖАКПны бекитүү жана ишке ашыруу этаптары

| | Милдеттер | Жооптуу тарап | Башталышы | Аягы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Даярдоо жана бекитүү** | | | | |
| 1.1 | 2 ЖАКК түзүү | ДИБ | Янв.2023 | Февр. 2023 | Бүттү |
| 1.2 | ДКМди бекитүү жана жергиликтүү жана борбордук ДКТларды түзүү | ДИБ | Фев. 2023 | 26-апрель 2023-жыл | Бүттү |
| 1.3 | ТКМ тарабынан ЖАКПнын бекитилиши | ДИБ | Дек.2023 | Март 2024 | |
| 1.4 | АӨБ тарабынан ЖАКПнын бекитилиши | ДИБ | Март 2024 | Март 2024 | |
| 1.5 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ЖАКПны макулдашуу жана бекитүү жана компенсациялык чыгымдарга каражаттарды бөлүп берүү | ТКМ | Апр.2024 | Дек.2024 | Кредит күчүнө киргенге чейин бүткөрүлүшү керек. |
| **2** | **ЖАКПны ишке ашыруу боюнча даярдык көрүү иш-чаралары**[6] | ДИБ | Апр.2024 | Дек.2024 | Кредит күчүнө киргенге чейин бүткөрүлүшү керек. ДДТЖнын улуттук консультанты ЖАКты ишке ашырууга даярдык көрүү этабында ДИБге багыт берүүгө тийиш. |
| 2.1. | Долбоордун таасирине кабылган айыл аймактардын, Жети -Өгүз жана Ак-Суу райондорунун, ошондой эле Ысык-Көл облусунун мамлекеттик органдарынын арасында ЖАКПны жайылтуу. ДТТКлардын арасында КМБны таркатуу | ДИБ | Янв.2024 | Янв.2025 | Министрлер Кабинети бекиткенден кийин 2,0 жума ичинде |
| 2.2. | ТКМ жана ДТТАлар ортосундагы келишимдердин проектисин даярдоо | ДИБ | Окт.2024 | Дек.2024 | |
| 2.2. | ДТТАлардын документтерин Мамкаттоо менен бирге текшерүү/жаңылоо | ДИБ | Апр.2024 | Окт.2024 | |
| **3** | ЖАКПны ишке ашыруу/компенсацияларды төлөө процесси | | | | |
| | ***Кредитке кол коюлгандан кийин 3 айдын ичинде мамлекеттик бюджетте ЖАК үчүн каражаттарды камсыздоо*** | | ***Дек.2024*** | ***Март 2025*** | ***ДДФнын талабы*** |
| | ***Кредиттин/гранттын күчүнө кириши*** | | | ***2025-жылдын марты*** | ***ЖАКПны ишке ашыруунун зарыл шарты (төлөмдөр)*** |
| 3.1. | Баалоо боюнча отчетту жаңылоо жана ДТТАларга компенсацияларды төлөп берүү | Баалоочу/ ДИБ | Март 2025 | Апр.2025 | Кредит/грант күчүнө киргенден кийин |
| 3.2. | ТКМ менен ДТТАлардын ортосунда Макулдашууларды толуктоо жана кол коюу | ДИБ | Май 2025 | Окт.2025 | Участоктор боюнча өткөрүп берүү мөөнөтүн сактоо үчүн алгач 2-участокто башталат |
| 3.3. | ДТТКларга компенсацияларды төлөө | ТКМ, ФМ | Май 2025 | Окт.2025 | Банктык которуулар 1-2 күн аралыгында аткарылат |

[6] Толук маалымат - ишке ашыруу механизмдери тууралуу 7-бөлүмдө

| | Милдеттер | Жооптуу тарап | Башталышы | Аягы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.4. | Турак үйдү жана коммерциялык ишмердүүлүк объектилерин көчүрүү | ДИБ, КЖАК, ЖБА, ККК | Май 2025 | Нояб.2025 | Компенсациялар төлөнгөндөн кийин 2-айдан кийин |
| 3.5. | Шайкештик тууралуу отчетторду тапшыруу<br><br>2-участок<br>3-участок | ДИБ/тышкы мониторинг | Июл. 2025<br>Окт. 2025 | Авг.2025<br>Дек.2025 | 2-участокто жана 3-участокто компенсациялар толук төлөнгөндөн кийин тийиштүү 3 жана 5 жума аралыгында |
| 3.6. | ТК бошотуу жана курулуш аянтчасын өктөрүп берүү (участоктор боюнча) | ДИБ/ ТКМ, ЖАКК, ДТТК, ККК | Авг.2025 | Дек.2025 | АБР шайкештик боюнча отчетту бекитип жана бекитүү жөнүндө катты бергенден кийин дароо участокту өткөрүп берүү |
| 4 | **Ички мониторинг жана отчеттуулук** | ДИБ | Июль 2025 | Янв.2028 | 6 жарым жылдык отчеттор |
| 5 | **Предметтик консультациялар** | ДИБ, ККК | 2023 | Дайыма | Долбоордун аягына чейин такай консультациялар |
| 6 | **Иштеген ДКМ жана ДКМге байланыш адамдарды окутуу** | ДИБ, ККК | 2023 | Дайыма | Долбоордун аягына чейин |
| 7 | **Күтүлбөгөн таасирлерди чечүү** | ДИБ, ЖАКК, ДКТ, байланыш адамдар | 2024 | Дайыма | Долбоорду ишке ашыруунун аягына чейин |

# 1. КИРИШҮҮ

## 1.1. Долбоор жөнүндө жалпы маалымат

1. Сунушталып жаткан Ысык-Көл айланма жолун жакшыртуу долбоору Ысык-Көл айланма жолунун 75,2 км Барскоон -Каракол участогун жакшыртууну камтыйт (1-сүрөттү караңыз). Долбоордун максаттары: (i) Ысык-Көл облусунда сооданы, туризмди өркүндөтүү жана аз көмүртектүү технологияларга өтүү; (ii) жол секторун реформалоого көмөктөшүү; жана (iii) айланма жолдун туристтик жагымдуулугун, коопсуздугун жана климатка туруктуулугун жогорулатуу.

2. Жолду жакшыртуу азыркы жолду эки тилкеден төрткө чейин кеңейтүүнү жана ага байланыштуу көпүрөлөрдү, жер астындагы өтмөктөрдү, эс алуучу жайларды, аялдамаларды жана тротуарларды курууну камтыйт. Жакшыртылган жол ар биринин туурасы 3,5м болгон төрт тилкелүү болот. Асфальт төшөлүүчү жолдун жалпы туурасы 17,6м, анын ичинде 2,6м бөлүүчү тилкеси жана эки тарабынан 0,5 м буфердик зонаны түзөт. Эл жашабаган аймактардагы жолдун долбоорунда ар бир тарабында 2,5 м жол жээгин жана айрым жерлерде суу кетүүчү каналдар каралган. Калктуу пункттарда жолдун долбоорунда тротуарларды жана суу кетүүчү каналды орнотуу каралган, бирок кээ бир учурларда алар бир тарапка гана жайгаштырылат. Жол 120 км/саат максималдуу ылдамдыкка ылайыкталган, бирок калктуу пунктарда максималдуу ылдамдык саатына 60 км менен чектелет. Калктуу жана калктуу эмес аймактардын эскиздүү долбоорлору 2-сүрөттө берилген.

3. Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (ТКМ) аткаруучу агенттик (АА) болуп саналат, ал эми долбоорду күнүмдүк башкаруу ТКМдин Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнө (ДИБ) жүктөлөт.

4. Долбоорду даярдоодо АӨБ ТКМге көмөктөшүү үчүн техникалык жардам көрсөттү (ДДТЖ)[7]. ДДТЖнын милдеттерине техникалык-экономикалык негиздемелер (анын ичинде деталдык проекттик документацияны даярдоо (ДП), сатып алуулар жана финансалык комплекстүү текшерүү документтери, ошондой эле жерлерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын (ЖАКП) жана ДПнын негизинде социалдык комплекстүү текшерүүн тууралуу отчетту (СКТО) камтыган коргоо чараларын пландоо боюнча документтер) кирет.

5. Долбоордун курулушун 3 жылда бүтүрүү пландалууда. Андан соң узактыгы 5 жыл болгон кепилдик мөөнөт (КМ) башталат.

[7] TP-6955 KGZ : Ысык-Көл айланма жолун жакшыртуу боюнча долбоорду даярдоо.

### 1.2. Мажбурлап көчүрүүнүн классификациясы

6. Долбоордун алкагында жерлерди алуу жана көчүрүү (ЖАК) көлөмү анча чоң эмес, анткени ал биринчи кезекте жеке менчик жерлерди чектүү ыйгарып алуу менен учурдагы жолду реабилитациялоону камтыйт. Жалпысынан алганда, турак-жайды көчүрүү, айыл чарба/коммерциялык жерлердин 10%дан ашыгын жоготуу жана бизнесин (киреше алып келүүчү мүлкүн) жоготуудан улам олуттуу таасирлерге 50 гана адам (12 кожолук) дуушар болот. Ошентип, долбоор мажбурлап көчүрүү үчүн "B" категориясына кирет[8]. В категориясындагы долбоор үчүн ЖАКП даярдоо талап кылынат.

### 1.3. Даярдалган ЖАКП

7. Жерлерди өткөрүп берүү жана жерлерди ыйгарып алуу жана көчүрүүгө (ЖАК) карата алганда, жолду куруу учурундагы курулуш аянтчасын секциялар боюнча берүү ыкмасы колдонулат: (i) контрактты ишке ашырып баштаган соң ЖАКтан бош болгон участокту подрядчыга өткөрүп берүү (1-сүрөттө жашыл түс менен белгиленген 1-участок); (ii) АӨБ тарабынан ЖАКтын ишке ашырылышы шайкеш келүү боюнча отчетун участоктор боюнча же толугу менен кабыл алгандан кийин ЖАКтын таасири бар 2 участокту өткөрүп берүү (1-сүрөттө көк жана кызыл түстөгү участоктор)

8. Ушул ЖАКП ЖАКтын таасири тийген эки участокту камтыйт (2-участок жана 3-участок)[9]. Даярдалган ЖАКПнын максаты жерин жана/же жер эмес активдерин сөзсүз түрдө жогото турган адамдардын долбоор башталганга чейин жашоо деңгээлин сактап, жада калса андан да жакшыртуусун камсыз кылуу болуп саналат.

9. Бул ЖАКП АӨБдун Коргоо чараларынын саясаты боюнча билдирүүсүнө (КЧСЖ 2009) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле ЖАКга байланыштуу саясаттарга шайкеш келет. ЖАКтын укуктук базасы 5-главада кеңири берилген. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптар менен АӨБ саясатынын ортосунда карама-каршылыктар болгон учурда, артыкчылык акыркыга берилиши керек.[10]

10. Бул ЖАКП акыркы, жана ишке ашырууга даяр. ЖАКПны даярдоодо төмөнкүлөр негиз болгон:

---

[8] АӨБдүн F1/ ОП ОМ бөлүмүнүн 9-пунктунда МКга 200 же андан көп адам (i) турак жайдан физикалык көчүрүү же (ii) өздөрүнүн 10% өндүрүш активдеринен (киреше алып келүүчү) жоготууга учураса, анда долбоорунун таасири олуттуу (А категориясы) деп көрсөтүлгөн.

[9] ЖАКтын таасири тийбеген участоктор үчүн комплекстүү текшерүү отчету түзүлгөн.

[10]Эгерде, Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарда каралган жоболордон Жогорку Кеңеш (Улуттук Парламент) ратификациялаган эл аралык келишимдерде башка жоболор белгиленген болсо, анда эл аралык келишимдин жоболору колдонулат (2017-жылдын Граждандык кодексинин 6-беренеси).

(i) Деталдуу долбоор.

(ii) Долбоордун таасирине кабылган жерлерди жана таасир этүүчү коридорундагы (ТЭК) жер эмес активдерди дыкат изилдөө (ДИ).[11] Сурамжылоо мыйзамдарда белгиленген принциптерге жана административдик механизмдерге ылайык жүргүзүлөт. ДИ процесси жана натыйжалары 2-главада кыскартылып баяндалган.

(iii) ДИ менен бирге долбоордун таасирине кабылган адамдардын каттоосу.

(iv) Бюджетти түзүү үчүн ДИнин жүрүшүндө аныкталган жер жана жер эмес активдердин наркын баалоочу изилдөөнү жүргүзүү. Баа берүүнүн өзү да, мыйзамдык базада белгиленген принциптерге жана административдик механизмдерге ылайык жүргүзүлөт. Балоонун процесси жана натыйжалары 8-главада берилген.

(v) Коомдук консультация жана коомчулуктун катышуусун (К&К) камсыздоо. Мажбурлуу көчүрүүнү пландаштырууга тийиштүү коомдук консультацияларды өткөрүү жана коомчулуктун катышуусун камсыздоо АӨБдүн саясаттарынын негизги талаптарынын бири болуп саналат. Бул ЖАКПны даярдоодо коомдук консультациялардын биринчи бөлүгүндө төрт борбордо, коомдук консультациялардын экинчи бөлүгүндө үч борбордо жана үчүнчү бөлүгүндө бир борбордо расмий К&К иш-чаралары өткөрүлдү. Мындан тышкары, ДИ алкагында баалоо жана социалдык-экономикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө көптөгөн расмий эмес консультациялар өткөрүлдү. К&Кнын иш-аракеттеринин натыйжалары 4-главада жыйынтыкталган.

(vi) ДДТЖны көрсөтүү учурунда жалпы 226 ДТТКлардын ичинен долбоордун таасири тийген 50 кожолуктун социалдык-экономикалык изилдөөсү (СЭИ). СЭИнин жыйынтыгы 3-главада жыйынтыкталган.

11. Максатка жетүү жана бекитүү төмөнкүлөрдөн келип чыгат:

(i) 5-главада каралган административдик-укуктук механизмдердин матрицасында жалпыланган тиешелүү компенсациялоо жана көчүрүү чараларынан;

(ii) 4-главада баяндалган К&К боюнча кийинки планын ишке ашыруудан;

[11] ТЭК – курулуш иштери башталганга чейин бардык курулуштардан, анын ичинде бак-дарактардан жана айыл чарба өсүмдүктөрүнөн тазаланууга тийиш болгон долбоордун таасир этүүчү аймагы/коридору. Бул долбоор үчүн калктуу пункттарда ТЭК минималдуу 30 метрди, трасса өзгөрө турган бөлүгүндө максималдуу 55 метрди түзөт.

(iii) 7-главада көрсөтүлгөндөй натыйжалуу институттук түзүмдү түзүү жана иштетүүдөн;
(iv) ошондой эле 7-главада баяндалган даттануулларды кароо механизмин (ДРМ) түзүү жана иштетүүдөн;
(v) 8-главада көрсөтүлгөндөй, жетиштүү бюджеттик жана күтүлбөгөн чыгымдарга каражаттарды бөлүүдөн; жана
(vi) 9-главада пландаштырылгандай ЖАКПнын ишке ашырылышына натыйжалуу мониторинг жана отчеттуулук жүргүзүүдөн.

12. Дардалган ЖАКП ошондой эле зарыл болгон учурда, ЖАКПны ишке ашыруу учурунда долбоордун таасирине кабылган кожолуктардын жерге жана жерге таандык эмес активдерге менчик укугун кайра каттоого көмөк көрсөтүү үчүн бюджет бөлүп берүүлөрдү камтыйт.

# 2. ЖАКтын ТААСИРИ

## 2.1. ЖАКтын таасирин минималдаштыруу боюнча чаралар

### *2.1.1. Долбоорлоо фазасы*

13. Долбоор жолдун учурдагы участокторун реконструкциялоону камтыйт, ал эми курулуш негизинен учурдагы жол тилкесинде (ЖТ) жүргүзүлөт[12]. Натыйжада, ЖАКтын таасири негизинен чектелген.

14. Долбоорлоо менен курулуштун башталышына чейинки узак убакытты эске алуу менен, ошондой эле учурдагы жолдун тилкесин мыйзамсыз менчиктеп алуунун жана жер басып алуунун жаңы учурларынан коргоо максатында, долбоордун таасири тийе турган 9 айыл аймакта 2022-жылдын 26-августунан 2022-жылдын 22-сентябрына чейин убактылуу мораторийди белгилөө жөнүндө расмий түрдө токтомдор чыгарылган. Бул токтомдор 2022-жылдын август-сентябрь айларында жергиликтүү тургундарга тез арада жеткирилген жана андан ары 2023-жылдын январь айында бул ЖАКты даярдоонун жүрүшүндө коомдук консультациялардын биринчи раундунда жергиликтүү тургундарга маалымдалган. Бул токтомдорду ишке ашыруунун натыйжасында 2022-жылдын августунан 2023-жылдын июнь айына чейин долбоордун трассасында мыйзамсыз ыйгарып алуу же басып алуу фактылары катталган эмес. Ошондой эле, маршрутту өзгөртүү бөлүгүндө алдын ала мораторий ага карата колдонулбаганы менен, бир дагы жаңы ыйгарып алуу же басып алуу фактылары аныкталган эмес.

### *2.1.2. ДДТЖ көрсөтүү этабы*

15. ДДТЖ көрсөтүү этабында, деталдуу долбоорлоо аяктагандан кийин жана АӨБдүн жана ДИБтин адистеринин тийиштүү текшерүүлөрүнүн/ баруууларынын, ошондой эле 2022-жылдын декабрынан 2023-жылдын январына чейин коомдук консультациялардын натыйжаларынын негизинде, 2023-жылдын апрелине чейин долбоорго ЖАКтын таасирин алдын алуу максатында болжол менен 25 өзгөртүүлөр киргизилген. ЖАКтын таасирин алдын алуу (1-таблицаны караңыз). Техникалык талаптарга жооп берген бул өзгөртүүлөр, төмөнкүлөрдү камтыйт: (i) борбордук сызыкты бош муниципалдык жерлерге жылдыруу жана жеке менчик жерлерди айланып өтүү; (ii) имараттарды жана коммерциялык объекттерди айланып өтүү үчүн ТКнын чегинде жол жээгин жана тротуарларды бираз жылдыруу; (iii) май куюучу станцияны жана бир нече коммерциялык объектилерди айланып

[12] 600 м узундуктагы участокту (км 144+400 – км 145+000) кошпогондо, анын маршруту чукул бурулуштарды болтурбоо үчүн кайра курулат. Бул участок ЖАКтын таасирин 6 ДТТКга тийгизди, анын ичинде 5 ДТТК жерлерин жоготушту жана 1 ДТТК турак үйүнк 1 готу.

өтүү үчүн айланма кыймылдуу жолдун дизайнын жөнөкөй светофор менен башкарыла турган кесилишке өзгөртүү. 1-таблицада долбоорго киргизилген өзгөртүүлөр жана, демек, ЖАКтын болтурулбаган (алдын алуу) таасирлери көрсөтүлгөн.

16. Жалпысынан долбоорго өзгөртүүлөрдү киргизүү төмөнкүдөй таасирлерди жок кылды: (i) 2 көрүстөн, (ii) 11 май куюучу жай, (iii) болжол менен 140 кожолуктун айыл чарба жерлери, (iv) 20 кожолуктун турак жай участоктору (v) 11 жеке коммерциялык объектилер (дүкөндөр, мейманкана жана кафе), (vi) 6 турак жай. Өзгөртүүлөр ошондой эле долбоордун таасири тийген 200дөн ашык кожолуктардын (ДТТКлардын) жерлерине, айдоо аянттарына жана бак-дарактарына болгон таасирин азайтты.

17. ДИ жана каттоо аяктагандан кийин, ТКМ жергиликтүү бийликтерге жана долбоордун таасирине кабылган калкка бүтүндөй таасир этүүчү коридорун (ТЭК) ар кандай мыйзамсыз кол салуулардан коргоо үчүн 2023-жылдын 12-июнун бирдиктүү мораторий күнү катары белгилөө жөнүндө расмий кабарлады. ТЭК деталдык долбоорго ылайык аныкталган. Расмий кабарлоо каты ушул ЖАКПга тиркелет (1-тиркеме).

**1-таблица: ДТТЖ көрсөтүү стадиясында ЖАКтын таасирин азайтуу боюнча чаралар**

| | Жайгашкан жери/Пикет | Көрүлгөн чаралар | Натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жолдун бүт бөлүгү | Калктуу аймактардын сыртында ТЭКтин ичкериши, бирок ТЭКтин туурасы 30 мден ашык бойдон калууда | Туурасы 2,5-5,0мге долбоордун таасири тийген айыл чарба жерлери кыскартылды |
| 2 | км 142+540, оң тарабы | Тротуар жаңыдан проекттелип чыкты | Май куюучу жайды айланып өтүү мүмкүн болду |
| 3 | км145+720км, оң тарабы | Тиретүүчү дубал кошулду | Дүкөнгө таасирдин алдын алуу |
| 4 | km147+140 дан - km147+320 чейин, (сол тарабы) | Тиретүүчү дубал киргизилди жана ТЭК 40 м 32-34 м чейин кыскартылды | Жеке турак-жай имаратына жана башка объекттерге тийгизген таасири минималдаштырылды |
| 5 | 149+020 км 149+120, оң тарабы | Тротуар алынып салынды | Ишканаларга жана имараттарга (мейманкана комплекси, уй сарай, сарай ж.б.) таасиринин алдын алуу |
| 6 | км149+340дан км149 +560га чейин, сол тарабы | Эңкейиштер жана техникалык көрсөткүчтөр кайра каралып, ТЭК 2-6 м кыскарган | Жеке жер тилкелерине тийгизген таасири минималдаштырылды. |
| 7 | km149+720 150+ 040 km 150+460, оң тарабы | Тротуар жана жолдун жээги жылдырылды | Жеке жер тилкелерине жана башка мүлккө тийгизген таасири минималдаштырылды |
| 8 | km152+560, оң тарабы | Техникалык параметрлер кайра каралды | Май куюучу жайды айланып өтүүгө мүмүкүн болду |
| 9 | км160+500дөн км162+640ка чейин, эки тарабында | Тротуарлар/жолдун жээги кайра проектиленди. ТЭК 40 мден 34 мге чейин кыскарган | Жеңиш айылындагы турак-жай имараттарына жана башка мүлккө тийгизген таасири төмөндөтүлдү. |
| 10 | 169+000 км ден 169+300 кмга чейин, оң тарабы | Тротуарлар/жолдун жээги кайра проектиленди. ТЭК 42 мден 36 мге чейин кыскарган | Дархан айылында жерге тийгизген таасири төмөндөтүлүп, май куюучу жайга жана айылдагы 3 дүкөнгө тийгизген таасиринин алдын алынды. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | км170+840дан км171 +960га чейин, сол тарабы | Тротуар/ жол жээги кайрадан проектиленди (ТЭК 42 мден болжол менен 36 мге чейин кыскарган) | Дархан айылында 20 ДТТКнын аймагындагы дүкөнгө жана бак-дарактарга тийгизген таасирдин алдын алды. |
| 12 | км 171+800дөн км172+000ге чейин, эки тарабы | Тротуарлар кайра проектиленди | Курулуштарга (тосмолорго) таасир төмөндөтүлдү |
| 13 | км172+500дөн км172+680ге чейин, эки тарабы | Тротуар / жол жээги кайра проектиленди | Имараттарга (эки тараптан) тийгизген таасири негизинен жоюлган. Дүкөн жана көрүстөн айланып өтүлдү. |
| 14 | км175+600дөн км175 +800гө чейин, сол тарабы | Ошондой эле | Көрүстөнгө таасиринин алдын алуу |
| 15 | km178+500, оң тарабы | Тротуар / жол жээги кайра проектиленди | Май куюучу жайды айланып өтүүгө мүмкүн болду |
| 16 | км179+100дөн км179 +260гө чейин, оң тарабы | Тротуар кайра проектиленди | Кирпич дубалдарга тийгизген таасиринин алдын алуу. |
| 17 | км 179+300 км дан 179 +600 км чейин, сол тарабы | Тротуар кайра проектиленди | Үйгө тийгизген таасиринин алдын алып, көмүүнүн алдын алуу |
| 18 | km182+260 оң тарабы | Тротуар кайра проектиленди | Май куюучу жайды айланып өтүүгө мүмкүн болду |
| 19 | км182+760дан 182+880ге чейин, сол тарабы | Тротуар кайра проектиленди | Имараттарга (тосмолорго) таасири алынып салынды |
| 20 | км183+120дан км183+900гө чейин, оң тарабы | Калктуу конуш жок оң тараптагы тротуар алынып салынды. (ТЭК 32-34 мден 30-32 мге чейин кыскарган) | Жеке менчик жерге жана май куюучу жайга тийгизген таасиринин алды алынды |
| 21 | km 191+250дөн by km191+750гө чейин | Орто сызыкты солго 1-1,5м жылдыруу. | Айыл чарба жерлерине тийгизген таасири минималдаштырылды |
| 22 | km 96+960, оң тарабы | Тротуар менен жол жээгин бириктирүү | Май куюучу жайды айланып өтүүгө мүмкүн болду |
| 23 | km202+300 | Айланма жолду башкарыла турган кесилишке айландыруу | 3 дүкөнгө, 1 кафеге жана 1 май куюучу жайга болгон таасирдин алды алынды. |
| 24 | км212+520дан км214+540га чейин | Орто сызык болжол менен 10,0 м солго жылышы | 50гө жакын кожолуктун айыл чарба жерлерине тийгизген таасиринин алды алынды. 2 май куюучу жайды айланып өтүүгө мүмкүн болду. |
| 25 | km 215+520, оң тарабы | Тротуар менен жол жээгин бириктирүү | Май куюучу жайды айланып өтүү мүмкүн болду |

Булак: ДД инженерлери жана АӨБдүн ДДТЖга көрсөтүү боюнча консультанттары

18. ДТТЖ көрсөтүү стадиясында Консультанттар айлана-чөйрөгө таасир этүүнү баалоону (АЧТБ) да жүргүзүштү. Подрядчы курулуш учурунда АЧТБда көрсөтүлгөн айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин азайтуу боюнча бардык сунушталган чараларды жана көрсөтүлгөн чектик маанилерге карата талаптарды толугу менен ишке ашырган шартта, АЧТБ ызы-чуу, титирөө, абанын сапаты жана башка изилдөөлөр боюнча натыйжалары, долбоордон ТЭКтин чегинен тышкары үйлөргө/курулуштарга ЖАКтын терс таасирлери күтүлбөй турганын тастыктады. Ошондой эле, АЧТБ жолду эксплуатациялоо учурунда ызы-чуу, титирөө, абанын сапаты терс таасирин тийгизүүсү күтүлбөйт.

## 2.2. Дыкат изилдөө жүргүзүү

19. Бул долбоор үчүн ТКМ жерди пайдалануу боюнча таасир же ЖАК, деталдуу долбоорго ылайык, таасир этүүчү коридор (ТЭК) менен чектелет деп чечти. Чечим 2023-жылдын июнь айында жергиликтүү бийлик

органдарына жана долбоордун таасирине кабылган калкка расмий түрдө билдирилген (1-тиркеме).

20. 2023-жылдын январь айында деталдык долбоор аяктагандан кийин ЖАКтын таасирин аныктоо максатында долбоорлоо институту 2023-жылдын февраль айынын аягында жана марттын орто ченинде ТЭКтин демаркациясын жүргүзгөн. 2-сүрөттө схемалык дизайн чиймелеринде көрсөтүлгөндөй, ТЭКтин минималдуу туурасы, болжол менен 26 м болушу мүмкүн, иш жүзүндө туурасы калктуу пункттарда минималдуу 28 мден эң көп дегенде 55 мге чейин каттамды өзгөртүү жана кесүү зонасында өзгөрөт. Демаркация WGS-84 координаттарын өлчөөнү камтып[13], борбордук сызыгын чийүү жана ТЭКтин чектерин эң аз дегенде ар бир 100 мде чийүү/белгилөөнү камтыган. Демаркация процесси 2023-жылдын май айынын аягында дизайнга өзгөртүүлөр киргизилген ар бир аймак үчүн кайра жүргүзүлдү (1-таблицада келтирилген).

21. Демаркация жүргүзүү менен бир убакта жана андан кийин Жети -Өгүз районунун Мамкаттоо тарабынан[14] 2023-жылдын март-июнь айларында болжол менен 70,2 км узундуктагы Жети-Өгүз участогун дыкат изилдөө (ДИ) жүргүзүлдү, же жалпы долбоордук жолдун 93,4%ы. Калган 5,0 км Ак-Суу районунда жайгашкан жана ЖАКтын таасирине дуушар болбогондуктан, андан ары иштетүү талап кылынган эмес. Жети-Өгүз мамлекеттик катоо бөлүмү – жер участокторун жана кыймылсыз мүлктү башкаруу/каттоо үчүн географиялык маалымат системасын (ГМС) колдонгон жергиликтүү бир нече мамлекеттик каттоо органдарынын бөлүмүнүн бири. ГМСтин алкагында ар бир жерди пайдалануу объектиси же жер участогу үчүн өзүнүн коду, KYRG -06 [15]системасынын координаттары менен жердин картасы, менчик ээлери жөнүндө маалыматтар, берилген күбөлүктөрү (паспорттору) жана уруксат кагаздары бар.

22. ДИ төрт негизги этапты камтыйт:

- жеринде KYRG-06 координаттарды өлчөө аркылуу ТЭКти ГМС системасына киргизүү;[16]
- Долбоордун таасирине кабылган адамдарды аныктоо жана долбоордун таасир эткен активдерин инвентаризациялоо:
  - калктуу пункттар үчүн ГМСте долбоордун таасири тийген адамдарды жана мүлктү идентификациялоо, ошондой эле зарыл болгон учурда долбоордун таасири тийген

[13] Кыргызстанды 3 зонага бөлгөн 1984-жылкы Дүйнөлүк геодезиялык координаттар системасы.
[14] Мамлекеттик мүлктү каттоочу орган.
[15] Кыргызстанды 5 зонага бөлгөн улуттук координаттар системасы.
[16]WGS -84 жана KYRG -06 ортосундагы расмий конверсия формуласы ДИ мезгилинде жеткиликтүү болгон эмес.

адамдардын катышуусунда жеринде текшерүү жана кошумча өлчөөлөрдү жүргүзүү;

- жалпы пайдалануудагы жерлердин жана жеке менчик жерлердин чектерин белгилөө максатында долбоор таасир эткен айыл аймактардын жерди пайдалануу боюнча адисинин катышуусунда айыл чарба багытындагы жерлердин жана жеке менчик жер участокторунун бириктирип координаталарын жеринде өлчөө; андан кийин долбоордун таасири тийиген жер тилкелериндеги долбоордун таасири тийген дарактарды/өсүмдүктөрдү ДТТК менен бирге аныктап инвентаризациялоо, жана эгерде бар болсо, жер паспортторун чогултуу;

- Өлчөө изилдөөлөрү жүргүзүү жана ДТТКларды аныктоо менен бирге долбоордун таасирине кабылган калкты каттоо; жана
- Долбоордун таасирине кабылган жерлер жана жерге тийиштүү эмес активдерди, б.а. жер пайдалануунун бирдиктери/ ДТТКларды айылдар боюнча ДИнин жыйынтыктары боюнча документтештирүү(2-тиркеме).

23. Ушул ЖАКПны ишке ашыруу менен бир убакта Мамкаттоо өзүнүн ГМСин төмөндөгү жолдор менен жаңылайт: (i) калктуу конуштардагы менчик ээлери үчүн долбоордун таасирине кабылган жерлер жана жерге тийиштүү эмес активдер чыгарылат; жана (ii) жаңыдан өлчөнгөн айыл чарба жерлерин системага киргизет. ГМСке жаңыдан кошулган айыл чарба багытындагы жер тилкелеринин ар биринин өз коду, координаттарын камтыган участоктун картасы, жердин паспорту жана ээсинин идентификациялык документи болот (ЖАКПны ишке ашыруу механизмдери боюнча толк маалымат 7-бөлүктө каралган).

24. Натыйжада ДИ 234 жер пайдалануу бирдигин камтыды, алардын ар бири жер пайдалануу бар экенин болжолдойт.[17] 234 жер пайдалануу бирдигине төмөнкүлөр кирет: (i) коомдук пайдалануудагы 8 мамлекеттик жер бирдиги; (ii) формалдуу эмес пайдаланылган 118 жер бирдиги; жана (iii) жеке пайдалануудагы 108 жеке менчик жер бирдиги. ГМС менен бириктирилген ДИнин толук маалымат базасы Жети-Өгүз Мамкаттоодо[18] сакталып келет, ал эми калктуу конуштар жана жер пайдалануу бирдиктери тууралуу жалпы жыйынтыктар 2-тиркемеде келтирилген.

25. ДИден кийин көз карандысыз баалоочу тарабынан баалоо изилдөөсү жүргүзүлгөн. Кыргызстандын мыйзамдарынын талаптарына жана АӨБ

[17] Алгач долбоорго өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин ДИ 400дөн ашык жерди пайдалануу бирдиги үчүн каралган.
[18] ЖАКПны ишке ашыруу учурунда ГМСтеги маалыматтар менен алмашуу үчүн расмий өтүнүч талап кылынат.

саясатына ылайык баалоодо, изилдөөнүн жүрүшүндө жана андан кийинки баалоодо ЖАК үчүн компенсациянын өлчөмү аныкталат.

## 2.3. ТЭКтин аймагында ЖАКтын таасири

26. Бул бөлүмдө ЖАКтын таасири ДИнин жалпы жыйынтыктарын билдирет, ал эми ДТТКлар жана калктуу пункттар боюнча ДИнин алгачкы жыйынтыктары 2-тиркемеде келтирилген. ЖАКтын таасиринин көз карашынан алганда, долбоордук жолду үч өзүнчө участокко бөлүүгө болот (3-сүрөт):

- 3-участок (км 140+605 - км 182+860, 3-сүрөттө кызыл участок, узундугу 42,2 км. же долбоордук жолдун 56,2%): ЖАКтын таасиринин болжол менен 90% ушул участокко туура келет; таасирлерге айыл чарба жана турак жай жерлери, айдоолор жана бак-дарактар, (бир) турак жай имараты, башка имараттар/курулуштар жана коммерциялык объекттерге болгон таасирлер кирет.
- 2-участок (км197+080 - км215+827, 3-сүрөттө көк участок, узундугу 18,7км. же долбоордук жолдун 24,8%ы): Бул участок ЖАКтын жалпы таасиринин болжол менен 10 % түзөт, негизинен айыл чарба жерлерине жана айдоолорго болгон таасир.
- 1-участок (км182+860 - км197+080, 3-сүрөттө жашыл участок, узундугу 14,2км. же долбоордук жолдун 18,8%ы, ЖАКтын таасири - 0).

**2-таблица: Участоктор боюнча ЖАКтын таасирлери**

| Көрсөткүчтөр (индикаторлор) | | 3-участок | 2-участок | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Пикет | тартып | км140+605 | кm197+080 | км140+605 |
| | чейин | км182+860 | км215+827 | км215+827 |
| Узундук | Узундугу (м) | 42,255 | 18,747 | 61,002 |
| | жалпы узундуктан % | 56.2% | 24.8% | 81.0% |
| Жерди ыйгарып алуу | аянты (м2) | 29,820 | 12,447 | 42,267 |
| | жалпы аянтынын % | 71% | 29% | |
| Физикалык көчүрүү | ДТТК | 1 | 0 | 1 |
| | жалпы сандан % | 100% | 0 | |
| Долбоордон жабыркаган ишканалар* | Саны | 8 | 0 | 8 |
| | жалпы сандан % | 100% | 0 | |
| ДТТК | Менчик укугу менен (саны) | 91 | 17 | 108 |
| | Менчик укугу жок (саны) | 113 | 5 | 118 |
| | Бардыгы (саны) | 204 | 22 | 226 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жалпы сандан % | 90% | 10% | |

Булак: ДИ

### *2.3.1. Долбоордун таасири тийген райондор, айыл аймактар жана айылдар*

27. Долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында ЖАКтын таасири долбоордогу жол өткөн 11 айыл аймагынын ичинен 8 айыл аймагынын 11 айылына болот жана бул 8 айыл аймагынын баары Жети-Өгүз районунда жайгашкан. 3 -таблицада 11 айылдын жабыркаган аймактары келтирилген. Жабыркаган участоктордун узундугу 28 980 м, бул долбоордун жалпы узундугу 75 222 м болгон жолдун 38,5%ын түзөт.

**3-таблица: ЖАК таасир эткен аймактар**

| № | Айыл аймагы | Айыл | Пикет | | Узундук (м) | ЖАКтын негизги таасирлери |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | тартып | чейин | | |
| 1 | Барскоон | Барскоон | km140+780 | km142+500 | 1,720 | Учурдагы жол тилкесинин чегинде коомдук жерлердеги бак-дарактар |
| 2 | Жаргылчак | Чоң-Жаргылчак | km144+400 | km146+200 | 1800 | Жеке жана/же коомдук жерлердеги жерди, үйлөрдү/курулуш-тарды, коммерциялык объекттерди ж.б. ыйгарып алуу |
| | | Кичи-Жаргылчак | km147+540 | km150+540 | 3000 | |
| | | Ак-Терек | km153+520 | km158+440 | 4,920 | |
| | | Жеңиш | km160+680 | km161+400 | 720 | |
| 3 | Дархан | Дархан | km168+740 | km171+820 | 3,080 | |
| 4 | Саруу | Саруу | km172+440 | km175+960 | 3,520 | |
| 5 | Кызыл-Суу | Кызыл-Суу | km178+340 | km182+680 | 4,340 | |
| 6 | Ак-Дөбө | Тилекмат | km197+080 | km197+920 | 840 | Жерди ыйгарып алуу, бак-дарактар жана айдоолор |
| 7 | Жети-Өгүз | Желе-Дөбө | km198+860 | km201+240 | 2,380 | |
| 8 | Ырдык | Балтабай | km207+240 | km209+900 | 2,660 | |
| | Бардыгы | | | | 28,980 | |

Булак: ДИ

### *2.3.2. Жерди ыйгарып алуу*

28. 10 айылда менчик укугу бар жерлер, анын ичинде турак-жай, айыл чарба жана коммерциялык жерлер алынып, 108 менчик укугу бар кожолукка долбоордун таасири тийет. Жалпысынан долбоор тарабынан 18 ДТТКнын – 18 601,1м2, 79 ДТТКнын – 11 142,2м2 жана 11 ДТТКнын – 4 153,6м2 жеке

менчик айыл чарба, турак жай жана коммерциялык жерлери долбоор тарабынан ыйгарып алынат (4-таблицада толук маалымат берилген).

29. Долбоордун таасири астында калган үй чарбаларынын көпчүлүгүнө жерди алуу олуттуу таасирин тийгизбейт:

(i) Жеке үй чарбалары жогото турган айыл чарба жерлеринин минималдуу аянты 59,3 м2; максималдуу аянты 3840,0 м2, орточо аянты 1033,4 м2. 5 ДТТК тиешелүү түрдө айыл чарба жерлеринин 11,4%, 19,4%, 23,1%, 40,0% жана 41,7% жоготот; калган 13 ДТТК айыл чарба жерлеринин 10%дан азын жоготот.

(ii) Турак жай участокторун жоготуулар бир турак жай аянтына орточо 141,0 м2[19]. Турак-жай участокторун ыйгарып алуунун натыйжасында бир дагы турак-жай имараты алынбайт, ал эми турак-жайларга тийиштүү бастырмалар(навес) жана үй чарба кошумча курулуштары алынат. Бардык таасир тийген участоктордо турак жай максатында пайдалануу үчүн жетиштүү аянттар калат.

(iii) Коммерциялык аянттардын орточо жоготуусу 377,6 м2 түзөт, ал эми бир гана ДТТК өзүнүн коммерциялык аянтынын 10%дан ашыгын (70,9%) жоготот.

**4-таблица: Айылдардагы жеке менчик жерлерди ыйгарып алуу**

| **Айыл** | **Айыл чарба жерлери** | | **Турак жай жер** | | **Коммерциялык _ Жер** | | **Бардыгы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аянты (м2) | Менчикке укугу бар ДТТК лар | Аянты (м2) | Менчикке укугу бар ДТТК лар | Аянты (м2) | Менчикке укугу бар ДТТКлар | Аянты (м2) | Менчикке укугу бар ДТТКлар |
| Барскоон | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Чоң-Жаргылчак | 6,038.9 | 4 | 52.5 | 1 | 1,543.4 | 2 | 7,634.8 | 7 |
| Кичи-Жаргылчак | 0 | 0 | 1,918.6 | 7 | 183.8 | 1 | 2,102.4 | 8 |
| Ак-Терек | 1,248.2 | 3 | 1,346.9 | 6 | 0 | 0 | 2,595.1 | 9 |
| Жениш | 0 | 0 | 2,213.0 | 16 | 45.5 | 1 | 2,258.8 | 17 |
| Дархан | 800.0 | 1 | 370.2 | 1 | 1,276.3 | 1 | 2,446.5 | 3 |
| Саруу | 0 | 0 | 1,254.8 | 18 | 298.3 | 2 | 1,553.1 | 20 |
| Кызыл-Суу | 906.2 | 1 | 2,170.0 | 23 | 746.3 | 3 | 3,822.5 | 27 |
| Тилекмат | 1,300.0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1,300.0 | 1 |
| Желе-Дөбө | 2,407.9 | 2 | 1,416.1 | 6 | 0 | 0 | 3,823.9 | 8 |
| Балтабай | 5,900.0 | 6 | 400.3 | 1 | 60.0 | 1 | 6,360.3 | 8 |
| Бардыгы | 18,601.1 | 18 | 11,142.2 | 79 | 4,153.6 | 11 | 33,894.4 | 108 |

Булак: ДИ

[19] Долбоорунун таасири астында калган турак жай куруу жер тилкелеринин айрымдары чындыгында бакча участоктору.

### *2.3.3. Долбоордун таасири тийген үйлөр жана курулуштар*

30. 5-таблицада долбоорго бөлүнүп бериле турган тилкеде жайгашкан, таасири тийген турак жана коомдук жерлерге жанаша жайгашкан таасири тийген үйлөр, имараттар жана курулуштар, анын ичинде коомдук автобустук аялдамаларда жайгашкан дүкөндөр тууралуу маалыматтар көрсөтүлгөн.

31. 5-таблицага ылайык:

(i) Бир ДТТК менчик ээлик укугу жок 302,4 м2 болгон турак үйүнөн ажырайт;

(ii) 40 ДТТК, анын ичинен 7 менчик ээлик укугу бар, 33 менчик ээлик укугу жок, 2,564.4м2 турак эмес имараттарынан ажырайт;

(iii) 23 ДТТК, анын ичинде 10 менчик укугу бар жана 13 менчик укугу жок, 24 бирдик башка активдерден (септиктер, дарбазалар, асфальт аянтчалары ж.б.) ажырайт;

(iv) 137 ДТТК, анын ичинде 53 менчик укугу бар жана 84 менчик укугу жок, 5108,0 м ар кандай түрдөгү тосмолорду жылдыруу керек.

**5-таблица: Долбоордун таасирине кабылган үйлөр жана курулуштар, айылдар боюнча**

| Айыл | Турак жай Үйлөр | | | Турак жай эмес имараттар | | | Башка активдер (дарбазалар, септиктер ж.б.) | | | Тосмолор | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аянты (м2) | Менчик укугу бар ДТТКлар* | Менчик укугу жок ДТТКлар | Аянты (м2) | Менчик укугу бар ДТТКлар* | Менчик укугу жок ДТТКлар | Саны | Менчик укугу бар ДТТКлар* | Менчик укугу жок ДТТКлар | Саны ( м ) | Менчик укугу бар ДТТКлар* | Менчик укугу жок ДТТКлар |
| Барскоон | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Чоң-Жаргылчак | 302.4 | 0 | 1 | 125.7 | 1 | 1 | 0 | 0 | 0 | 339.3 | 4 | 1 |
| Кичи-Жаргылчак | 0 | 0 | 0 | 153.0 | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 | 422.0 | 7 | 1 |
| Ак-Терек | 0 | 0 | 0 | 37.3 | 0 | 1 | 1 | 1 | 0 | 609.9 | 0 | 9 |
| Жениш | 0 | 0 | 0 | 66.7 | 0 | 4 | 2 | 2 | 0 | 575.3 | 17 | 0 |
| Дархан | 0 | 0 | 0 | 404.9 | 0 | 8 | 1 | 1 | 0 | 217.2 | 1 | 7 |
| Саруу | 0 | 0 | 0 | 1,077.1 | 1 | 13 | 7 | 2 | 5 | 1,808.2 | 6 | 52 |
| Кызыл-Суу | 0 | 0 | 0 | 323.3 | 2 | 2 | 11 | 3 | 7 | 591.1 | 14 | 9 |
| Тилекмат | 0 | 0 | 0 | 46.2 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 76.0 | 0 | 4 |
| Желе-Дөбө | 0 | 0 | 0 | 200.3 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 416.2 | 4 | 0 |
| Балтабай | 0 | 0 | 0 | 130.0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 55.0 | 0 | 1 |
| Бардыгы | 302.4 | 0 | 1 | 2,564.6 | 7 | 33 | 24 | 10 | 13 | 5,108.0 | 53 | 84 |

Булак: ДИ. * таасир тийген жерлердин укук ээлигинин статусуна байланган.

### *2.3.4. Долбоордун таасири тийген дарактар жана айдоолор*

32. 6-таблицада долбоор таасир эткен жер аянттарындагы долбоордун таасири тийген бак-дарактар жана айдоолор көрсөтүлгөн. Таблицадан көрүнүп тургандай, 86 чарба (36 менчик укугу бар жана 50 менчик укугу жок) төмөндөгүдөй жоготууларга дуушар болот:

(i) 393 мөмө/жаңгак дарактары: өрүк, алма, кара өрүк, алча жана жаңгак;
(ii) 30 мөмөсүз дарак/терек, кайың, карагай жана роза гүлдөрү;
(iii) 223 м талдан тирүү тосмо; жана
(iv) 9608,0м2 көп жылдык өсүмдүктөр [20].

33. Чектелген сандагы мөмөлүү бак-дарактардын, негизинен, жол тилкесинин чегиндеги басып алынган жерлерге жайгаштырылганы ДТТК үчүн киреше булагы болуп саналбайт [21].

**6-таблица: Долбоордун таасирине кабылган дарактар жана өсүмдүктөр**

| Айыл | **Жемиш дарактары** (даана) | **Мөмөсүз дарактар/бадалдар** (даана) | **Тирүү тосмолор** (м) | **Көп жылдык өсүмдүктөр** (м2) | **Менчик укугу менен ДТТКлар** (бирдик) | **Менчик укугу жок ДТТТК. (бирдик)** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Барскоон | 133 | - | | 0 | 0 | 16 |
| Чоң-Жаргылчак | 34 | - | | 0 | 1 | 2 |
| Кичи-Жаргылчак | 85 | - | | 0 | 5 | 0 |
| Ак-Терек | 0 | - | | 0 | 0 | 0 |
| Жениш | 47 | - | | 0 | 6 | 3 |
| Дархан | 6 | - | | 0 | 1 | 0 |
| Саруу | 59 | 17 | 223 | 0 | 8 | 25 |
| Кызыл-Суу | 29 | 13 | | 0 | 6 | 4 |
| Тилекмат | - | - | | 1,300.0 | 1 | 0 |
| Желе-Дөбө | - | - | | 2,407.9 | 2 | 0 |
| Балтабай | - | - | | 5,900.0 | 6 | 0 |
| Бардыгы | 393 | 30 | 223 | 9,608.0 | 36 | 50 |

Булак: ДИ

### *2.3.5. Долбоордун таасири тийген коммерциялык объекттер*

34. Долбоордун таасири тийген жерлерге жана имараттарга байланыштуу 9 коммерциялык иш алып баруу объектилери бар, анын ичинде бир менчик ээсинин 2 ишканасы бар. Долбоор тиешелүүлүгүнө жараша 4 мыйзамдуу жана 5 мыйзамсыз коммерциялык объекттерге убактылуу жана туруктуу таасирин тийгизет (7-таблица). Убактылуу таасир болот (i) 2 коммерциялык бирдикке (2 менчик ээси) артка жылыш үчүн бош жери бар жол боюндагы

[20] Бул ЖАКда бардык көп жылдык өсүмдүктөр беде болуп эсептелет, анткени беде эң жогорку рыноктук баага ээ.
[21] Мамлекеттик жайыттарда мал багуу негизги киреше булагы болуп саналат.

көчмө конструкцияларда (контейнерлерде) иштеп жаткан; жана (ii) ТКнын четинде жеңил конструкцияларда (бастырмада - навес) иштеген 1 ээсинин 2 бизнеси, бастырманы кичине кесүү же алып салуу бир же эки күнгө бизнес операцияларына таасирин тийгизиши мүмкүн. Жолдун жээгинде дүкөндөрү бар аялдамада иштеген 5 ээсинин 5 коммерциялык ишмердүүлүгү биротоло жабылып калуудан жабыркайт.

**7-таблица: Долбоордун таасирине кабылган коммерциялык объекттер**

| Айыл | 1. Убактылуу | | | 2. Туруктуу | | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | даана | Жумушчулар | Мыйзамдуу | даана | Жумушчулар | Мыйзамдуу | даана | Жумушчулар |
| Кичи-Жаргылчак | 1 | 0 | Ооба | 0 | 0 | | 1 | 0 |
| Дархан | 0 | 0 | | 2 | 0 | Жок | 2 | 0 |
| Саруу | 1 | 0 | Ооба | 3 | 0 | Жок | 4 | 0 |
| Кызыл-Суу | 2* | 1 | Ооба | 0 | 0 | Жок | 2* | 1 |
| Бардыгы | 4 | 1 | | 5 | 0 | | 9 | 1 |

Булак : ДИ *: бир ээге таандык, бир жумушчу иштеткен 2 түр бизнес.

### *2.3.6. Дүкөндөрү бар иштебеген автобус аялдамаларды комплекстүү текшерүү*

35. ТЭКтин аймагында 10 пайдаланылбаган, бош жана бузулган аялдамаларда, дүкөндөр бар[22]. Комлпекстүү текшерүү, алар АӨБго бул долбоорду каржылоого өтүнүч берилген датага чейин, тактап айтканда 2022-жылдын мартынан бир жыл ичинде жабылганын же дүкөндөр 2022-жылдын март айынан баштап 2-3 жыл ичинде мажбурлуу жабылганын тастыктөө үчүн жүргүзүлдү. [23] Эгерде дүкөндөр 2022-жылдын мартынан баштап 1 жыл ичинде жабылса, анда дүкөндөрдүн ээлери кабыл алынган тажрыйбага ылайык, жоготууга учураган киреше үчүн компенсация алууга жана өткөөл мезгилге жардам алууга укуктуу; эгерде дүкөндөр 2022-жылдын мартынан тартып 2-3 жыл ичинде жабылган болсо, анда калган маселелер жана талаш-тартыштар, бар болгон учурда, ЖАКП ишке ашырылганга чейин Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык чечилиши керек.

36. Комплекстүү текшерүүнүн натыйжалары 8-таблицада келтирилген. Белгиленгендей, дүкөндөр 2022-жылдын мартына чейин эки жыл мурун жабылган, эч кандай чечилбеген маселелер же талаштар жок. Бул дүкөндөрдүн бири да АӨБ каржылаган долбоордун алдында жабылган эмес. Ошондуктан, бул дүкөндөрдүн ээлери-операторлор долбоордун алкагында

[22] Ысык-Көлдүн бардык аймагында дүкөндөрү жабык мындай аялдамалар көп.

[23] 2022-жылдын 10-февралында Финансы министрлиги АӨБдун Кыргыз Республикасындагы кеңсесине долбоорду 2022-2024-жылдарга өлкөнүн өнөктөштүк стратегиясына киргизүү боюнча расмий суроо-талап жөнөттү.

компенсация жана өткөөл жардам алууга укугу жок. Мурунку менчик ээлеринин активи болуп саналган пайдаланылбаган курулуштар 5-таблицага киргизилген жана рыноктук нарктын негизинде алмаштыруу наркы боюнча компенсацияланат.

**8-таблица: Дүкөндөрү бар иштебегн аялдамаларды комплекстүү текшерүүнүн жыйынтыгы**

| № | Айыл / пикет | Ээси операторбу? | Жабылган күнү | Жабуунун себеби | Чечилбеген маселелер/ талаштар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жеңиш / km 161+400 | Ооба | октябрь. 2019 | ● Бизнес пайда алып келбей калды<br>● Кожоюну көбүрөөк пайда алып келе турган багбанчылык менен алектенип калды | Жок |
| 2 | Жеңиш / km 161+520 | Ооба | Март 2020 | ● Ээси Каракол шаарында чакан ишкана ачкан | Жок |
| 3 | Дархан/ км 170+440 | Ооба | Сентябрь 2018 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |
| 4 | Дархан/ км 71+400 | Ооба | Март 2020 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |
| 5 | Дархан/ km 171+540 | Ооба | Октябрь 2017 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |
| 6 | Саруу / km 173+920 | Ооба | Ноябрь 2018 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |
| 7 | Саруу / km 174+960 | Ооба | ноябрь 2019 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |
| 8 | Саруу / km 175+060 | Ооба | сентябрь 2019 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |
| 9 | Кызыл- Суу/ km 182+040 | Ооба | апрель 2016 | ● Кожоюну Бишкектен жумуш тапкандыктан жабылган. | Жок |
| 10 | Тилекмат / km 197+080 | Ооба | ноябрь 2020 | ● Бизнес кирешелүү болбой калды | Жок |

Булак: ДДТЖ консультанттары

## 2.4 Долбоордун таасири тийген кожолуктар жана адамдар

### *2.4.1. Долбоордун таасири тийген кожолуктар жана адамдар*

37. Долбоордун алкагында жалпысынан 226 кожолуктан 884 адам жерин ыйгарып алдырууга жана көчүүгө тийиш (9-таблица), анын ичинен 108 кожолуктан 24 адам жерге менчик укугу бар жана 118 кожолуктан 460 адам жер пайдалануу укугу жок. 50 адам долбоордун жогорку таасири астында болгон 12 долбоордун жогору таасири тийген кожолуктардан (ДТЖК) жана 66 аялуу адам (ДТТАА) долбоордун таасири тийген 15 аялуу кожлуктардан (ДТТАК). Өтө жабыркаган жана аялуу үй чарбаларынын ортосунда эч кандай дал келүү жок.

## 9-таблица: Долбоордун таасири тийген кожолуктар жана адамдар

| ДТТКлар жана ДТТАлар | | Барскоон | Чоң-Жаргылчак | Кичи-Жаргылчак | Ак-Терек | Жеңиш | Даршан | Саруу | Кызыл-Суу | Тилекмат | Желе-Дөбө | Балтабай | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ДТ ТК | Долбоордун таасири тийген жер тилкелери боюнча | 0 | 7 | 8 | 9 | 17 | 3 | 20 | 27 | 1 | 8 | 8 | 108 |
| | Долбоордун таасири тийген дарактар жана өсүмдүктөр боюнча | 16 | 3 | 5 | 0 | 9 | 1 | 33 | 10 | 1 | 2 | 6 | 86 |
| | Долбоордун таасири тийген үйлөр/ курулуштар/ тосмолор боюнча | 0 | 3 | 2 | 1 | 3 | 13 | 28 | 6 | 1 | 1 | 1 | 55 |
| | Долбоордун таасири тийген коммерц. иш алып баруу объекттери боюнча | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 2 | 4 | 2* | 0 | 0 | 0 | 9* |
| | ***Бардыгы кайталанбастан*** | *16* | *10* | *12* | *10* | *20* | *19* | *80* | *37* | *6* | *8* | *8* | *226* |
| Менчик укугу бар ДТТКлар | | ***0*** | ***0*** | *7* | *8* | *9* | *17* | *3* | *20* | *27* | *1* | *8* | ***8*** |
| Менчик укугу жок ДТТКлар | | ***16*** | ***16*** | *3* | *4* | *1* | *3* | *16* | *60* | *10* | *5* | *0* | ***0*** |
| ДТ ТА | Долбоордун таасири тийген жер тилкелери боюнча | 0 | 24 | 42 | 33 | 77 | 10 | 64 | 111 | 4 | 29 | 30 | 424 |
| | Долбоордун таасири тийген дарактар жана өсүмдүктөр боюнча | 62 | 10 | 23 | 0 | 36 | 5 | 144 | 45 | 4 | 7 | 22 | 358 |
| | Долбоордун таасири тийген үйлөр/ курулуштар/ тосмолор боюнча | 0 | 11 | 9 | 3 | 13 | 49 | 115 | 23 | 5 | 4 | 4 | 232 |
| | Долбоордун таасири тийген коммерц. иш алып баруу объекттери боюнча | 0 | 0 | 3 | 0 | 0 | 9 | 14 | 6 | 0 | 0 | 0 | 32 |
| | ***Бардыгы кайталанбастан*** | ***62*** | ***35*** | ***52*** | ***36*** | ***89*** | ***69*** | ***316*** | ***141*** | ***25*** | ***29*** | ***30*** | ***884*** |
| *Менчик укугу бар ДТТАлар* | | *0* | ***0*** | ***24*** | ***42*** | ***33*** | ***77*** | ***10*** | ***64*** | ***111*** | *4* | ***29*** | *30* |
| *Менчик укугу жок ДТТАлар* | | *62* | ***62*** | ***11*** | ***10*** | ***3*** | ***12*** | ***59*** | ***251*** | ***40*** | *21* | ***0*** | *0* |
| *ДТЖК* | | *0* | *0* | *3* | *0* | *0* | *0* | *4* | *3* | *0* | *0* | *0* | *2* |
| *ДТЖА* | | *0* | *0* | *16* | *0* | *0* | *0* | *15* | *12* | *0* | *0* | *0* | *7* |
| *ДТАК* | | *0* | *0* | *0* | *1* | *1* | *0* | *0* | *12* | *0* | *0* | *1* | *0* |
| *ДТАА* | | *0* | *0* | *0* | *9* | *5* | *0* | *0* | *48* | *0* | *0* | *4* | *0* |

Булак: ДИ, СЭИ жана айыл аймактарынын бийликтери. *: бир ээсинин эки ишканасынын биринин кызматкери ДТТК катары эсептелет. Укук статусу долбоордун таасири тийген жерге же долбоордун таасири тийген курулуштун же бизнестин алдындагы жерин билдирет.

### *2.4.2. Долбоордун таасири жогору тийген кожолуктар*

38. АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордун алкагында ЖАКтын таасири жогору тийген кожолуктар реабилитациялык жардам алууга укуктуу. АӨБдун стандартына ылайык, таасири жогору болгон кожолуктарга төмөнкүлөр кирет: (i) физикалык жер которууну башынан өткөргөндөр (б.а., турак жайынан ажырагандар); жана (ii) өндүрүштүк активдердин же киреше булагынын 10% жоготкон кожолуктар.

39. Долбоор ишке ашса, 12 кожолук (50 адам) долбоордун жогору таасирине кабыл болушат, анын ичинде:

(i) Жаргылчак айылынан бир кожолук турак жайын жоготкондуктан физикалык жактан көчүрүлөт;
(ii) Жаргычак, Дархан жана Саруу айылдарынан беш кожолук бизнесин толук токтотушу керек.
(iii) Жаргылчак, Дархан жана Балтабай айылдарындагы беш кожолук өздөрүнүн айыл чарба жерлеринин 11,4-41,7%ын жоготушат. Коомдук жайыттарда мал жаюу алардын негизги киреше булагы болгонуна карабастан, алар дагы эле бул ЖАКПда жогору таасир этет деп эсептелет.
(iv) Дархан айылындагы бир кожолук 70,9% коммерциялык жеринен ажырайт.

### *2.4.3. Аялуу үй чарбалары*

40. Аялуу үй чарбалары - бул башкаларга караганда катуураак таасирге дуушар болушу мүмкүн болгон жана жашоо каражаттарын калыбына келтирүүгө же абалын жакшыртууга мүмкүнчүлүгү чектелген үй чарбалары жана алар төмөнкүлөрдү камтыйт: (i) аял башкарган жана багуусунда адамдар бар үй чарбалары; (ii) эмгекке жараксыз мүчөлөрү болгон үй чарбалары; (iii) жакырчылыктын чегинен төмөн жашагандар; (iv) жалгыз улгайган мүчөлөрү барлар же мамлекеттик социалдык жөлөкпулдарды алгандар; (v) 16 жашка чейинки 5 же андан көп баласы бар; жана (vi) этникалык азчылыктар.

41. АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордо ЖАКтын таасири тийген аялуу кожолуктар кошумча жардам алууга укуктуу. Долбоордон таасири тийген 226 кожолуктун ичинен 15 кожолук айыл аймактарынын бийликтери тарабынан аялуу деп таанылган, анын ичинде:

(i) Жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган 5 үй чарбасы, бул Ысык-Көл облусу боюнча киши башына ай сайын 5218 сомго барабар;
(ii) 1 кожолуктун башчысы аял киши;
(iii) Мамлекеттик социалдык жөлөкпул алган жалгыз улгайган мүчөлөрү бар 1 кожолук;
(iv) Кожолукта майып мүчөлөрү бар 7 үй-бүлө; жана
(v) 16 жашка чейинки 5тен ашык баласы бар 1 кожолук.

42. Аялуу кожолуктардын бири да олуттуу таасирге дуушар болгон жок. Төмөнкү таблицада бул кожолуктарга ЖАКтын тийгизген таасири деталдуу түрдө көрсөтүлгөн (i) 5 кожолук чакан жер участокторун жоготутот; (ii) 12 кожолук тосмолорду жоготот; жана (iii) 4 кожолук бак-дарактарды жоготот.

**2-таблица: Аялуу кожолуктарга таасир**

| Кожолуктар | Пикет | Аялуулуктун түрү | Таасирдин түрү |
|---|---|---|---|
| 1 | 172+540 | Аялдар жетектейт | Жыгач тосмо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | 173+200 | Мүмкүнчүлүгү чектелген мүчөсү бар | Жыгач тосмо |
| 3 | 175+400 | Майып | Жыгач тосмо |
| 4 | 175+160 | Жакырлар | Жер тилкеси, жыгач тосмо |
| 5 | 174+780 | Майып-мүчө | Жер тилкеси |
| 6 | 174+680 | Майып | Жыгач тосмо |
| 7 | 174+580 | Кары-картаңдар гана | Бак-дарактар |
| 8 | 174+180 | 16 жашка чейинки 5тен ашык баласы бар | Жыгач тосмо, бак-дарактар |
| 9 | 174+020 | Майып-мүчөлөр | Жыгач тосмо |
| 10 | 173+760 | Мүмкүнчүлүгү чектелген мүчөсү бар | Жашыл тосмо |
| 11 | 173+260 | Майып-мүчөлөр | Жыгач тосмо, бак-дарактар |
| 12 | 173+060 | Жакырлар | Жыгач тосмо, бак-дарактар |
| 13 | 149+940 | Жакырлар | Жер тилкеси, жыгач тосмо |
| 14 | 153+620 | Жакырлар | Жер тилкеси, жыгач тосмо |
| 15 | 200+040 | Жакырлар | Жер тилкеси |

Булак: ДИ

## 2.6. Долбоордун таасирине кабылган коомдук жерлер жана жер эмес активдер

43. Долбоордун таасирине кабылган коомдук жерлер жана жер эмес активдер 11-таблицада көрсөтүлгөн. Долбоордун таасири тийген коомдук жерлер жана бак-дарактар үчүн компенсация төлөнбөйт, бирок курулуш учурунда жана андан кийин реконструкцияланган жолдун боюна эки эсе көп же жок дегенде бирдей сандагы жаңы бак-дарактар отургузулат. ДИ учурунда бир дагы ДТТА тизмеленген мамлекеттик жерлерге жана жерге кирбеген активдерге менчик укугун жарыялаган эмес. Долбоордун таасири тийген коммуналдык объектилер подрядчы тарабынан калыбына келтирилет. Долбоордун таасири тийген инженердик коммуникацияларды алмаштыруу, курулуш иштеринин келишимдер пакетине киргизилет жана эмгектик чыгымдарды, материалдарды жана жабдууларды камтыган «Күндүзгү иш-чаралар» бюджетинин линиясы аркылуу жабылат.

**3-таблица: Долбоордун таасирине кабылган коомдук жерлер жана жер эмес активдер**

| № | Макала | | бирдиги өзгөртү ү | Саны |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жер, дарактар жана тосмолор | Жер * | га | 3.95 |
| 2 | | Дарактар ** | даана | 5,300 |
| 3 | | Тосмолор | м | 517 |
| 4 | Коммуналдык объектилер | 10кВ электр чубалгылары | м | 12,544 |
| 5 | | 0,4 кВ электр берүү линиясы | м | 7,007 |
| 6 | | Жарыктандыруу линиясы | м | 15,020 |
| 7 | | Айылдык трансформатордук көмөк чордону (10,0/0,4кв) | даана | 2 |
| 8 | | Байланыш аба линиясы | м | 20,127 |
| 9 | | Жер алдындагы байланыш кабельдери | м | 1,653 |
| 10 | | Ичүүчү суу түтүктөрү | м | 9,221 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1<br>1 | | Кабелдик байланыш кудуктары | даана | 29 |

Булак: ДИ, ДТТЖ алкагында ТЭО боюнча кеңешчи. *: 5 эс алуу зонасына 3,15 га жана 1 байкоо жүргүзүү аянчасы жана ТЭКтин чегинде 7 участокко 0,8 га; **: ДЭУ №3 жана №35 карамагындагы жолдогу 5217 бак, муниципалдык карамактагы муниципалдык жерлердеги 83 дарак.

## 2.7. Жерди убактылуу пайдалануу

44. Долбоордун алкагында убактылуу: (i) ар кайсы жерлерде 20 карьер иштетилет, анын ичинде 9у иштеп жаткан жана 11и жаңы; жана (ii) 6 айланып өтүүчү жол курулат[24](3-тиркемеде келтирилген). Бул карьерлер жана айланма жолдор биринчи кезекте пайдаланылбаган муниципалдык жерлерге жайгаштырылат. Карьерлерге жана андан чыгуу жолдору же учурдагы жолдор аркылуу, же пайдаланылбаган муниципалдык жерлеринде курулган жаңы жолдор аркылуу болот. Карьерлерди пайдаланууда жана айланып өтүүчү жолдорду салууда жеке менчиктеги/пайдалануудагы жерлерге таасири тийе турган учурда, ДИБ подрядчыга долбоордун таасири тийген калк менен компенсация жана/же калыбына келтирүү тууралуу макулдашууларды түзүүгө жардам берет. Курулушту көзөмөлдөө боюнча консультант, мындай учурлар боюнча, ай сайын, квартал сайын жана жарым жыл сайын коргоо чаралары боюнча мониторинг отчетторунда мониторинг жана отчеттулукту камсыз кылат.

[24]Айланып өтүүчү жолдорго болгон муктаждык подрядчы кандай курулуш методикасын колдоно турганынан көз каранды.

# 3. СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ

## 3.1. Кыргыз Республикасы

45. БАРЭКтин 10 өлкөсүнүн бири болгон Кыргыз Республикасында жети облус жана бир чоң шаар (Бишкек шаары) бар. Деңизге чыга албаган өлкө катары, Кыргызстан дагы эле жакырчылык кеңири жайылган өнүгүүсү начар өлкө болуп саналат:

(i) 2021-жылдагы адамдык өнүгүү индекси боюнча өлкө 188 өлкөнүн ичинен 118-орунда;[25]

(ii) 2021-жылга карата жан башына улуттук дүң кирешенин ($1,268) негизинде өлкө 197 өлкөнүн арасынан 168-орунда;

(iii) 2021-жылы калктын 33,3% улуттук жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган;[26] жана

(iv) Бүткүл дүйнөлүк экономикалык форумдун рейтинги боюнча атаандаштыкка жөндөмдүүлүк индекси боюнча өлкө 141 өлкөнүн ичинен 113-орунда турат.

46. Кыргыз Республикасында 80ден ашык этностун өкүлдөрү жашайт. 2022-жылга карата калктын жалпы саны 6,75 млн адамды түздү, кыргыздар - 72,6%, өзбектер - 14,4%, орустар - 6,4%, башка 80 этностук топтор - 6,6% түзөт. Кыргызстан жети облуска жана эки муниципалитетке бөлүнгөн[27]. Жети облус 44 районго бөлүнөт.

47. Жүргүнчүлөрдү ташуунун болжол менен 95%, жүк ташуунун 50%дан ашыгы автомобиль транспорту аркылуу ишке ашырылгандыктан, Кыргызстан автомобиль транспортуна абдан көз каранды. Транспорт системасынын начар абалы начар экономиканын жана кеңири жайылган жакырчылыктын негизги фактору бойдон калууда. Долбоордук жолду реабилитациялоо Ысык-Көл облусунун, ошондой эле бүтүндөй Кыргызстандын туризмин жана экономикасын өнүктүрүүгө чоң салым кошоору күтүлүүдө.

## 3.2. Ысык-Көл облусу жана долбоордун таасири тийген райондор

48. Долбоор Ысык-Көл облусунун аймагында жайгашкан, анын аянты 43100 км2 же өлкөнүн жалпы аянтынын 21,5% түзөт. 2022-жылга карата облустун калкынын жалпы саны 0,53 миллион адамды түзсө, анын 87,3% кыргыздар. Райондун экономикасында мал чарбачылыгы, дыйканчылык жана туризм басымдуулук кылат. 2022-жылы аймакта жакырчылыктын деңгээли 38,1% түздү, бул республикалык 33,3% түзгөн орточо

[25]Булак: Өлкө тууралуу маалыматтар | Адамдык өнүгүү боюнча отчеттор ( undp.org ) .

[26]Булак: Өлкөнүн профили | WDI Central (worldbank.org). Улуттук жакырчылыктын чеги айына жан башына 5183 сомду түзгөн жашоо минимумунун минималдуу деңгээли катары аныкталган.

[27]Бишкек жана Ош.

көрсөткүчтөн жогору. Калктын жан башына орточо айлык кирешеси 2022-жылы республикалык орточо деңгээлдегидей эле – 7173 сомду түздү (12-таблицаны караңыз).

49. Жолдун долбоордук бөлүгү Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз жана Ак-Суу райондору аркылуу өтөт. Ысык-Көл облусунун, Жети -Өгүз жана Ак- Суу райондорунун жалпы социалдык-экономикалык маалыматтары 12-таблицада келтирилген. Салыштыруу үчүн Кыргыз Республикасы боюнча да маалыматтар келтирилген.

50. Долбоордук жол эки райондун аймагынан өткөнүнө карабастан, ал Ак-Суу районундагы тилкеге эч кандай ЖАК боюнча таасирин тийгизбейт (км209+900 – км215+827). Жети-Өгүз районунда 8 айыл аймак кеңири, бирок интенсивдүү эмес, ЖАКтын таасирине дуушар болот.

**4-таблица: Негизги социалдык-экономикалык маалыматтар (2022)**

| | **Кыргыз Республикасы** | **Ысык-Көл облусу** | **Жети - Өгүз району** | **Ак- Суу району** |
|---|---|---|---|---|
| Калкы ( миллион ) | 6.74 | 0.53 | 0.09 | 0.07 |
| Айылдык калк (%) | 66.0 | 70.6 | 100 | 100 |
| Аялдар (%) | 50.4 | 50.17 | 50.1 | 50.14 |
| Этникалык азчылыктар (%) | 25.9 | 10.3 | 8.7 | 7.9 |
| Калктын жан башына киреше (сом/айына) | 6,649 | 7,173 | м.ж. | м.ж. |
| Аянты (км2) | 199,900 | 43,100 | 14,499 | 9,917 |
| Жан башына ИДП (сом) | 143,900 | 163,200 | м.ж. | м.ж. |
| Жакырчылыктын деңгээли (%) | 33.3 | 38.1 | м.ж. | м.ж. |
| Жакырчылыктын чеги (адамга/сом/айына) | 6,268 | 5,828 | м.ж. | м.ж. |

Булак: расмий статистика жана жергиликтүү бийлик органдары; м.ж. = маалымат жок.

## 3.3. Долбоордун таасири тийген айыл аймактары

51. 13-таблицада долбоордун таасири тийген айыл аймактары боюнча кээ бир жалпы маалыматтар келтирилген. Ар бир айыл аймагы бирден бир нече айылга чейин турат жана калкынын саны боюнча дээрлик чоң болуп эсептелинет (7318ден 17147ге чейин).

**5-таблица: Долбоордун таасири тийген айыл аймактарынын жалпы социалдык-экономикалык маалыматтары (2022-ж.)**

| **Айыл аймагы** | **Калк** (адамдар) | **Аялдар** (%) | **Этникалык азчылыктар (%)** | **Кожолуктардын кирешеси** (сом/жылына) | **Мектептер жана оорукана лар** (даана) | **Жеке менчик транспорту барлар** (кожолуктардын %) |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Барскоон | 9,458 | 48.8 | 0.1 | 200,000-300,000 | 3 | 62.0 |
| Жаргылчак | 12,856 | 50.1 | 0.2 | | 5 | 57.3 |
| Дархан | 7,318 | 51.2 | 0 | | 2 | 59.1 |
| Саруу | 8,762 | 48.8 | 0.6 | | 4 | 61.2 |
| Кызыл-Суу | 17,147 | 52.1 | 19.4 | | 6 | 64.5 |
| Ак-Дөбө | 7,947 | 48.9 | 0.7 | | 4 | 52.0 |
| Жети-Өгүз | 11,059 | 49.1 | 0.5 | | 6 | 54.5 |
| Ырдык | 8,543 | 51.0 | 30.0 | | 5 | 63.2 |

Булак: жергиликтүү айыл аймактын органдары.

52. Мал чарбачылыгы жашоонун негизги булактарынын бири болуп саналат, ал эми айыл чарба жерлери негизинен көп жылдык тоют өсүмдүктөрүн – кара беде, беде жана арпаны өстүрүүгө пайдаланылат. Жергиликтүү кожолуктардын 90%дан ашыгы 8ден 120га чейин бодо мал, жылкы жана кой багышат.

53. Долбоордун таасири тийген айыл аймактарда ар бир кожолукка тийген айыл чарба жерлеринин аянты 0,7-2,5 ганы түзөт. Долбоордук жолго жанаша жайгашкан көпчүлүк айыл чарба жерлерин сугаруу мүмкүнчүлүгү бар.

54. Ар бир айыл аймакта 9-11-класска чейин билим ала турган кеминде бирден мектеп бар; Мындан тышкары ар бир айыл жергесинде жергиликтүү тургундарга негизги медициналык кызмат көрсөткөн 1-3 эмкана бар. Долбоордун таасирине кабылган айыл аймактарында автотранспортко ээлик кылуунун деңгээли – 52,0-64,5% – жетишээрлик жогору, бирок булар негизинен колдонулган жапон автоунаалары.

## 3.4. Долбоордун таасири тийген кожолуктар

55. Бул бөлүм 226 кожолуктун ичинен алынган 50 кожолуктун социалдык-экономикалык изилдөөнүн (СЭИ) натыйжаларына негизделген. СЭИ ДДТЖнын консультанттары тарабынан 2023-жылдын май жана июнь айларында жүргүзүлгөн.

### *3.4.1. Негизги демографиялык маалыматтар*

56. Тандалган 50 үй чарбасында 219 мүчө бар, алардын 117си (52%) эркектер жана 108и (48%) аялдар. Үй-бүлөнүн орточо өлчөмү 3төн 7 адамга чейин 4,67 адамды түзөт.

### *3.4.2. Иш менен камсыз болуу*

57. 14- таблицада иш менен камсыз болуу абалы көрсөтүлгөн. Иш менен камсыз болгондордун 9,3%ы гана дыйкандар катары

классификацияланганы менен, чындыгында калган адамдар, мисалы, үй кожойкелери, пенсионерлер, мамлекеттик кызматкерлер өңдүү калктын калган бөлүгү да мал чарбачылыгы менен алектенишет, анткени бул жашоону камсыздоочу негизги булактардын бири. Чындыгында калктын басымдуу бөлүгү (эркектер да, аялдар да) мал багышат, эркектер малын жайлоо мезгилинде түштүктүн тоолорунда которуштуруп багышат.

**6-таблица: Чоңдордун иш менен камсыз болуусу**

| Иштин түрү * | Эркектер | | Аялдар | | Бардыгы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | адамдар | % | адамдар | % | адамдар | % |
| Фермер | 17 | 17.9 | 0 | 0 | 17 | 9.3 |
| Үй кожойкеси | 0 | 0.0 | 39 | 44.3 | 39 | 21.3 |
| Пенсионер | 8 | 8.4 | 8 | 9.1 | 16 | 8.7 |
| Мамлекеттик кызматкер | 8 | 8.4 | 5 | 5.7 | 13 | 7.1 |
| Жеке сектордо жумушчу | 2 | 2.1 | 2 | 2.3 | 4 | 2.2 |
| Бизнес | 5 | 5.3 | 3 | 3.4 | 8 | 4.4 |
| Башка | 30 | 31.6 | 11 | 12.5 | 41 | 22.4 |
| Толук эмес жумуш менен камсыз болгондор | 25 | 26.3 | 20 | 12.5 | 45 | 24.6 |
| Бардыгы | 95 | 100.0 | 88 | 100.0 | 183 | 100.0 |

Булак: СЕИнин ДДТЖсы.

### *3.4.3. Турак жай имараттарынын абалы*

58. Долбоордук трассанын боюндагы турак жай имараттарынын болжол менен 92,4%ы 3-4 бөлмөлүү 1-2 кабаттуу кирпичтен курулган имараттар, калган 7,6%ы топурактан салынган (саман үйлөр). [28]Кошумча имараттар склад, жайкы ашкана, уйкана, мончо катары пайдаланылат.

### *3.4.4. Турак жай жана өндүрүш активдери*

59. 15-таблицада тандалган ДТТКлардын менчигиндеги негизги өндүрүш жана турак жай актвидери көрсөтүлгөн. Таблицага ылайык, бардык ДТТКларда түстүү телевизор жана интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар уюлдук телефондор бар. Адамдардын салыштырмалуу жогорку пайызы - 80,0% жеңил автоунаага жана микроавтобусука ээ, бул Япониядан, Кореядан жана Европадан колдонулган унаалар/микроавтобустар арзан баада бар экени менен түшүндүрүүгө болот.

**7-таблица: Негизги активдер**

| Активдер | ДТТК | % |
|---|---|---|
| Түстүү телевизор | 50 | 100.0 |
| Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар уюлдук телефондор | 50 | 100.0 |
| Үйдөгү негизги ыңгайлуулуктар (даараткана, ысык суу системасы) | 37 | 74.00 |

[28]Турак жайды эсептөө – бул берилген ДДТЖнын алкагындагы вибрациялык таасирди баалоонун натыйжасы.

| | | |
|---|---|---|
| Кир жуугуч машина | 41 | 82.0 |
| Автоунаа | 34 | 68.0 |
| Трактор / комбайн | 5 | 10.2 |
| Микроавтобус | 6 | 12.0 |
| Трактор | 4 | 8.0 |
| **Бардыгы** | **50** | |

Булак: ДДТЖнын СЭИси.

60. 16- таблицада айыл чарба жерлери жана мал чарбасы көрсөтүлгөн. Ар бир чарбадагы айыл чарба жерлеринин аянты 0,7ден 4,0 гектарга чейин, орто эсеп менен 1,48 гектарды түзөт. Айыл чарба жерлери биринчи кезекте көп жылдык тоют өсүмдүктөрүн өстүрүүгө пайдаланылат.[29] Бир кожолукта орточо малдын башы 12,3 башты түзөт.

**8-таблица: Айыл чарба жерлери жана мал чарбалары**

| **Түрү** | **ДТТКлар** | **Саны** | **Орточо** |
|---|---|---|---|
| Айыл чарба жерлери | 50 (100.0%) | 74.25 га | 1.48 га |
| Жаныбарлар (ири мүйүздүү мал, жылкы жана койлор) | 47 (94.0%) | 580 | 12.3 |

Булак: ДДТЖнын СЭИси.

### *3.4.5. Билим жана сабаттуулук деңгээли*

61. Чоңдордун сабаттуулугу 100% түзөт. 17-таблицада көрсөтүлгөндөй, бардык чоңдор, жок эле дегенде, орто билимге ээ, эркектердин 21,1% жана аялдардын 23,5% жогорку билимге ээ.

**9-таблица : Чоңдордун билим деңгээли**

| **Деңгээли** | **Эркектер** | | **Аялдар** | | **Бардыгы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| Сабатсыз | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Баштапкы билим берүү | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| Орто билими барлар | 34 | 35.8 | 30 | 34.1 | 64 | 35.0 |
| Техникалык | 41 | 43.2 | 35 | 39.8 | 76 | 41.5 |
| Жогорку (университет) | 20 | 21.1 | 23 | 26.1 | 43 | 23.5 |
| Бардыгы | **95** | **100.0** | **88** | **100.0** | **183** | **100.0** |

Булак: ДДТЖнын СЭИси.

### *3.4.6. Кирешенин негизги булактары*

62. 18- таблицада тандалган ДТТКлар үчүн айлык кирешеси жана негизги же эң башкы киреше булактары тууралуу сурамжылоонун маалыматтары келтирилген. Белгиленгендей, ДТТКлардын 70,0%нын айлык кирешеси 10000-20000 сомго чейин болгондугун билдиришкен, бул Кыргызстан үчүн өтө орточо көрсөткүч. Долбоордун аймагы айыл-чарба аймагы катары

[29]Ак- Суу районунда МКБнын таасири жок жерде бир жылдык эгиндер (буудай жана башкалар) өстүрүлөт.

белгилүү, бирок, айыл чарба/ мал чарбасы сурамжыланган ДТТКлардын көпчүлүгү үчүн негизги/башкы киреше булагы болбой калган (ДТТКлардын 32%ы гана). ДТТКлардын 48,0%ынын негизги киреше булагы жумуштан алынган эмгек акы болуп саналат. Долбоордук жол айыл чарбасынан сырткарыкы тармактарды өнүктүрүүгө жана анын натыйжасында жаңы жумуш орундарын түзүүгө көмөктөшүүчү ролду ойной алат.

**10-таблица: Айлык киреше жана кирешенин негизги булактары**

| **Респонденттердин маалыматы боюнча айлык киреше** | | | **Кирешенин негизги булактары** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Киреше (ДТТК/сом) | ДТТКлар | % | Булак | ДТТКлар | % |
| <10 000 | 0 | 0 | Эмгек акы төлөө | 24 | 48.0 |
| 10 000-20 000 | 35 | 70.0 | Айылдык дыйканчылык | 16 | 32.0 |
| 20 000-30 000 | 8 | 16.0 | Бизнес | 8 | 16.0 |
| 30 000-40 000 | 4 | 8.0 | Пенсия | 2 | 4.0 |
| 40 000-50 000 | 3 | 6.0 | | | |
| >50,000 | 0 | 0 | | | |
| Бардыгы | 50 | 100.0 | | 50 | 100.0 |

Булак: ДДТЖнын СЭИси.

### 3.5. Аялдар жергиликтүү шарттарда

63. Жергиликтүү үй чарбаларынын басымдуу бөлүгүн эркектер башкарат, ал эми СЭИ камтыган бардык ДТТКларда кожолуктардын башчылары эркектер. 17-таблицадан көрүнүп тургандай, аялдардын билим деңгээли эркектердики менен бирдей. Бирок аялдар негизинен мал чарбачылыгы жана үй жумуштары сыяктуу тиричилик жумуштарында иштешет (13-таблица). Аялдар, 19-таблицадан көрүнүп тургандай, үй-бүлөлүк маселелер боюнча чечим кабыл алууда абдан активдүү. Автоунааларга/кичи автобустарга ээлик кылуунун жогорку деңгээлине карабастан, тандалган ДТТКлар арасында аял айдоочулар дээрлик жок (80,0%, 15-таблица).

**11-таблица: Аялдардын кожолуктарда чечимдерди кабыл алууга катышуусу**

| **Суроолор** | **ДТТКлар** | **%** |
|---|---|---|
| Каржылык суроолор | 48 | 96.0 |
| Балдарды билим алуусу | 50 | 100.0 |
| Балдардын ден соолугу | 50 | 100.0 |
| Мүлктү сатып алуу / сатуу | 47 | 94.0 |
| Үй-бүлөдөгү күнүмдүк иштер | 50 | 100.0 |

| | | |
|---|---|---|
| Социалдык иш-чаралар жана милдеттенмелер | 48 | 96.0 |
| Башка иштер | 45 | 90.0 |

Булак : ДДТЖнын СЭИси.

# 4. КОНСУЛЬТАЦИЯЛАР ЖАНА КАТЫШУУ

64. АӨБдун КЧСЖсына (2009-ж.) ылайык, ДТТАлар менен конструктивдүү консультациялар жүргүзүлүп, аларды ЖАКты пландоо жана ишке ашырууга катышууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү керек. Ушул эле принциптерге ылайык, ДТТАлар ЖАКты пландаштыруунун процесси жана натыйжалары, ошондой эле ЖАК боюнча иш-чараларды даярдоо жана ишке ашыруу графиктери жана жол-жоболору, анын ичинде административдик-укуктук механизмдер, төлөө процедуралары жана көчүрүү жол-жоболору жөнүндө тез жана адекваттуу маалыматка ээ болушу керек.

65. Кыргыз Республикасынын Конституциясы белгиленген тартипте мамлекеттик жана муниципалдык органдардын иши жөнүндө маалымат алуу укугун кепилдейт. [30]Мындан тышкары, ал жарандарга белгиленген тартипте мамлекеттик бюджеттен каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө маалымат алууга укук берет. «Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы маалыматтын максималдуу ачыктыгын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин кеңири маалымдалышын жана айкындуулугун талап кылат.

66. Жогорудагы талаптарга ылайык, бул ЖАКПны даярдоодо маалыматтарды ачыктоо, консультацияларды жүргүзүү жана катышууну камсыз кылуу (К&К) иш-чаралары өз убагында жүргүзүлдү. Бирок, түзүлгөн К&К планы ЖАКПны жана долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө ишке ашырылат, мындан аркы маалыматты ачыкка чыгаруу боюнча иш-чаралар К&К планына киргизилген.

## 4.1. Маалыматты ачыкка чыгаруу

67. Бул ЖАКПны даярдоонун жүрүшүндө долбоордун таасири тийген кожолуктарга төмөнкү маалыматтар берилди:

(i) Мораторийди киргизүүнүн алдын ала мөөнөтүн белгилөө боюнча айыл аймактын бийлик органдарынын буйругу. Бул буйруктар жолго жакын жайгашкан бардык айылдарга да жеткирилип, 2022-жылдын август-сентябрь айларында бийлик тарабынан тургундарга жеткирилген. Бул буйруктар долбоорду иштеп чыгуу баскычында жаңы курулуштарды жана долбоордун маршруту боюнча жерге байланыштуу иш-чараларды токтотту.

[30]Кыргыз Республикасынын Конституциясынын II главасынын 33-беренеси.

(ii) Коомдук консультациялардын биринчи раунду үчүн кайра жайгаштыруу тууралуу маалымат брошюра (КЖМБ). 2023-жылдын январында долбоордун таасири тийген төрт айыл аймакта өткөрүлгөн биринчи коомдук консультациялардын жүрүшүндө катышуучуларга КЖМБнын орус тилиндеги көчүрмөлөрү таратылган, алардын көпчүлүгү ЖАКга дуушар болушат. Бул маалымат биринчи кезекте долбоордун таасирине кабылган адамдарды ЖАКПны даярдоо процедуралары жана саясаттын талаптары менен тааныштырат.

(iii) ДИнин натыйжалары. ДИнин натыйжалары коомдук консультациялардын экинчи раундунун журушундө ДТТКларга жарыяланды.

(iv) Коомдук консультациянын экинчи раунду үчүн долбоор жана кайра жайгаштырууну пландаштыруу маалымат брошюрасы (КЖПМБ) 2023-жылдын июнь айындагы коомдук консультациялардын экинчи раундунун жүрүшүндө ар бир ДТТКларга орус тилиндеги бирден нуска таратылды. Маалымат брошюра кайра жайгаштырууну пландаштыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматтарды, жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү комиссиялары (ЖАКК), административдик-укуктук механизмдердин стандарттык матрицасы, даттанууларды кароо механизми (ДРМ), жергиликтүү байланыш пункттары ж.б. камтыган.

(v) Деталдуу дизайн жана негизги техникалык параметрлери. Бул маалыматтар биринчи жана экинчи коомдук жолугушууларда долбоорлоо институтунун директорунун орун басары тарабынан берилген PowerPoint презентациялары аркылуу долбоордун таасири тийген калкка жеткирилди.

(vi) Гендердик таасирди баалоо жана иш-аракеттер планы. Бул документтер катышуучуларга коомдук консультациялардын экинчи раундунун жүрүшүндө берилди.

(vii) Курчап турган чөйрөгө таасирди баалоо (КЧТБ) жана аны жумшартуу чаралары. Бул маалымат коомдук консультациялардын экинчи раундунда катышуучулардын назарына жеткирилди.

68. Коомчулук менен жолугушуулардын ар биринде ачыкка чыгарылган маалыматтар ошондой эле 20- таблицада жалпыланган.

69. 21-таблицада көрсөтүлгөндөй, ЖАКПнын акыркы варианты ТКМ жана АӨБ тарабынан кабыл алынып, ЖАКПнын акыркы варианты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилгенден кийин,

төмөнкү маалыматтар андан ары ДТТКлар жана жалпы коомчулук үчүн ачыкка чыгарылат:

(i) Кайра жайгаштыруу боюнча маалымат брошюра (КЖМБ). долбоордун таасирине кабылган ар бир кожолук үчүн кыргыз тилиндеги көчүрмөсү (анын ичинде административдик -укуктук инструменттер жана ДКМ жөнүндө маалыматтар камтылган); 5-тиркемеде КЖМБ келтирилген.

(ii) Ушул ЖАКП (кыргыз жана орус тилдеринде). Ал ТКМ сайтында жайгаштырылат, ал эми басылган нускалары долбоордун таасири тийген айыл аймактарга, Жети-Өгүз, Ак-Суу райондорунун жана Ысык-Көл облусунун мамлекеттик органдарына таратылат.

(iii) Ушул ЖАКП (англис тилинде): АӨБдүн веб-сайтында жалпыга жарыяланат.

### 4.2. К&К боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар

70. Бул ЖАКПны даярдоонун жүрүшүндө январь жана июнь жана июль айларында тиешелүү коомдук консультациялардын 4, 3 жана 2 раунду өткөрүлдү.[31] Расмий консультациялардан тышкары, ДИнин, баалоонун жана СЭИнин учурунда көптөгөн расмий эмес консультациялар өттү. 20-таблицада консультациялык иш-чаралардын кыскача мазмуну, анын ичинде ачыкка чыгарылган маалыматтар жана ЖАК менен байланышкан негизги маселелер, ал эми 4-тиркемеде консультациялардын жолугушууларынын протоколдору берилген.

71. Консультациялардын жүрүшүндө (4-тиркемени караңыз) ЖАК боюнча долбоордун таасирине кабылган коомчулуктардын тынчсыздануулары кеңири талкууланды жана долбоорго өзгөртүүлөр киргизилди, зарыл болгон иш-чаралар бул ЖАКПга киргизилген жана курулуш учурунда аткарылат:

(i) Калктуу пункттарда көчүрүүнүн кесепеттерин азайтуу. Жергиликтүү тургундар айылдарга 3 тилкелүү жол курууну да сунушташты. [32]1-таблицада көрсөтүлгөндөй, долбоорго бир катар өзгөртүүлөр киргизилип, жерлерди ыйгарып алуу жана калктуу конуштарда көчүрүү таасири кыйла азайтылган.

(ii) Жеке менчиктеги айыл чарба жерлерин ыйгарып алууну минималдаштыруу. Челпек айыл аймагынын жергиликтүү бийликтери Айыл аймагы бул кооптонууларды коомдук

[31]ЖАКтын таасири тийбегендигине байланыштуу коомдук консультациялардын экинчи раунду Челпек айыл аймагын камтыган жок.

[32]2023-жылдын 17-январында Дархан айыл аймагындагы коомдук угууда сунушталды айыл аймагы, ошондой эле 4-тиркемедеги протоколду караңыз.

талкуулардын жүрүшүндө көтөргөн, андан кийин долбоордук институт долбоорго түзөтүү киргизип, борбордук сызыкты болжол менен 10м ге солго жылдырган. 1-таблицада көрсөтүлгөндөй, долбоордун бул өзгөртүүсү 50дөн ашык кожолуктун айыл чарба жерлерин ыйгарып алуунун алдын алган.

(iii) Скотопрогондордун долбоору. Долбоордун таасири тийген аймактарда, өзгөчө Барскоон айылында мал чарбасы жашоо тиричиликтин негизги булагы болуп саналат. Ошондуктан, долбоордук жолдун боюндагы скотопрогондор жергиликтүү калк үчүн чоң мааниге ээ. Барскоон айылында коомдук талкууда айтылган жергиликтүү тургундардын каалоосуна ылайык, долбоорго ушундай скотопрогондор киргизилди.

(iv) Коммуналдык объектилерди көчүрүү жана алардын иштеши. Долбоорлорун ишке ашырууда жана курулуш аяктагандан кийин дагы коммуналдык кызматтардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоо үчүн долбоордун курулушу учурунда Кыргызстанда адаттагыдай эле долбоорду ишке ашырган подрячыга долбоордун таасири тийген калк, айыл аймактар жана айылдар менен жакшы байланышта болууга сунуш берилет-деп жергиликтүү калкты ишендирүү иштери жүргүзүлдү. Эгерде коммуналдык тармактарды көчүрүү талап кылынса, подрядчы аларды көчүрүү жана калыбына келтирүү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен тыгыз кызматташат. Бул маселе долбоордун жүрүшүндө жана андан кийин мониторингдин негизги объектилеринин бири болот.

## 12-таблица: Жүргүзүлгөн консультациялардын кыскача мазмуну

| Күнү | Орду | Иш-чаралар | Катышуучу агенттиктер | Катышуучулардын саны | Ачыкка чыгарылган маалымат | ЖАКка тийиштүү негизиги суроолор |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 17/01/ 2023 | Барскоон айыл аймагы | Коомдук консультациянын формалдуу/биринчи раунду | ДИБ/ ТКМ, АӨБдун консультанттары, ДИ, Жети-Өгүз жана Ак- Суу райондору, айыл аймактардын бийликтери | 47 | ● Долбоорду иштеп чыгуу<br>● Кайра жайгаштырууну пландаштыруу жана маалымат брошюрасы<br>● ЖАКтын процессин пландаштыруу<br>● ЖАКтын тармагындагы КЧСЖ жана мамлекеттик саясат | ● Скоторпрогондорду долбоорлоо<br>● Айыл чарба жерлерин ыйгарып алууну минимизациялоо<br>● Айыл чарба жерлери үчүн компенсация<br>● Курулуш учурунда жергиликтүү калк менен институтташтырылган өз ара аракеттенүү |
| | Дархан айыл аймагы | | | 25 | | ● Калктуу пунктта ЖАКты минимизациялоо (3 тилкелүү жол)<br>● Коммуналдык кызматтарды жайгаштыруу жана алардын иштеши<br>● Жергиликтүү тургундар үчүн, өзгөчө мектеп окуучулары үчүн жер алдынан өтмөктөрдү карoo |
| | Кызыл-Суу айыл аймагы | | | 58 | | ● Дарыянын жээктерин бекемдөө боюнча долбоордун жана ӨКМдин ишке ашырылып жаткан долбоорунун макулдашылган иш-аракеттери.<br>● Жер астындагы өтмөктөр<br>● Кызыл-Суу айылынан долбоордун курулуш иштерин баштоо, себеби долбоордун ТЭКи бошотулуп бүттү. |
| 18/01/ 2023 | Ак -Суу району (Челпек айыл аймагы үчүн) | | | 10 | | ● Жеке менчик айыл чарба жерлерин ыйгарып алууга жол бербөө үчүн мамлекеттик жерлерди пайдалануу |
| 08/06/ 2023 | Жаргылчак айыл аймагы | Коомдук консультациянын расмий/экинчи раунду | ДИБ/ ТКМ, АӨБдун консультанттары, жергиликтүү бийлик органдары | 38 | ● Долбоор боюнча жана кайра жайгаштырууну пландаштыруу маалымат брошюрасы (КЖПМБ) | ● Долбоордун таасири тийген жерлер жана жер эмес активдер үчүн компенсация<br>● Жол боюндагы скотопрогондор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саруу айыл аймагы | | | 30 | ● ДИнин маалыматтары<br>● Административдик-укуктук механизмдердин жалпы матрицасы | ● Долбоордун таасири тийген жерлер жана жер эмес активдер үчүн компенсация<br>● Көрүстөндөрдү айланып өтүү |
| | Ырдык айыл аймагы | | | 18 | | ● Сугат каналын долбоорго киргизүү |
| 07/07 2023 | Кызыл-Суу району | Коомдук консультациянын формалдуу/үчүнчү раунду | АӨБ, ДИБ/ТКМ, консультанттар, Кызыл-Суу районунун мамлекеттик органдары | | ● Деталдаштырылган долбоор<br>● ДИнин жалпы маалыматы<br>● Көчүрүү боюнча иш-чаралар<br>● АЧТБ жана таасирди жумшартуу иш-чаралары<br>● Гендердик баалоо жана пландаштырылган иш-чаралар | ● Компенсацияны аныктоонун принциптери (эмненин негизинде?) |
| | | | Бардыгы | 226 | | |

Булак: ДДТЖнын консультанттары.

## 4.3. К&К үчүн иш планы

72. ЖАКПны жана долбоорду ишке ашыруу учурунда катышууну камсыздоо жана кеңеш берүү боюнча иштер, ошондой эле маалыматты ачыкка чыгаруу иштери улантылат. 20-таблицада К&К иш планы көрсөтүлгөн.

**13-таблица: К&К, маалыматты ачыкка чыгаруу планы**

| № | Иш-чаралар | Максаты | Мөөнөтү | Катышуучулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Маалыматтын ачыкка чыгышы** | | | | |
| 1.1 | ТКМдын веб-сайтында ЖАКПнын акыркы версиясын жайгаштыруу | Маалыматты ачыкка чыгаруу | ТКМ жана АӨБ тарабынан ЖАКПнын акыркы варианты кабыл алынгандан кийин<br><br>ЖАКПнын акыркы варианты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилгенден кийин | | Кыргыз жана орус тилдеринде |
| 1.2 | ДТТКлар арасында КЖМБны таркатуу | Ошондой эле | | | Кыргыз жана орус тилдеринде |
| 1.3 | ЖАКПнын акыркы вариантын долбоордун таасири тийген айыл аймактарга жана райондорго, ошондой эле Ысык-Көл облусунун назарына жеткирүү | Ошондой эле | | | Кыргыз жана орус тилдеринде |
| **2** | **Кеңеш берүү жана катышууну камсыздоо** | | | | |
| 2.1 | ЖАКПны ишке ашыруунун алдында коомдук консультацияларды өткөрүү | Консультациялар, ЖАКПны ишке ашыруу үчүн мобилизациялоо | КЖМБны таркатылгандан кийин | ДТТКлар, айыл аймактар, ЖАКК, ДИБ, жергиликтүү ДКТлар, ККК | ЖАКтын таасири жогору болгон айыл аймактарда |
| 2.2 | Формалдуу же формалдуу эмес консультациялар | Долбоордун курулушу жана ага байланыштуу социалдык жана экологиялык таасирлер жөнүндө маалымдоо | ЖАКПны жана долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө | ДТТКлар, айыл аймактар, ЖАКК, ДИБ, жергиликтүү ДКТлар, ККК | Чыныгы муктаждыктарга жараша |
| 2.3 | Мониторинг | ДТТАлардын катышуусу, мониторинг | ЖАКПны жана долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө | ДТТКлар, ККК, ЖАКК, ДКТ, ж.б. | Долбоордун мукатждыгына карата фокус-топтордун жолугушуусу |
| 2.4 | Курулуш алдында консультациялар | ДТТАлар жана долбоордун бенефициарлары | Жолдун урбанизациялангa н участокторунда курулуш иштери башталганга чейин | ДТТА, ККК, ДКТ | Чаң, курулуш учурундагы ызы-чуу, жол трассасынын убактылуу өзгөрүшү ж.б. убактылуу потенциалдуу таасирлер тууралуу маалымдоо максатында фокус-топтордо |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | консультация жана талкуу жүргүзүү |
| 2.5 | Долбоорду ишке ашыруу жана курулуш учурунда башка консультациялар | ДТТАлар жана долбоордун бенефициарлары жана болуп калган учурларда арыздары бар адамдар | Курулуш учурунда | ДТТА, ККК, ДКТ | Жол кыймылынын коопсуздугу, дизайнды өзгөртүү жана башкалар боюнча зарылдыгына карата конкреттүү темалар боюнча фокус-топтордо консультация жана талкуу жүргүзүү |
| 2.6 | Долбоорду бүткөрүү учуру (долбоор аяктагандан кийин) | ДТТАлар жана долбоордун бенефициарлары жана болуп калган учурларда арыздары бар адамдар | Курулуш иштери аяктагандан кийин | ДТТА, ККК, ДКТ | Курулуш аяктагандан кийин аудит/ мониторинг жүргүзүү үчүн фокус-топтордо консультация жана талкуу жүргүзүү |

# 5. УКУКТУК БАЗА ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК УКУКТУК МЕХАНИЗМДЕРИ

73. Долбоордун алкагында жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү (ЖАК) иштеринин мыйзамдык базасы АӨБдун Коргоо чаралы тууралуу саясаты (2009) жөнүндө Жобого жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негизделген. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптар менен АӨБ саясатынын ортосунда карама-каршылыктар болгон учурда, артыкчылык акыркыга берилет.[33]

## 5.1. Улуттук мыйзамдар

74. Төмөнкү мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар курулуш иштери менен шартталган зарыл коомдук муктаждыктар үчүн жерге/кыймылсыз мүлккө менчик укугун, жеке менчикте турган жер тилкелерин мамлекеттик менчикке каттоону жөнгө салат:

(i) Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-жылдын 05 майы)
(ii) Граждандык кодекс (08-май 1996-ж., № 16; 2022-жылдын 18-январындагы редакциясына ылайык)
(iii) Жер кодекси (1999-жылдын 2-июнундагы № 45; 2022-жылдын 20-январындагы редакциясына ылайык)
(iv) «Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен байланышкан бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө» Мыйзам (1998-жылдын 22-декабрындагы №153, 2021-жылдын 25-февралындагы редакциясына ылайык)
(v) «Автомобиль жолдору жөнүндө» Мыйзам (1998-жылдын 2-июнундагы №72, 2015-жылдын 3-августундагы редакциясына ылайык)
(vi) "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2007-жылдын 4-майындагы, 2016-жылдын 27-июлундагы редакциясына ылайык)
(vii) Баалоочулар үчүн баалоо стандарттары (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги №217 Токтому, 2016-жылдын 15-ноябрындагы редакциясына ылайык)
(viii) Жети-Өгүз районунун ЖАККты түзүү жөнүндө №33 буйругу (2023-жылдын 1-февралы)
(ix) Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын ЖАККты түзүү жөнүндө № 60-т буйругу (2023-жылдын 22-февралы)
(x) Долбоордук жол өткөн айыл аймактардын мораторийдин күнүн белгилеген буйруктары

[33] Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимде жарандык мыйзамдарда каралгандан башка жоболор белгиленсе, анда эл аралык келишимдин жоболору колдонулат (2017-жылдын Граждандык кодексинин 6-беренеси).

(xi) Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин №127 Борбордук жана жергиликтүү ДКТларды түзүү жөнүндө буйругу (2023-жылдын 26-апрели)

### *5.1.1. Конституция*

75. Кыргыз Республикасынын Конституциясы негизги жана эң жогорку мыйзам болуп саналат, ага Кыргызстандын бардык башка мыйзамдары ылайык келүүгө тийиш. Конституцияга ылайык, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Эл аралык келишимди аткаруу ага кол коюу, ноталарды жана каттарды алмашуу, ратификациялоо, бекитүү, эл аралык келишимге кошулуу аркылуу же мындай эл аралык келишимдин катышуучулары макулдашкан башка жол менен ишке ашырылышы мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялаган эл аралык келишим боюнча жарандык мыйзамдарда каралгандан башка жоболор белгиленсе, анда эл аралык келишимдин жоболору колдонулат (2022-жылдын Граждандык кодексинин 6-беренеси).

76. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинде (2022-ж.) ошондой эле төмөнкүлөр каралган:

- Кыргыз Республикасы менчиктин түрлөрүнүн көп түрдүүлүгүн тааныйт жана менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрүнө бирдей укуктук коргоону кепилдейт (1-пункт).
- Менчик кол тийгис жана эч ким өз менчигинен ээнбаштык менен ажыратылышы мүмкүн эмес. Мүлк адамдын (тараптын) эркинен тышкары, соттун чечиминин негизинде гана мамлекет тарабынан ыйгарып алынышы мүмкүн (2-пункт).
- Жер жеке менчикте боло албаган жайыттарды кошпогондо, жеке, муниципалдык жана башка менчикте болушу мүмкүн (5-пункт).
- Мүлктү ыйгарып коомдук муктаждыктарга ыйгарып алуу, улуттук мыйзамдарда аныкталгандай, мындай мүлктүн наркынын, ошондой эле башка жоготуулардын ордун толтурууну адилеттүү жана алдын ала караштыруу менен гана соттун чечиминин негизинде гана жүргүзүлүшү мүмкүн. (2-пункт).

### *5.1.2. Жарандык кодекс*

77. Граждандык кодексте (2022-ж.) укугу бузулган тарап, эгерде улуттук мыйзамдардан же улуттук мыйзамдарга ылайык түзүлгөн келишимдерден (контракттардан) башкасы келип чыкпаса, келтирилген зыяндын ордун толук толтурууну талап кыла алат. Тиешелүү жоболор 14 жана 15-беренеде камтылган.

78. *14-берене. Жоготуулардын ордун толтуруу. 14-берененин 1-пунктунда орду толтурулууга* (компенсацияланууга) тийиш болгон зыяндар аныкталат:

(i) Эгерде мыйзамда же мыйзамга ылайык келишимде башкача каралбаса, укугу бузулган адам өзүнө келтирилген зыяндардын ордун толтурууну талап кыла алат.

(ii) Зыян деп төмөндөгүлөрдү түшүнүүгө болот:

a) укугу бузулган адам тарабынан бузулган укугун калыбына келтирүү үчүн тартылган же тартылууга тийиш болгон чыгымдар, ошондой эле, анын жок болгон же зыянга учураган (айкын келтирилген зыян) мүлкү;

b) эгерде укугу бузулбаса, граждандык мамилелердин кадыресе шартында ушул адам тарабынан алынбай калган кирешелер (пайда көрбөй калуу) зыян тартуу катары түшүнүлөт;

c) Эгерде укукту бузган адам ушунун натыйжасында киреше алса, укугу бузулган адам башка тарткан зыяндарды, алынбай калган пайдасы менен катар ушундай кирешелерден кем эмес өлчөмдө ордун толтурууну талап кылууга укуктуу.

79. *15-берене. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары тарабынан келтирилген зыяндардын ордун толтуруу.* Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын же бул органдардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттеринин (аракетсиздигинин), анын ичинде мамлекеттик орган, ошондой эле жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары тарабынан мыйзамдарга ылайык келбеген актыны чыгаруунун кесепетинен гражданга же юридикалык жакка келтирилген зыяндын орду, мыйзамдарда каралган учурларда мамлекет тарабынан толтурулууга тийиш.

### *5.1.3. Жер кодекси*

80. Жер кодексинин 68-беренеси (2022-жыл) жер участогун мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн ыйгарып алып коюуну аныктайт.

*81. 68-berene. Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жер участогун ыйгарып алуу (сатып алуу):*

- Мамлекеттик жана коомдук муктаждыктар үчүн жер участогун ыйгарып алуу (сатып алуу) ыйгарым укуктуу орган менен жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучунун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу макул болбогон учурда, ыйгарым укуктуу орган баш тартуу алынган учурдан тартып эки айдан кечиктирбестен жер участогун акысыз ыйгарып алуу (сатып алуу) тууралуу доо менен сотко кайрылууга укуктуу.
- Жер участогуна укукту сатып алуу баасын аныктоодо, ага жер участогуна болгон укуктун жана жер участогундагы имараттардын жана курулуш жайлардын рыноктук наркы, ошондой эле жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу үчүнчү жактын алдында милдеттенмесин мөөнөтүнөн мурда токтотууга байланыштуу тарткан чыгашасын кошкондо, жер участогуна укугунан ажырагандыгына байланыштуу ага келтирилип жаткан бардык чыгымдар киргизилет.
- Мамлекеттик же коомдук муктаждыктар үчүн жер участогун алып коюуда, жер участогунун менчик ээси же жерди пайдалануучу менен макулдашуу боюнча ага башка жер участогу пайдаланууга берилиши мүмкүн, мында жер участогуна болгон укуктун наркы сатып алуу баасына кошулуп эсептелет.

82. Жер кодекси, жер участогуна жана аны менен байланышкан курулуштарга укук, атап айтканда, эгерде жер мамлекеттик же коомдук муктаждыктар үчүн керек болсо, токтотулушу мүмкүн экендигин белгилейт. Жерге жана аны менен байланышкан имараттарга болгон укуктарды расмий түрдө токтотуу үчүн соттун чечими талап кылынат. Жер участогун ыйгарып алуу, укуктарды токтотууга кеткен чыгымдардын ордун толтургандан кийин гана жүргүзүлүшү мүмкүн (49-берене).

83. 49-беренеге ылайык, эгерде мыйзамда, жер участогуна укугун ырастаган документтерде же келишимде башкача каралбаса, жер участогунун менчик ээси жана жерди пайдалануучу төмөндөгүлөргө укуктуу:

- жер участогун максаттуу багыты боюнча пайдаланып, өз алдынча чарба жүргүзүүгө;
- архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын

талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен, белгиленген тартипте жер участогуна максаттуу багытына каршы келбеген имараттарды жана курулуш жайларды салууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда тарткан чыгымдарды төлөп берүүнү талап кылууга.

84. Акырында, Жер кодекси (78-берене) мамлекеттик жерлерди пайдалануунун режимин аныктайт. Атап айтканда, кодексте калктуу конуштардагы жалпы пайдалануудагы жерлер (мисалы, жолдор, көчөлөр, скверлер, тротуарлар, өтүүчү жолдор, парк тилкелери, бульварлар, кичи парктар, көлмөлөр ж.б.) менчикке берилбей турганы, жана өзгөчө учурларда гана берилиши мүмкүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жеке жана юридикалык жактарга беш жылга чейинки мөөнөткө ижара шарттарында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилет. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берилген жалпы пайдалануудагы жерлерге жеңил имараттарды жана курулмаларды курууга уруксат бере алат.

### *5.1.4. Автомобиль жолдору жөнүндө мыйзам*

85. «Автомобиль жолдору жөнүндө» мыйзамдын 4-беренесине ылайык (2015-ж.) жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору мамлекеттик менчикте гана болот жана аларды сатууга жана жеке менчикке өткөрүүгө болбойт. Ушул эле мыйзамда (27-берене) жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жана Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдын ала уруксатысыз жалпы пайдалануудагы автомобиль жолунун тилкесинде иштин төмөнкү түрлөрүнө тыюу салынаары белгиленген:
- жол четинде соода жүргүзүүгө;
- киоск, павильон, дагы башка ушуга окшогон башка курулмаларды жайгаштырууга.

86. Автомобиль жолдорунун жерлерин өзү билемдик менен пайдалануу, бул жерлерди мыйзамсыз пайдалануу убагында жумшалган өндүрүштүк сарптоолордун орду толтурулуп берилбестен токтотулат (23-берене).

### *5.1.5. Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен байланышкан бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзам*

87. Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен байланышкан бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзам (мындан ары - укуктарды мамлекеттик каттоо) - ушул Мыйзамда (1-беренеси) каралган учурлардан сырткары, кыймылсыз мүлккө укуктарды, аларды байлоолорду

(чектөөлөрдү), ошондой эле кыймылсыз мүлк менен болгон бүтүмдөрдү тастыктап, тааныган юридикалык акт болуп саналат.

88. Ар кандай башка документ же укук жана анын чектөөлөрү ушул Мыйзамдын 4-беренесине ылайык милдеттүү түрдө катталууга тийиш, бул документ түзүлгөн күндөн тартып отуз күндөн кечиктирбестен каттоочу органга берилиши керек (7-берене).

89. Каттоого жатпай турган, бирок мамлекет тарабынан таанылган жана корголуучу мүлктүк укуктарга (1-бөлүм, 6-берене) төмөнкүлөр кирет:

- Жалпы пайдалануу үчүн каралган байланыш линияларга, түтүк өткөөлдөрүнө (трубопроводдорго), геодезиялык локацияга жетүү (пайдалануу) укугу;
- Жубайлардын, балдардын жана башка адамадардын укуктары;
- 3-жылга чейин убактылуу пайдалануу, ижара жана көмөкчү ижара укугу;
- иш жүзүндөгү пайдалануучулардын кыймылсыз мүлктү артыкчылыктуу пайдаланууга укугу;
- Салыктык талаптардан келип чыккан укуктар;
- Саламаттыкты сактоо, коомдун коопсуздугу, айлана-чөйрөнү коргоо ж.б. багыттар боюнча жалпы эрежелер жана тыюу салуулар катары келип чыгуучу чектөөлөр.

### *5.1.6. Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө мыйзам*

90. «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамда (2016-ж.) Кыргыз Республикасынын жарандарынын даттануусу калыстык, өз убагында жана жоопкерчиликтүүлүк принциптеринде катталууга, тийиштүү түрдө каралууга жана канааттандырылууга тийиш (2 жана 4-беренелер). Мамлекеттик органда же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында катталган даттануу 30 күндөн ашпаган мөөнөттө каралууга тийиш (8-берене). Даттанууну талаптагыдай кароо үчүн ал жазуу жүзүндө берилиши керек, даттануунун маңызы баяндалып жана зарыл болгон учурда тиешелүү документтер менен ырасталууга тийиш (4 жана 5-беренелер). Келтирилген даттануу улуттук мыйзамдарга жана ченемдик укуктук актыларга ылайык каралып, так чечилүүгө тийиш (11-берене).

### *5.1.7. Активдерди баалоо жөнүндө Жоболор*

91. Активдерди баалоо Кыргыз Республикасындагы баалоочулардын жана баалоо уюмдарынын ишинин Убактылуу эрежелеринин (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 21-августундагы № 537 токтому, 2012-жылдын 3-декабрындагы № 807 токтому), ошондой эле Кыргыз Республикасындагы баалоо боюнча бардык субъектилер үчүн

милдеттүү болгон мүлктү баалоо стандарттары (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги № 217, 2016-жылдын 15-ноябрындагы № 593 токтомунун редакциясына ылайык) жана башка улуттук мыйзамдардын жоболорунун негизинде жүргүзүлөт.

### *5.1.8. Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ЖАК боюнча буйруктары*

92. Долбоордук жол айыл аймактардын аймагы аркылуу өтөт жана ТКМ ЖАКты пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча төмөнкү буйруктарды чыгарган:

- Жети-Өгүз району боюнча Жети-Өгүз районунда ЖАККты түзүү жөнүндө №33 буйругу (2023-жылдын 1-февралында чыгарылган)
- Ак-Суу району боюнча №60-т ЖАККты түзүү жөнүндө буйругу (2023-жылдын 22-февралында чыгарылган)
- Тогуз айыл аймактын 2022-жылдын 26-августунан 22-сентябрына чейин алдын ала мораторий мөөнөттөрүн белгилөө жөнүндө токтомдору.
- Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин №127 Борбордук жана жергиликтүү ДКТларды түзүү жөнүндө буйругу (2023-жылдын 26-апрели)
- ТКМдин 2023-жылдын 12-июнун мораторий киргизүү күнү катары эсептөө жөнүндө жана ТЭКтин алкагындагы жерлерди деталдык долбоорго ылайык пайдалануу тууралуу расмий кат (2023-жылдын июль айы, 1-тиркемени караңыз)

## 5.2. АӨБдүн коргоо чараларынын саясаты жөнүндө Жобо (КЧСЖ)

93. Мажбурлап көчүрүүнү талап кылган АӨБдүн бардык иш-аракеттери үчүн, көчүрүүнү пландаштыруу, долбоорду иштеп чыгуунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана долбоордук циклдин эң алгачкы этаптарында ишке ашырылууга тийиш. АӨБдүн КЧСЖсы (2009) [34]көчүрүүнү пландаштыруу жана андан кийин ишке ашыруу боюнча көрсөтмөлөрдү жана талаптарды аныктайт.

94. АӨБдүн мажбурлап көчүрүү боюнча коргоо чараларын көрүү саясатынын максаттары төмөнкүлөр болуп саналат: мүмкүн болушунча мажбурлап көчүрүүдөн качуу; долбоорлоо жана долбоорлоо альтернативаларын изилдөө аркылуу мажбурлап көчүрүүнү

[34] КЧСЖ (англис тилинде) бул шилтеме боюнча жайгашкан: https://www.adb.org/documents/safeguard-policy-statement КЧСЖ (орус тилинде): https://www.adb.org/ru/documents/safeguard-policy-statement

минималдаштыруу; бардык жер которгон адамдардын жашоо деңгээлин долбоорго чейинки деңгээлге салыштырмалуу реалдуу түрдө жакшыртуу же жок дегенде калыбына келтирүү; жана жер которгон аз камсыз болгондордун жана башка аялуу калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу.

95. АӨБдүн мажбурлап көчүрүү саясатынын үч маанилүү элементи болуп төмөнкүлөр саналат: (i) жоготууга дуушар болгон активдерди, жашоо каражаттарын жана кирешелерди калыбына келтирүү компенсация; (ii) көчүрүүгө жардам көрсөтүү, анын ичинде көчүрүлө турган жайларда тиешелүү объектилер жана кызматтар болуусун камсыз кылуу; жана (iii) реабилитациялык жардам, жок эле дегенде, долбоордун алкагында долбоор ишке ашырылбай турган шарттагыдай бакубаттуулуктун деңгээлине жеткирүү.

96. Мажбурлап көчүрүү жаатындагы саясаттын принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

(i) Мажбурлап көчүрүү менен байланышкан өткөн чактагы, азыркы учурдагы жана келечектеги таасирлерди жана тобокелдиктерди аныктоо үчүн долбоорду алдын ала текшерип чыгуу. Көчүрүүнү пландаштыруунун көлөмүн жер которгон адамдарды сурамжылоо жана/же каттоо жүргүзүү, анын ичинде гендердик талдоо, өзгөчө, көчүрүү таасирин жана тобокелдиктерди эске алуу менен аныктоо.

(ii) Жер которо тургандар, кабыл алуучу тараптар жана кызыкдар бейөкмөт уюмдар менен конструктивдүү консультацияларды өткөрүү. Бардык жер которо турган адамдарга административдик-укуктук инструменттер жана көчүрүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү. Көчүрүү программаларын пландаштырууга, ишке ашырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого алардын катышуусун камсыз кылуу. Айрыкча калктын аярлуу катмарларынын, айрыкча жакырчылыктын чегинде жашагандардын, жери жоктордун, кары-картаңдардын, аялдардын жана балдардын, жергиликтүү калктын, жерге мыйзамдуу укугу жок адамдардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл бурулуп, алардын консультацияларга катышуусу камсыз кылуу. Жер которгон адамдардын көйгөйлөрүн кабыл алуу жана чечүү үчүн даттанууларды кароо механизмин түзүү. Жер которгондордун жана аларды кабыл алган калктын социалдык жана маданий мекемелерин колдоо. Мажбурлап көчүрүүнүн кесепеттери жана тобокелдиктери өтө татаал жана сезимтал болгон учурларда компенсация жана көчүрүү боюнча чечим кабыл алынганга чейин социалдык даярдоо этабы зарыл.

(iii) Бардык жер которгон адамдардын жашоосун жакшыртуу же жок эле дегенде калыбына келтирүү үчүн: (а) долбоордун таасирине дуушар болгон жашоо каражаттары жерге байланыштуу болгон учурларда көчүрүү же жерди алмаштыруу стратегияларын колдонуу, эгерде жерди ыйгарып алдыруу жашоо каражаттарына залакасын тийгизбесе, анда калыбына келтирүү наркы боюнча акчалай компенсация төлөп берүү, (б) активдерди бирдей же жогоруураак баадагы активдерге жетүүнү камсыз кылуу үчүн тез арада алмаштыруу, (в) алмаштырууга мүмкүн болбогон активдердин толук калбына келтирүү наркы боюнча тез арада компенсациялоо жана (г) мүмкүн болсо, пайда алып келүү булактарын бөлүштүрүү схемасын колдонуу аркылуу кошумча кирешелерди жана кызматтарды камсыздоо.

(iv) Физикалык жана экономикалык жактан жер которгон адамдарга зарыл жардам көрсөтүү, анын ичинде: (a) көчүрүлө турган учурда - көчүрүлө турган жерде жер менен камсыз кылуу, кабыл алуучу коомчулуктун арасына экономикалык жана социалдык планда көчүрүлгөндөрдүн инеграциясын камсыз кылуу, жашоо шарттарын жакшыртуу, салыштырмалуу иш табууга мүмкүнчүлүгү жана өндүрүшү бар жерге көчүрүү, ошондой эле долбоордун артыкчылыктарын кабыл алуучу коомчулукка жайылтуу; (b) өткөөл учурда колдоо көрсөтүү жана өнүгүүгө жардам берүү, мисалы: жер иштетүү, кредит алуу, окутуу же жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү сыяктуу; жана (c) зарылчылыкка жараша жарандык инфраструктура жана коомдук кызматтар менен камсыздоо.

(v) Жер которгон аз камсыз болгондордун жана башка аялуу топтордун, анын ичинде аялдардын жашоо деңгээлин жок дегенде минималдуу улуттук стандарттарга чейин көтөрүү. Айыл жергесинде аларга мыйзамдуу жана жеткиликтүү жерге жана ресурстарга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, ал эми шаар жеринде тийиштүү киреше булактарына жана адекваттуу турак жайга мыйзамдуу жана жеткиликтүү баада алуу мүмкүнчүлүгүн түзүү.

(vi) Эгерде жерлерди ыйгарып алуу сүйлөшүүлөр аркылуу алына турган болсо, анда сүйлөшүүлөргө кирген адамдардын кирешеси жана жашоо каражаттары мурдагы деңгээлде сакталып же андан да жакшырышын камсыз кылуу үчүн ачык-айкын, ырааттуу жана адилет процедураларды иштеп чыгуу.

(vii) Жерге менчик укугу жок же жерге кандайдыр бир таанылган мыйзамдуу укуктары жок, жер которгон адамдарды көчүрүү учурунда аларга көчүүдө жардам жана жер менен

байланышпаган активдери үчүн компенсация алуусун камсыз кылуу.

(viii) Жер которгон адамдардын укуктарын камсыз кылуунун административдик-укуктук механизмдерин, кирешелерди калыбына келтирүү жана жашоо каражаттарын камсыздоо стратегияларын, институционалдык механизмдерди, мониторинг жана отчеттуулук системасын, бюджетти жана аткаруу графигин мөөнөттөрү менен чагылдырган көчүрүү планын даярдоо.

(ix) Өз убагында, Көчүрүү планынын долбоорун, анын ичинде консультация процессинин документтерин, долбоорду баалоонун алдында, жер которгон адамдарга жана башка кызыкдар тараптарга түшүнүктүү жерде, формада жана тилде (тилде) ачыкка чыгаруу. Көчүрүүнүн акыркы планын жана анын жаңылануууларын жер которгон адамдарга жана башка кызыкдар тараптарга ачыкка чыгаруу.

(x) Мажбурлап көчүрүүнү өнүгүү программанын же долбоордун бөлүгү катары пландоо жана ишке ашыруу. Көчүрүү боюнча толук чыгымдарды долбоордун чыгашаларынын жана пайдаларынын баяндамасына киргизүү. Мажбурлап көчүрүүнүн олуттуу таасирине ээ болгон долбоор үчүн, долбоордун мажбурлап көчүрүү компонентин өзүнчө операция катары ишке ашыруу каралышы керек.

(xi) Физикалык же экономикалык жер которгонго чейин, көчүрүү үчүн компенсация төлөө жана башка административдик-укуктук каражаттарды камсыз кылуу. Көчүрүү планынын аткарылышы, долбоорду ишке ашыруунун бүткүл мезгилинде тыкыр көзөмөлгө алынат.

(xii) Баштапкы шарттарды жана көчүрүүнүн натыйжаларын мониторинг жүргүзүүнү эске алуу менен, көчүрүү планынын максаттарына жетүү жана көчүрүлгөн адамдардын жашоо деңгээлине көчүрүүнүн таасирин мониторинг жүргүзүү жана көчүрүүнүн жыйынтыктарын баалоо. Мониторинг боюнча отчетторду ачыкка чыгаруу.

97. АӨБдүн КЧСЖсында (2009) ар кандай компенсацияга муктаж болгон долбоордон жабыркаган адамдардын (ДТТА) же жер которгон адамдардын үч категориясын аныктайт:

(i) Толугу менен же кандайдыр бир бөлүгүн жоготууга дуушар болгон жерлерге толук мыйзамдуу укуктары бар ДТТАлар;

(ii) Толугу менен же кандайдыр бир бөлүгүн жоготууга дуушар болгон жерлерге толук кандуу мыйзамдуу укуктары жок, бирок

бул жерлерге улуттук мыйзамдарга ылайык таанылган же таанылышы мүмкүн болгон дооматтары бар ДТТАлар; жана

(iii) Толугу менен же жарым-жартылай жоголгон жерге карата расмий мыйзамдуу укуктары да, таанылган/тааныла турган дооматтары да жок ДТТАлар.

98. Жогоруда көрсөтүлгөн (i) жана (ii) категориялары үчүн зайымчы тарап жоголгон жерлерди, имараттарды, жашылдандыруу жана көчүрүү боюнча жардамды толук алмаштыруу наркы боюнча компенсацияны камсыз кылышы күтүлүүдө. (iii) категорияга кирген ДТТАлар үчүн зайымчы / заказчик жерден башка бардык активдерди (мисалы, имараттар, дарактар, айдоолор, ишканалар) толук алмаштыруу наркы менен компенсациялоосу күтүлүүдө. Долбоор тарабынан ыйгарып алынуучу жерлерге мыйзамсыз кол салуу коркунучу, мораторий күнү аркылуу башкарылат.

99. Жоготууга дуушар болгон жерлердин ордун толтуруу жерди алмаштыруу (мүмкүн болгон учурда бул артыкчылыктуурак) же акчалай түрүндө берилиши мүмкүн. "Жерге жер берүү менен" компенсациялоо мүмкүн болбогон учурларда акчалай компенсация рыноктук баалар боюнча же жер базарлары жок болгон учурда башка ыкмалар (мисалы, жердин түшүмдүүлүгү же кайра өндүрүүгө кеткен чыгымдар) боюнча бааланышы мүмкүн. Колдонулган баалоо ыкмасына карабастан, компенсация "толук алмаштыруу наркы" боюнча берилүүгө тийиш, анын ичинде: (i) транзакцияга кеткен чыгымдар; (ii) чегерилген пайыздар; (iii) өткөөл жана калыбына келүү мөөнөтү боюнча чыгымдар; жана (iv) башка тиешелүү төлөмдөр, эгерде бар болсо. Бардык башка активдер үчүн компенсация келишим боюнча амортизацияны, утилизациялоону жана чыгымдарды эске алуу менен, накталай түрдө берилүүгө тийиш.

## 5.3. Айырмачылыктар жана макулдашуу

100. 22-таблицада КЧСЖ (2009) саясатынын талаптары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ченемдик актылары, АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордун практикасынын ортосундагы айырмачылыктар, жана ушул ЖАКПда каралган, аларды шайкеш келтирүү чаралары келтирилген. 22-таблицада төмөнкүлөр баса белгиленет:

(i) кээ бир айырмачылыктар бар, бирок 2011-жылдан бери АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлордо, анын ичинде автотранспорт тармагындагы долбоорлордо шайкеш келтирүү аракеттери көрүлүүдө; жана

(ii) Бул ЖАКПда айырмачылыктарды шайкеш келтирүү үчүн ар кандай чараларды көрүү каралган.

## 5.4. Укуктуулук, административдик-укуктук инструменттер жана жардам

101. (i) Долбоордун таасири тийген ар бир адамга, толук калыбына келтирүү наркы боюнча компенсация төлөнүп берилмейинче; (ii) көчүрүү планында көрсөтүлгөн башка административдик-укуктук инструменттер берилмейинче; жана (iii) долбоордун таасири тийиген адамдарга алардын кирешелерин жана жашоону камсыздоочу каражаттарды жакшыртуу же жок дегенде калыбына келтирүү үчүн, тийиштүү бюджет менен бекемделген, кирешелерди жана жашоо каражаттарын калыбына келтирүү боюнча комплекстик программа иштелип чыкмайынча, физикалык же экономикалык көчүрүүнү болтурбоо үчүн ЖАК боюнча иш-чараларды ишке ашыруу, долбоордун инвестициялык түзүмүн ишке ашырууга байланган. Долбоор ошондой эле долбоордун даярдыгынын фильтрлерине жооп берет, алар бул ЖАКПны толук ишке ашырууну жана аны тастыктаган шайкештик жөнүндө отчетту талап кылат, ал ТКМ/ДИБ тарабынан бекитилиши жана иштерди аткарууга контрактка кол коюлганган чейин АӨБ менен макулдашылышы керек – даярдалган SDDRдын негизинде, ЖАКтын таасири болбой турган 1-участокту өткөрүп берүү жана контракттын түзүлүүсүн камсыдоо үчүн участоктордун секцияларга бөлүп өткөрүп берилишине ылайык, Долбоор үчүн кабыл алынган бул шарт алынып салынды. Мындан тышкары, бул долбоор жактырылгандан кийин же параллелдүү, ТКМ дароо жер ресурстарына байланыштуу компенсациялык төлөмдөргө бюджеттик каражаттарды бөлүүнү тездетет.

### *5.4.1. Укуктуулук*

102. Компенсация алуу укугу, мораторийдин датасы менен, тактап айтканда 2022-жылдын 12-июну менен аныкталат. Бул күнү ДИ жана ДТТАларды каттоо аяктаган (1-тиркеме).

103. Ушул ЖАКПнын алкагаында ЖАК үчүн компенсация жана жардам алууга укугу бар ДИнин жүрүшүндө аныкталган кожолуктар долбоордун таасири тийген кожолуктар (ДТТК) болуп саналат, анын ичинде:

(i) Менчик укугу бар айыл чарба, турак-жай жана коммерциялык жерлерден жана аларга тийиштүү жер эмес активдерден жана аны менен байланышкан бизнестен, эгерде бар болсо, ажырап жаткан ДТТКлар. Жер эмес активдерге имараттар, курулуштар, бак-дарактар, туруктуу айдоолор ж.б. кирет.

(ii) Расмий юридикалык укугу жок же жеке менчик укугу жок, жерден тышкаркы активдерин, анын ичинде муниципалдык жерлердеги жана учурдагы долбоордук жол тилкесине тиешелүү жерде жайгашкан ишканаларды жоготкон ДТТКлар.

## 14-таблица: Айырмачылыктар жана шайкеш келтирүү чаралары

| **Чөйрө/Таасир/Маселе** | **АӨБдүн КЧСЖсы (2009)** | **АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорго карата Кыргызстандын мыйзамдары жана практикасы** | **Айырмачылыктар боюнча комментарийлер** | **Макулдашуу боюнча чаралар** |
|---|---|---|---|---|
| ЖАКты пландоо жана документациялоо | Эгерде АӨБ тарабынан каржыланган долбоор ЖАКтын таасирине алып келсе, анда ЖАКП даярдалышы керек. ЖАКП ДИнин, СЭИнин, консультациялардын, баа берүүнүн ж.б. маалыматтарга негизделиши керек. | Таасир жана баалоо боюнча тиешелүү документтер даярдалышы керек, бирок мындай документтер ЖАКПнын форматында эмес. | Айырмачылыктар бар | БУЛ ЖАКП ДИнин, СЭИнин, К&К жана көз карандысыз баа берүүнүн маалыматтарынын негизинде даярдалган жана түзүлгөн. |
| Менчик укугунун статусу жана компенсациялар | Формалдуу менчик укугу бар ДТТАлар үчүн: жоголгон жер жана жер эмес активдер үчүн толук алмаштыруу наркы боюнча компенсация. | Жерди жоготуу: ордун толтуруу наркы же алмаштыруу наркы же базар баасы боюнча компенсация. | Айырмачылыктар жок | |
| | | Имараттар: компенсация, бирок амортизация эске алынат. | Маанилүү эмес айырмачылыктар | Бул ЖАКПда толук наркынын өлчөмүндө алмаштыруу компенсация. |
| | | Бак-дарактар жана айдоолор: талап кылынат, бирок тандап колдонулат. | Маанилүү эмес айырмачылыктар | Бул ЖАКПдагы болжолдуу баалар боюнча компенсация |
| | Уктары катталышы мүмкүн болгон ДТТАлар: жоготууга дуушар болгон жер жана жер эмес мүлк үчүн толук алмаштыруу наркы же базар баасы боюнча компенсация жана АА алардын мүлкүн мыйзамдаштырууда аларга жардам бериши керек. | Менчик уктары катталышы мүмкүн болгон ДДТАлар: мыйзамдаштыруу баса белгиленбейт жана каралбайт. | Айырмачылыктар бар | Бардык ушул сыяктуу учурлар үчүн ЖАКПны ишке ашырууда жергиликтүү Мамкаттодо катталышы мүмкүн болгон мүлктүк уктарды мыйзамдаштыруу. |
| | Мыйзамдуу менчик укугу жок ДТТАлар: жоготууга дуушар болгон жер эмес мүлк үчүн компенсация | Мыйзамсыз ДТТА жер жана жер эмес активдер үчүн компенсация алууга укугу жок. | Айырмачылыктар бар | Мындай учурларда жоготууга дуушар болгон жерден башка мүлк ушул ЖАКП боюнча ордун |

| **Чөйрө/Таасир/Маселе** | **АӨБдүн КЧСЖсы (2009)** | **АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорго карата Кыргызстандын мыйзамдары жана практикасы** | **Айырмачылыктар боюнча комментарийлер** | **Макулдашуу боюнча чаралар** |
|---|---|---|---|---|
| | | | | толуктоо баасы менен компенсацияланат. |
| Бизнестен ажыроо | Иш жүзүндөгү чыгымдар жана бизнести калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдар компесацияланат. Арыз берүүдө - ишмердүүлүгү токтотулган мезгилдеги декларацияланган кирешенин негизинде. Салык декларациясы жок болгон учурда - эң жогорку салык салынбаган эмгек акынын негизинде. | Келтирилген бардык зыяндар/жоголгон мүмкүнчүлүктөр үчүн рыноктук баада акчалай компенсация. Мүмкүнчүлүктүн наркын далилдөө жүгү кабыл алынган/документтелген далилдердин негизинде ДТТАлар жүктөлөт, бирок так методологиясы жок. | Маанилүү эмес айырмачылыктар | Жоготууларды баалоо көз карандысыз баалоочу тарабынан жүргүзүлгөн;<br>Бизнестин үзгүлтүккө учурашы үчүн компенсация жана калыбына келтирүүгө жардам ЖАКПга киргизилген. |
| Маалымат берүү | Көчүрүү менен байланышкан документтер өз убагындаДТТАлардын тилинде ачыкка чыгарылышы керек. | Маалыматты ачыкка чыгаруу талабы жок. | Айырмачылыктар бар | КЖПМБ ДТТАларга таратылган. КЖМБ ЖАКПнын акыркы версиясы Министрлер Кабинети тарабынан бекитилгенден кийин таратылат.<br>ЖАКПнын кыргыз жана орус тилдериндеги акыркы версиясы долбоордун таасири тийген айылдарда жана райондук жана облустук деңгээлдеги ар кандай мамлекеттик органдарга ачыкка чыгарылат.<br>ЖАКПнын акыркы версиясы англис, орус жана кыргыз тилдердинде |

| Чөйрө/Таасир/Маселе | АӨБдүн КЧСЖсы (2009) | АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорго карата Кыргызстандын мыйзамдары жана практикасы | Айырмачылыктар боюнча комментарийлер | Макулдашуу боюнча чаралар |
|---|---|---|---|---|
| | | | | АӨБдүн, ТКМдин веб-сайттарында жарыяланат. |
| Консультация | ДТТАлар менен конструктивдүү коомдук консультациялар өткөрүлүшү керек. ДТТАлар административдик инструменттер жана алар үчүн жеткиликтүү болгон варианттар, ошондой эле көчүрүүнүн альтернативалуу варианттары жөнүндө маалымдалышы керек. | Жергиликтүү маанидеги маселелер жергиликтүү бийлик менен коомдук талкууга коюлат. Бирок ДТТАлар менен түз консультацияларды өтөрүү талабы жок. | Айырмачылыктар бар | Бул ЖАКПны даярдоо процессинде долбоордун таасири тийген айылдарда расмий коомдук консультациялар өткөрүлдү.<br>Көптөгөн формалдуу эмес консультациялар өткөрүлдү. |
| Даттануулар | Ар бир долбоор үчүн ДКМ түзүлүшү керек. ДКМ жөнүндө маалымат ДТТАларга маалымдалышы керек. | Ар бир мамлекеттик ведомство/министрлик жарандардын кайрылууларын жана даттанууларын каттоо жана кароо процессин аныкташы керек. | Маанилүү эмес айырмачылыктар | Жакшы структураланган ДКМ түзүлдү жана ЖАКПга киргизилди.<br>2023-жылдын май айында борбордук жана жергиликтүү ДКТ түзүлдү. |
| Мониторинг | ЖАКПнын аткарылышы мониторингге жатат жана мониторинг боюнча отчеттор коомчулукка жарыяланышы керек. | Кереги жок | Айырмачылыктар бар | Мониторинг ушул ЖАКПнын алкагында пландаштырылууда. |
| Активдерди ыйгарып алуу шарттары | ДТТАларга толук компенсация төлөнүп берилгенден кийин жеке мүлк ыйгарып алынышы мүмкүн. | Мүлк ДТТАларга толук компенсация төлөнүп берилгенден кийин ыйгарып алынышы мүмкүн. | Айырмачылыктар жок | АӨБ ЖАКПны ишке ашыруу боюнча отчетту бекитмейинче, ЖАКтын таасири тийген аймактарда курулуш иштерин баштоо жөнүндө подрядчыга уруксаат берүү мүмкүн эмес. |

| **Чөйрө/Таасир/Маселе** | **АӨБдүн КЧСЖсы (2009)** | **АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорго карата Кыргызстандын мыйзамдары жана практикасы** | **Айырмачылыктар боюнча комментарийлер** | **Макулдашуу боюнча чаралар** |
|---|---|---|---|---|
| Долбоордун таасирине дуушар болгон аялуу адамдарга жана долбоордун таасири жогору тийген адамдарга жардам | Бул ДТТАЛар аныкталып, долбоор башталганга чейинки деңгээлге салыштырмалуу алардын жашоо деңгээлин калыбына келтирүү/ жашоо шартынын деңгээлин жогорулатуу үчүн аларга атайын жардам көрсөтүлүшү керек. | Бул адамдарга эч кандай көңүл бурулбайт. | Айырмачылыктар бар | Жардам ЖАКПга киргизилген. |
| Компенсация үчүн негиз | Алмаштыруу наркын изилдөөнүн негизинде жерди жана имараттарды толук калыбына келтирүү наркы боюнча компенсация. Бирок, КЧСЖда андай калыбына келтирүү наркын изилдөө методологиясы такталган эмес. | Көз карандысыз баа берүүнүн негизинде компенсация | Айырмачылыктар жок | Бул ЖАКПда компенсациялар, ордун толуктоо үчүн толук наркын көз карандысыз баалоого негизделет |
| Көчүүгө мажбур болгон киреше булактарын долбоордун таасири тийген адамдарга өткөөл мезгилге жардам. | Өткөөл мезгилде төмөнкүдөй колдоо көрсөтүү: жерди өздөштүрүү, кредиттик мүмкүнчүлүктөр, окутуу же жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү ошондой эле долбоорду ишке ашыруудан тиешелуу пайдаларды алуу мумкунчулугу. | Мындай ДТТАларга эчкандай өзгөчө көңүл бурулбайт | Айырмачылыктар бар | Жардам ЖАКПга кирет жана ЖАКПны жана долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө көрсөтүлөт. |
| Жашоо үчүн каражат булактарын калыбына келтирүү | Көчүрүлгөн адамдардын жашоо үчүн каражат булактарын калыбына келтирүү стратегиясы жазылган ЖАКПны даярдоо | Эч кандай атайын чаралар каралган эмес. | Айырмачылыктар бар | Бул ЖАКПда жашоо үчүн каражат булактарын калыбына келтирүү стратегиясы иштелип чыккан. |

| **Чөйрө/Таасир/Маселе** | **АӨБдүн КЧСЖсы (2009)** | **АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорго карата Кыргызстандын мыйзамдары жана практикасы** | **Айырмачылыктар боюнча комментарийлер** | **Макулдашуу боюнча чаралар** |
|---|---|---|---|---|
| Салык салуу | Компенсацияларга эч кандай салык салынбайт. | Иш жүзүндө салык салуу аракети орун алды. | Айырмачылыктар бар | Долбоорго ЖАКтагы компенсациялар үчүн салык салынбайт |

104. Долбоорун таасири жогору болгон кожолуктар (ДТЖК) [35]ошондой эле ушул ЖАКП боюнча реабилитациялык жардам алууга укуктуу. Бул ЖАКПда ДТЖКлар төмөнкүдөй үй чарбаларын камтыйт:

(i) физикалык жер которгон кожолуктар (б.а. турак жайларды жоготкондор);
(ii) алардын ишкердик иштерин толугу менен токтокондор; жана
(iii) киреше алып келүүчү активдердин же киреше булагынын 10% же андан көп бөлүгүн жоготкондор.

105. Долбоордун таасири тийген аялуу кожолуктар (ДТАК) да бул ЖАКПнын алкагында атайын жардам алууга укуктуу.

106. ДИнин жүрүшүндө аныкталбаган, бирок бул ЖАКПны ишке ашыруунун жүрүшүндө же долбоордук курулуштун жүрүшүндө ЖАКК же ДКТ тарабынан таанылган ДТТАлар да ЖАКП боюнча компенсация жана жардам алууга укуктуу.

### *5.4.2. Компенсациянын административдик укуктук каражаттары*

107. Долбоордун ЖАКтын таасирине байланыштуу жерди, жер эмес активдерди жоготкон жана алар менен байланышкан тыныгууларга дуушар болгон ДТТКлар үчүн компенсациялоо үчүн административдик укуктук каражаттардын жоболору төмөндө келтирилген:

(i) Жерге укукту жоготуу: менчик ээлерине ордун толуктоо баасынын наркына туура келген акчалай компенсация. Кыргыз Республикасындагы жалпы практикага ылайык, ыйгарып алынган жердин ордун толтуруу наркы, бүтүмгө кеткен чыгымдарды, анын ичинде бүтүм боюнча барды салыктарды жана төлөмдөрдү жана башка тиешелүү төлөмдөрдү кошо алганда, сатып алуудагы жергиликтүү рыноктук нарк катары бааланат. Бүтүмгө кеткен чыгымдар төмөнкүлөрдү камтыйт: (a) менчик ээсинин укуктарын каттоо, (b) техникалык паспорт, (c) укук белгилөөчү документ жана (d) ыйгарып алуу үчүн укук белгилөөчү документ.

(ii) Турак жай имаратын, турак жай эмес имараттарды жана курулмаларды (капиталдык же негизги каражаттарды) жоготуу: Каттоо статусуна карабастан, амортизация, утилизация жана транзакциялык чыгымдар, анын ичинде ар кандай салыктар жана жыйымдар, үчүн эч кандай чегерүүсүз толук алмаштыруу наркы боюнча ээлерине акчалай компенсация. Турак жайынан ажырай турган кожолукка, дагы, башка жакка көчүү үчүн жөлөк пул берилет.

---

[35]ДТТАлардын арасынан аялуу кожолуктар айыл аймактар тарабынан аныкталган.

(iii) Түшүмдүү/мөмө берүүчү дарактарды жоготуу: а) алмаштырыла турган дарактардын ордуна бериле турган дарактардын мурдагыларга салыштырмалуу түшүмдүүлүгүнө жетүү үчүн зарыл болгон жылдар үчүн ошол дарактардын жылдык таза түшүмүнүн негизинде түшүмдүү дарактардын ээлерине компенсация; б) ар бир жоготууга дуушар болгон дарак үчүн акчалай эквиваленттүү баадагы көчөттөрдү менчик ээлерине кошумча берүү; в) бүтүм боюнча бардык чыгымдар, анын ичинде салыктар жана жыйымдар жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр.

(iv) Өндүрүмсүз бак-дарактарды/бадалдарды жоготуу: ээлерине калтырылган жыгачтын наркын алып салбастан, жыгачтын көлөмүнө жана жергиликтүү рыноктук баага жараша ээлерине акчалай компенсация жана бүтүм боюнча бардык чыгымдар, анын ичинде салыктар жана жыйымдар жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр.

(v) Айдоолорду жоготуу: айыл чарба өсүмдүктөрүнүн ээлерине (б.а. жерди жерпайдалануучуларга) жерди пайдалануу укугун белгилөөчү документтерге карабастан тигил же бул аймактагы бир жыл ичиндеги орточо түшүмүнүн өлчөмүндө акчалай компенсация жана бүтүм боюнча бардык чыгымдарды алып салбастан, анын ичинде салыктар жана жыйымдар жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр. Бул ЖАКП үчүн бардык айыл чарба өсүмдүктөрү (көп жылдык тоют өсүмдүктөрү) беде катары эсептелет, анткени ал, баалоо учурунда эң жогорку рыноктук баага ээ.

(vi) Жеке ишкерлик иш аракеттердин убактылу үзгүлтүккө учурашы: бизнестин үзгүлтүккө учурашы жана калыбына келтирилгендиги үчүн үч айлык текшерилген же болжолдуу таза кирешенин өлчөмүндө ээлерине компенсация жана бүтүм боюнча бардык чыгымдарды алып салбастан, анын ичинде салыктар жана жыйымдар жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр.

(vii) Жеке ишкерлик иш аракеттердин толугу менен токтошу: Кожоюндарына 6 ай ичинде текшерилген/болжолдуу таза киреше үчүн компенсация жана көчүүгө кеткен жөлөкпулу менен кошо жана бүтүм боюнча бардык чыгымдарды алып салбастан, анын ичинде салыктар жана жыйымдар жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр.

(viii) Көчүрүлүүчү курулуштарды көчүрүү: ээлерине курулаштардын наркын түзгөн компенсация төлөнбөйт, бирок көчүрүү үчүн жөлөк пул берилет. Долбоордун таасирине кабылган активдерге зыян келтирбөө үчүн ЖАКК жана ДИБ жергиликтүү байланыш

адамдын катышуусунда, долбоордун таасирине кабылган курулуштарды көчүрүү боюнча менчик ээлерине жардам беришет. Көчүрүү учурунда курулуштар бузулган учурда компенсация амортизацияны жана салыктарды алып салбастан рыноктук баада толук алмаштыруу наркы боюнча жүргүзүлөт жана бүтүм боюнча бардык чыгымдарды алып салбастан, анын ичинде салыктар жана жыйымдар жана эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр дагы камтылат.

108. Бардык компенсациялар көз карандысыз баа берүүнүн жыйынтыгына негизделет, ал эми баалоо өзү ЖАКтын принциптерине жана жогоруда аталган административдик-укуктук каражаттар менен жүргүзүлгөн. АӨБун Коргоо саясатынын чаралары боюнча Жобонун билдирүүсүнө ылайык толук алмаштыруу наркынын аныктамасы колдонулган. Негизги элементтерге төмөнкүлөр кирет: (i) адилеттүү рыноктук нарк; (ii) транзакция боюнча чыгымдар, анын ичинде салыктар же алымдар, эгерде бар болсо; (iii) чегерилген пайыздар; (iv) өтүү жана калыбына келтирүү боюнча чыгымдар; (iv) имараттар, курулмалар жана активдер үчүн амортизациясыз; (v) эгерде бар болсо, башка тиешелүү төлөмдөр. Толук алмаштыруу наркы боюнча компенсация долбоордон жабыр тарткан кожолуктарга өздөрүнүн жашоо каражаттарын долбоорго чейинки деңгээлге чейин жакшыртууга же жок дегенде калыбына келтирүүгө мүмкүндүк бериши керек. Баалоонун кыскача отчету 11-тиркемеде келтирилген. Баалоонун жыйынтыктоочу отчету (орус тилинде) ДИБде жеткиликтүү.

109. Долбоордун таасири тийген коммуналдык чарбалардын объектилерин калыбына келтирүү (11-таблица) курулуш иштеринин келишими боюнча подрядчы тарабынан ишке ашырылат. Коммуналдык объектилерди калыбына келтирүү боюнча чыгымдар бюджеттин «Күндүзгү жумуштар» беренесинин эсебинен жабылат, ага эмгекке, материалдарга жана жабдууларга кеткен чыгымдар кирет.

### *5.4.3. Жардамдын түрлөрү*

110. Бул ЖАКПнын алкагында көрсөтүлүүчү атайын жардамдын түрлөрү төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) ДТАКтарга атайын жардам: аларга Кыргыз Республикасындагы минималдуу айлык акынын (сом менен) алты эселенген өлчөмүндө бир жолку аялуу жөлөкпул төлөнөт.

(ii) ДТЖКларга жардам: а) айыл чарба жерлеринин 10%дан ашыгын жоготкондо бир кошумча түшүмгө барабар калыбына келтирүү үчүн жөлөкпул; жана б) Кыргыз Республикасындагы минималдуу айлык акынын 6 эселенген өлчөмүнө (2023-ж. 2377

сом) барабар болгон жогору таасирдин башка түрлөрү үчүн бир жолку реабилитация үчүн жөлөкпул.

## 5.5 Административдик-укуктук инструменттердин матрицасы

111. 23-таблицада жол куруу долбоорлору үчүн ЖАКтын бардык потенциалдуу таасирин камтыган, ТКМ тарабынан бекитилген стандарттык матрицага ылайык түзүлгөн административдик-укуктук инструменттердин матрицасы келтирилген (5-тиркемени караңыз),

**15-таблица: Административдик-укуктук инструменттердин матрицасы**

| Жоготуунун түрү | Колдонулушу | ДТТК | **Компенсациянын административдик-укуктук инструменттери** (Эскертүү: бардык компенсациялар көз карандысыз баалоого негизделген жана аларга эч кандай салык салынбайт) |
|---|---|---|---|
| 1. Айыл чарба жерлерин жоготуу | 18601,1м2 айыл чарба жерлер | 18 кожолуктун ээлери | Рыноктук нарк боюнча компенсация, анын ичинде транзакцияга кеткен чыгымдар жана башка тиешелүү жыйымдар, эгерде бар болсо. |
| 2. Айыл чарба эмес жерлерди жоготуу | Турак жай куруу үчүн 11142,1м2 жер | 79 кожолуктун ээлери | |
| | 4153,6 м2 коммерциялык жер | 11 кожолуктун ээлери | |
| | Муниципалдык жерлерди жана долбоордук жолдун тилкесин пайдаланган менчик укугу жок ДТТКлар | 118 кожолуктун ээлери | Имараттарды, ишканаларды, бак-дарактарды жана айдоолорун жоготуу үчүн гана компенсация төлөнөт, жерди жоготуунун орду толтурулбайт. |
| 3. Турак жай имараттары | 302,4 м2 турак үй менчик ээлик укугу менен | 1 кожолуктун ээси | Жаңы жерге көчүү үчүн толук калыбына келтирүү наркы менен эскиришин жана утилизацияны эске албай компенсация төлөнөт+бүтүмгө кеткен чыгымдар: көчүрүлүп жаткан үйдү жана анын жер тилкесин каттоого кеткен чыгымдар төлөнөт. Ошондой эле 10000 сом өлчөмүндө бир жолку көчүп кетүү үчүн жөлөкпул берилет. |
| 4. Турак жай эмес имараттар/ курулмалар/ мүлк/ көрктөндүрүү объектилери | 2564,6 м2 - турак-жай эмес имараттар | 40 кожолуктун ээлери | Амортизацияны, бүтүмгө кеткен чыгымдарды жана утилизацияны эсепке албаганда толук калыбына келтирүү наркынын өлчөмүндө компенсация. |
| | 5108,0 м ар кандай түрдөгү тосмолор | 137 кожолуктун ээлери | Амортизациянын жана утилизациянын баасын кошуп эсептебестен толук алмаштыруу наркынын өлчөмүндө компенсация. |

| **Жоготуунун түрү** | **Колдонулушу** | **ДТТК** | **Компенсациянын административдик-укуктук инструменттери** (Эскертүү: бардык компенсациялар көз карандысыз баалоого негизделген жана аларга эч кандай салык салынбайт) |
|---|---|---|---|
| | 24 бирдик башка жер эмес мүлк (дарбазалар, септиктер, пайдубалдар, төшөлгөн асфальт ж.б.) | 23 кожолуктун ээлери | Амортизациянын жана утилизациянын баасын кошуп эсептебестен толук алмаштыруу наркынын өлчөмүндө компенсация. |
| 5. Коомдук активдерди жоготуу | 517 м дубалдар ж.б. [36] | | Курулуш иштерин жүргүзүүгө келишим боюнча бюджеттин «Күндүзгү жумуштар» беренесинин чыгымдары менен подрядчы тарабынан калыбына келтирилет. |
| 6. Жашыл жерлерди жана айдоолорду (дарактар жана айдоолорду) жоготуу | 393 жемиш дарактары | 77 кожолуктун ээлери | Эквиваленттүү түшүмгө жетишүү үчүн зарыл болгон бактарды алмаштыруу үчүн бир нече жылдар бою бул дарактардан жылдык түшүмүнүн наркынын негизинде мөмөлүү дарактарды жана бадалдарды жоготуу үчүн компенсация + көчөттөрдүн наркы. |
| | 30 мөмөсүз дарак/бадал жана 223 м жашыл тосмо | 6 кожолуктун ээлери | Мөмө-жемиш эмес дарактардын/бадалдардын жоготуу үчүн рыноктук баада компенсация + көчөттөрдүн наркы. |
| | 9607,9 м2 көп жылдык өсүмдүктөр | 9 кожолуктун ээлери | Бир жылдык беде түшүмүнүн наркына жараша компенсация . |
| 7. Бизнес объектилерге таасир | Бизнестин такай токтотулушу | 5 кожолуктун ээлери | 6 ай үчүн тастыкталган/бааланган таза кирешенин компенсациясы жана ар бир үй-бүлөгө 10 000 сом өлчөмүндө бир жолку транспорттук жөлөкпул. |
| | Көчмө конструкцияларда иштеген бизнестин убактылуу токтотулушу | 3 кожолуктун ээлери | 3 айга тастыкталган/эсептелген таза кирешенин компенсациясы жана көчмө контейнерлерин жылдырганы үчүн эки ээсинин ар бирине 10 000 сомдон бир жолку көчүү үчүн жөлөкпул. |
| | Эмгек акы кирешесин жоготуу | 1 кызматкер | Эмгек акы жоготууга дуушар болгонун тастыкталган 3 айлык эмгек акысы үчүн компенсация. |
| 8. Жогорку таасир үчүн төлөмдөр | 10% же андан көп айыл чарба жерлерин жоготуу | 5 кожолуктун ээлери | Беде катары сом/м2 эсептелген бир жылдык кошумча түшүм үчүн компенсация. |
| | 10% же андан көп коммерциялык жерди жоготуу | 1 кожолуктун ээси | Ар бир кожолукка Кыргыз Республикасында эң аз айлык акынын (2023-жылы - 2377 сом) алты айга эселенген өлчөмүндө жөлөкпул. |
| | Турак жайдын физикалык жоготуусу/ жылышы | 1 кожолуктун ээси | |

[36] Толук маалымат 10-таблицада келтирилген

| **Жоготуунун түрү** | **Колдонулушу** | **ДТТК** | **Компенсациянын административдик-укуктук инструменттери** (Эскертүү: бардык компенсациялар көз карандысыз баалоого негизделген жана аларга эч кандай салык салынбайт) |
|---|---|---|---|
| | | кожолуктун ээлери | |
| | Бизнести уламдан улам токтотуунун натыйжасында кирешеден айрылуу | 5 кожолуктун ээлери | |
| 10. Аялуу адамдарга төлөмдөр | жакырчылыктын чегинен төмөн [37]/жетекчиси аялдар/карылар же мамлекеттик социалдык жөлөкпулдарды алган ДТТАлар. | 15 кожолуктун ээлери | |
| 11. ЖАКтын күтүлбөгөн таасирлери, анын ичинде подрядчынын аракеттеринен улам болгон таасирлер, эгерде бар болсо | ЖАКК же ДКТ жеке негизде чечим кабыл алат. Күтүлбөгөн таасир болгон учурда, ТИП, ЖАКПны жаңылоо же ЖАКПга толуктоо киргизүү | Бардык ДТТКлар | Компенсациялар жана жардам жогорудагы жоболордун негзиниде АӨБдүн КЧСЖсыне (2009) жана Кыргыз Республикасынын учурда колдонуудагы мыйзамдарына ылайык берилет. |

[37]Ысык-Көл облусунда бул калктын ар бир айлык кирешеси 5828 сомдон төмөн.

# 6. КӨЧҮРҮҮ МЕХАНИЗМДЕРИ

112. Жалпысынан алганда, жеке үй чарбаларына ЖАКтын таасири өтө чектелүү болот, 226 ДТТКлардын 12сине гана жогору таасир этет. Бул бөлүмдө ДТЖКге басым жасоо менен көчүрүү жана реабилитациялоо иш-чаралары баяндалат.

### 6.1. Физикалык жер которгон кожолук

113. Жаргылчак айыл аймагындагы 5 адамдан турган үй, курч бурулушка жол бербөө үчүн кыска участокту реструктуризациялоонун натыйжасында физикалык көчүрүлөт. Бул кожолук коомдук жерге мыйзамсыз курулган 302,4 м2 аянтты ээлеген жыгач үйүн жоготот. 4-сүрөттө түзөтүлүп жаткан тилке жана долбоордун таасири тийген үй көрсөтүлгөн.

114. Аталган кожолук, ордуна ошол эле айыл аймагынан ушундай сапаттагы үй сатып алууну пландаштырууда. Алмаша турган үй (4-сүрөттө да көрсөтүлгөн), болжол менен 1000 м2 жер участогу менен бирге жабыркаган үйдөн 700 м. алыстыкта жайгашкан. 2023-жылдын июль айындагы баалоо учурунда бул үй-бүлөгө компенсация, жаңы үйдүн баасын жабууга жетиштүү болгон.

115. Долбоордун таасирине кабылган үйдү толук алмаштыруу наркы боюнча компенсациялоодон тышкары, каралып жаткан ДТТКга долбоор төмөнкүлөрдү да берет: (i) 2377 сомду түзгөн минималдуу айлык акынын 6 айына барабар өткөөл жөлөкпул; (ii) транспорттук кызмат көрсөтүүлөр үчүн 10 000 сом өлчөмүндө бир жолку жөлөкпул; жана (iii) алмашуучу үй менен жер боюнча бүтүмдүн чыгымдары.

4-сүрөт: Физикалык жер которгон кожолуктарды көчүрүү

### 6.2. Дүкөндөрү бар аялдамалардын жабылышынын натыйжасында таасирге дуушар болгон кожолуктар

116. Долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында 5 кожолук жолдун чегиндеги аялдамалардагы иштеп жаткан 5 дүкөндүн жабылышынан улам ишкерлик иштерин токтотот. Жер тилкелери жана аялдамалар мамлекеттик менчик болуп саналат, ал Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин №35 Жол тейлөө мекемесинин (ДЭУ) карамагында турат.

**24-таблица: Аялдамалардагы дүкөндөрдүн жабылышы**

| Жок. | Жайгашкан жер | Айыл | Эскертүү |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | km169+600, сол | Дархан | No35 ДЭУ менен түзүлгөн ижара келишимдеринин мөөнөтү 3 жылдан ашык мөөнөттө аяктаган. |
| 2 | km169+760, оң | Дархан | |
| 3 | km173+100, сол | Саруу | |
| 4 | km173+720, оң | Саруу | |
| 5 | km174+680, сол | Саруу | |

Булак: ДИ

117. Бул 5 ДТТКлар үчүн долбоор аларга 6 айдагы таза кирешенин тастыкталган/бааланган жоготууларын компенсациялайт – бул, кирешенин альтернативдүү булактарын түзүү үчүн жетиштүү мөөнөт. Операторлор кирешелерди калыбына келтирүү үчүн, өздөрүнүн альтернативалуу чараларды издей тургандыктарына макул болушту. Мындан тышкары, ар бир ДТТКга төмөнкүлөр берилет: (i) 2377 сом өлчөмүндөгү эң аз айлык акынын 6 айына барабар өткөөл жөлөкпул; жана (ii) калган товарларды жана текчелерди, эгерде бар болсо, ташуу үчүн 10 000 сом өлчөмүндө бир жолку жөлөкпул.

### 6.3. Айдоо жерлеринин 10%дан ашыгын жоготкон үй чарбалары

118. Айыл чарба жерлеринин 11,4-41,7%ын жоготкон 5 ДТТКга жана 70,9% коммерциялык жерлерин жоготкон 1 ДТТКга жоготуугa дуушар болгон жерлер үчүн, жылдык беде түшүмүнө барабар, калыбына келтирүүчү компенсациялар кошумча берилет. Мындан тышкары ар бир ДТТКга 2377 сомду түзгөн эң аз айлык акынын 6 айына барабар реабилитациялык жөлөкпул берилет.

### 6.4. Долбоордун убактылуу таасирине дуушар болгон ишкердүүлүк менен иш алып барган объекттер

119. Долбоор 4 коммерциялык объекттке убактылуу таасирин тийгизет, анын ичинде: (i) жолдогу көчмө конструкцияларда (контейнерлерде) иштеген 2 коммерциялык объект; жана (ii) жолдун четиндеги чатырдын астында бир жерде иштеген бир эле менчик ээсине таандык 2 ишкана. ДТТКлар объекттерин бир нече метр артка жылдыруу же кайра куруу менен ишин улантат. Коммерциялык иш алып барган объекттерди көчүрүү бир нече күндүн ичинде ишке ашырылат, анын ичинде зарыл болгон учурда жаңы аянтчалар даярдалат. ДТТКлар текшерилген/болжолдуу таза кирешенин 3 ай үчүн компенсация алышат.

120. Көчмө контейнерлерде иштеген эки жеке ишкерлик менен ишмердүүлүк кылган объекттерге бир жолку ташуу/көчүрүүгө жөлөкпул ар бир ДТТКга 10 000 сом өлчөмүндө курулмаларды жылдыруу үчүн берилет. ЖАКК жана ДИБ ДТТКларга контейнерлерин жылдырууга жардам көрсөтүшөт. Көчүрүү учурунда конструкция бузулса, алмаштырууга кеткен

чыгымдын орду толтурулат. [38]Эки (бир эле менчик ээси) ишкананын бузулган бастырмаларын (навес) алмаштырууга кеткен чыгымдардын орду толтурулат.

## 6.5. Коммуналдык чарба объектилерди калыбына келтирүү

121. Долбоордун алкагында долбоордун таасири тийген коммуналдык объектилерди реабилитациялоо/калыбына келтирүү, подряддык уюмду жана коммуналдык чарбаны башкаруу органдарын тартуу менен ишке ашырылат (11-таблицаны караңыз). Коомдук объекттерди реабилитациялоо/калыбына келтирүү боюнча чыгымдар подрядчынын курулуш иштерине бюджеттин «Күндүзгү жумуштар» беренесинин эсебинен жабылат. Бюджеттин «Күндүзгү жумуш» беренесинде эмгек акыга, материалдарга жана жабдууларга каражат каралган. Водопровод, электр чубалгыларын ж.б. у.с. коммуникациялардын жайгашуусун так аныктоо үчүн реабилитациялоо/калыбына келтирүү иштерин баштоодон мурун подрядчы уюм, жергиликтүү бийликтер, ДЭУ жана коммуналдык чарбанын башка башкаруу органдары менен кеңешет.

## 6.6. Долбоордун таасирине кабылган жер жана жер эмес активдер менен бүтүмдөр

122. ДТТАлардын мүлктүк укуктарын камсыз кылуу үчүн, ошондой эле, жерди жана жерге кирбеген активдерди мыйзамдуу каттоону жеңилдетүү үчүн, долбоордун алкагында бүт транзакциялык чыгымдар жабылат. Жети-Өгүздө долбоор боюнча дыкат изилдөөнү жүргүзүгөн жергиликтүү Мамкаттоо, бүтүмдөрдү жүргүзүү боюнча расмий орган болуп саналат.

## 6.7. Убактылуу жана күтүлбөгөн таасирлер

123. Иштеп жаткан долбоорго ылайык, курулуш учурунда карьерлерди иштетүү жана жетүүчү жолдор менен байланышкан убактылуу таасирлер мамлекеттик жерлерге гана таасирин тийгизет. Бирок, жеке менчик/пайдалануудагы жерлерге бул карьерлерди пайдалануунун таасири тийген учурда, ДИБ жана курулушту көзөмөлдөө боюнча консультант (ККК) ДТТАлар менен ижара келишимдерин түзүүдө подрядчыга жардам берет жана кеңеш берет, ал эми ДТТАлар жергиликтүү рыноктук ижара акысы боюнча төлөм (б.а. алмаштыруу наркын) алат.

124. Бирок, долбоордун курулушу учурунда ЖАКтын тийгизген таасиринен күтүлбөгөн таасирлер, АЧТБда сунушталган жумшартуу чараларын ишке ашырууга карабастан, пайда болушу мүмкүн. ЖАКтын кээ бир күтүлбөгөн таасирлери, эгерде андайлар бар болсо, ЖАКК же ДКТ

[38] Бюджетте 3 контейнерди кайра орното турган бир ишкана үчүн алмаштыруу чыгымдары камтылган.

тарабынан аныкталат/таанылат. Күтүлбөгөн таасирлерге дуушар болгон адамдар административдик укуктук инструменттердин матрицасында көрсөтүлгөндөй компенсацияга жана жардамга укуктуу (23- таблица).

125. Долбоордун айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоонун (АЧТБнын) жыйынтыктары ызы-чуу, титирөө, абанын сапаты жана башка калктуу пункттардагы изилдөөлөр, долбоор (i) ЖАКка ызы-чуунун таасири күтүлбөсүн; (ii) ЖАКка абанын сапатынын таасири күтүлбөсүн; (iii) ЖАКка структуралык жаракат келтирүү күтүлбөсүн же ЖАКка титирөөнүн таасири күтүлбөсүн тастыктады.

126. АЧТБда курулуш иштери имараттарга жана курулуштарга кандайдыр бир косметикалык зыян алып келиши мүмкүн экени белгиленип жана бул таасирлерди жоюу боюнча чаралар каралган. Косметикалык зыян деп конструкцияга же анын иштешине (б.а. ЖАКтын таасирисиз) таасирин тийгизбеген зыянды билдирет, ал эми структуралык жаракат келтирүү - үйлөрдүн негизги бүтүндүгүнө доо кетирген же зыян келтирген жана бузулган үйлөрдү көчүрүү же калыбына келтирүүнү талап кылат (б.а., ЖАКтын таасири тийет). Долбоордук жолдун асфальтталган четинен 25 м аралыкта аныкталган титирөө коридору болжол менен 650 турак-жай жана турак жай эмес имараттарды, анын ичинде 110 топурактан курулган (сокмо менен) жайларды камтыйт. Долбоор подряддык уюмга курулуш ыкмалары боюнча көрсөтмө бере албастыгын эске алганда, кээ бир топурактан курулган турак-жай имараттары, өзгөчө эски имараттар, курулуш иштери учурунда жердин титирөөсүнөн структуралык бузулуу (б.а., ЖАКтын таасиринен) коркунучунда. Ошондуктан, курулуш учурундагы титирөөдөн келип чыгышы мүмкүн болгон коркунучтардын потенциалдуу таасирин алдын алууга жана/же жоюуга багытталган иш-чараларды пландаштыруу зарыл. Курулуш иштерин баштоонун алдында подряддык уюм жолдун трассасынан 25 м радиуста бардык имараттардын негизги абалын/структурасын изилдөөнү жүргүзөт. Сурамжылоо ДИБдин, ККнын жана мүлк ээсинин катышуусунда жүргүзүлүүгө тийиш. Имараттын абалын изилдөөнүн натыйжалары төмөнкүлөрдү камтыган отчетко киргизилет (i) ээси, дареги жана жайгашкан жери; (ii) имараттын абалы жана учурдагы косметикалык жана/же конструкциялык бузулуулар; (iii) жайгашкан ордун жана бузулуунун көлөмүн көрсөткөн эскиздер жана фотосүрөттөр, жана (iv) текшерилген имараттардын жогорку сапатта тартылган видеоматериалдары. Бардык косметикалык бузулууларды подряддык уюм ондойт.

127. Долбоордун алкагында ККнын курамында титирөө боюнча улуттук адис тартылат. Титирөө боюнча адис/ККК (i) АБРге бекитүүгө берилген алгачкы абалды изилдөөнүн жыйнытыктарын жана подряддык уюмдун структуралык баалоосу тууралуу отчетту карап чыгат; (ii) курулуштун методологиясын жактырат (iii) титирөөнүн реалдуу таасирине мониторинг

жүргүзөт; (iv) зарыл болгон учурда подряддык уюмга титирөөнү азайтуу боюнча кошумча чараларды ишке ашыруу боюнча кеңеш берет; жана (v) эгерде курулуштарга зыян келтирбей коюу мүмкүн эмес болсо, долбоордун таасири тийген адамдарды көчүрүү боюнча ДИБге кеңеш берет.

128. Долбоорду ишке ашырууда аны өзгөртүү менен байланышкан күтүлбөгөн таасирлер келип чыккан учурда, титирөө таасиринин натыйжасында курулмалардын бузулушу же кошумча жерлерди алуу жана көчүрүү зарыл болгон башка себептерден улам Жаңыртылган ЖАКП же Кошумчаланган ЖАКП же ТИП даярдалат. ДИни жүргүзүү жана Жаңыртылган ЖАКПнын же Кошумчаланган ЖАКПнын наркын баалоо үчүн техникалык тапшырма (ТТ) тиешелүүлүгүнө жараша 6-тиркемеде жана 7-тиркемеде берилген. Жаңыртылган ЖАКП же Кошумчаланган ЖАКП АӨБдун уруксаатын алгандан кийин ишке ашырылат.

### 6.8. Түзөтүү иш аракеттеринин планы, жаңыртылган ЖАКП же толукталган ЖАКП

129. Күтүүсүз таасир зонасында иш башталгандан кийин күтүүсүз таасир аныкталса, түзөтүүчү иш-аракеттер планы (ТИП) түзүлөт. Эгерде, мониторинг учурунда, долбоор боюнча ишмердүүлүк долбоордун таасири тийген адамдын жашоо каражаттарына жана/же мүлкүнө терс таасирин тийгизбегени тастыкталса Долбоор талаптарга жооп берет деп эсептелет. Ошондой эле, ЖАКПнын ишке ашырылышына мониторинг жана баа берүү учурунда – ЖАКПнын жана КЧСЖ 2009 талаптарына шайкеш келбөө белгилене турган болсо Түзөтүү иш аракеттеринин планы даярдалат жана анын аткарылышына көзөмөл жүргүзүлөт. ТИПтин толук аткарылышы жөнүндө отчет АБР тарабынан ТИПтин зонасында жумуштардын башталышына чейин же кайталанып башталганга чейин кабыл алынышы керек.

130. Түзөтүү иш-чараларынын планы административдик-укуктук механизмдердин матрицасына жана ушул ЖАКПнын башка талаптарына ылайык түзүлүүгө жана азыркы учурда аткаруучу агентство болгон Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин чечими менен бекитилүүгө тийиш.

131. Долбоордун өзгөрүшүнө байланыштуу күтүлбөгөн таасир, контракт түзүлгөнгө чейин (жумуштарды аткарууга жаңы контракт же жумуштарды аткаруу боюнча учурдагы контрактка өзгөртүүлөрдү киргизүү) жана жумуш башталганга чейин (жумуштарды аткарууга жаңы контракт же учурдагы жумуштарды аткаруу боюнча учурдагы контрактка өзгөртүүлөрдү киргизүү) аткаруучу агентство (ТКМ) АӨБдун КЧСЖ 2009га жана ушул ЖАКПнын талаптарына ылайык ушул ЖАКПга толуктоолорду даярдап бекитиши керек. ЖАКПга толуктоолор аны ишке ашырууга чейин АӨБ тарабынан бекитилип жарыяланышы керек. ТИПтин толук аткарылышын тастыктаган шайкештик жөнүндө отчет АӨБ тарабынан

жумуштарды аткаруу тууралуу контрактты (же жумуштарды аткаруу боюнча учурдагы контракттка өзгөртүүлөрдү киргизүү)ыйгарганга чейин жана ЖАКПга киргизилген толуктоолор боюнча иш алып баруу аймагында жумуштар башталганга чейин кабыл алынышы керек.

132. Эгерде административдик-укуктук механизмдердин матрицасын же ЖАКПнын башка негизги жобосун жаңылоо зарыл болсо, ЖАКПны жаңылоо Кыргыз Республикасынын колдонуудагы жол-жоболоруна ылайык даярдалышы жана бекитилиши керек. Бул ЖАКПнын жаңыртууларында ушул ЖАКПнын талаптарына барабар же андан жогору болгон компенсациялар жана башка жеңилдиктер сунушташы керек.

### 6.9. Курулуш жумуштарын баштоо тууралуу билдирүү

133. Тышкы мониторинг боюнча адис ДИБ менен бирдикте жана курулушту көзөмөлдөө боюнча консультанттын жардамы менен ЖАКПнын толук аткарылышын тастыктаган шайкештик отчетун долбоордун участокторун секцияларга бөлүнүшүнө ылайык даярдайт. Долбоор АӨБ шайкештик жөнүндө отчетту бекитип, макулдук катын бергенден кийин, ТКМ подрядчыга тийиштүү участокто курулуш иштерин баштоо үчүн билдирүү берет. Билдирүүдө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:


- (i) ДТТКларга төлөмдөр толугу менен жүргүзүлдү жана реабилитация/жардам берүү чаралары көрүлдү;
- (ii) Буга чейин компенсация/жардам алган ДТТКЛар өз убагында курулуш жүрө турган аймакты бошотушту (аймакты тазалоо); жана
- (iii) ТЭКтин бүт аймагы (же участоктор боюнча) ар кандай түйшүктөрдөн тазаланды (аймакты тазалоо жүргүзүлдү).

# 7. ИШКЕ АШЫРУУ МЕХАНИЗМИ

134. ЖАКПны пландаштыруу, даярдоо жана ишке ашыруу ар кандай процесстерди жана ар кандай тараптарды камтыйт, анын ичинде АӨБ, ТКМ, Финансы министрлиги, ЖАКК, жергиликтүү бийлик органдары, көзөмөл боюнча кеңешчи жана подряддык уюм. Бул главада ЖАКПны ишке ашырууга катышкан негизги ведомстволорду жана уюмдарды камтыган институционалдык түзүм, ошондой эле ЖАКПны ишке ашырууда алардын ролдору жана милдеттери кеңири талкууланат.

## 7.1. Институционалдык структура

135. ЖАКПны ишке ашыруу үчүн толук институционалдык схема төмөнкү диаграммада берилген, ал эми институционалдык түзүмдүн ар кандай катышуучуларынын ролдору жана милдеттери төмөнкү бөлүмчөлөрдө көрсөтүлгөн.




5-сүрөт: Уюштуруу структурасы

### *7.1.1. АӨБ*

136. АӨБ долбоордун, анын ичинде жерди сатып алуу боюнча чыгымдарды эсепке албаганда, ЖАК иш-чараларын каржылоочу агенттик болот. Каржылоодон тышкары, АӨБ мезгил-мезгили менен долбоорду ишке ашыруунун жана ЖАКПнын абалын карап чыгып, келишимдерди түзүүгө жана долбоор боюнча курулуш иштерин баштоого/кол коюуга макулдук берет. АӨБдун ЖАКПнын ишке ашырууга байланыштуу милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт: (i) ЖАКПны бекитүү; (ii) жер эмес активдердин компенсациясына гранттарды берүү жана жардам көрсөтүү; (iii) АӨБдун веб-сайтында ЖАКПны жана мониторинг боюнча отчетторду жарыялоо; (iv) ЖАКПнын аткарылышы боюнча отчетту кароо жана бекитүү жана курулуш иштерин баштоого макулдук катын (МК) берүү; жана (v) Объектилер менен жеринде таанышуунун жана мониторингдин отчетторун карап чыгуунун негизинде сын-пикирлерди жана сунуштарды киргизүү.

### *7.1.2. ТКМ*

137. ТКМ аткаруучу агенттик (АА) болуп саналат. АА катары ТКМ долбоорду ишке ашыруу үчүн, ошондой эле ЖАКПны ишке ашыруу үчүн жалпы жоопкерчилик тартат. Атап айтканда, ТКМ төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

- (i) АӨБдун бекитүүсүнө бергенге чейин ЖАКПны бекитүү;
- (ii) Министрлер Кабинетинин чечими менен, анын ичинде Финансы министрлигинин, Юстиция министрлигинин ж.б. ЖАКПнын бекитүүсүн өз убагында алуу;
- (iii) ЖАКПга Толуктоолорду же ТИПти (эгерде бар болсо) ушул ЖАКПнын талаптарына жана административдик-укуктук механизмдердин матрицасына ылайык жактыруу;
- (iv) ДКМди бекитуу жана борбордук жана жергиликтуу ДКТларды тузуу жөнүндө буйруктарды чыгарат;
- (v) ЖАК үчүн ДТТКлар менен келишим түзүү;
- (vi) Финансы министрлиги аркылуу ДТТКларга компенсациялык төлөмдөрдү уюштуруу;
- (vii) ДКМге катышуу жана арыздарды жөнгө салууга көмөк көрсөтүү; жана
- (viii) АӨБдун ЖАКПны ишке ашыруу боюнча шайкеш келүү отчеттуна (отчетторуна) макулдугун бергендей кийин, Подрядчыларга контракт ыйгарып, курулуш иштерин баштоо тууралуу маалымдоо берүү.

### *7.1.3. ДИБ*

138. ДИБ долбоорду ишке ашыруучу органы (ИА) катары иш алып барат. Социалдык коргоо чаралары боюнча адистерди жана ЖАКПны ишке ашырууга тартылган башка адистерди камтыган ДИБ, ошондой эле ЖАКК жана ККнын колдоосу менен төмөнкүлөргө жооп берет:

- (i) ТКМдин веб-сайтында ЖАКПны жайгаштыруу;
- (ii) Долбоордун таасирине кабылган айылдардын ЖАКПсы тууралуу райондук жана облустук деңгээлдеги тиешелүү мамлекеттик органдарды маалымдоо;
- (iii) Бардык ДТТКларга КЖМБ тууралуу жарыялоо;
- (iv) Консультацияларды уюштуруу жана документтештирүү;
- (v) ЖАКтын маалымат базасын түзүү жана аны ай сайын жаңылоо;
- (vi) Улуттук процедураларга ылайык Министрлер Кабинетинен ЖАКПга макулдук алуу;
- (vii) Компенсацияларды төлөп берүүнү камсыздоо жана таасирди жумшартуу боюнча бардык чараларды көрүү;
- (viii) Ички мониторингди жана отчеттуулукту жүргүзүү;
- (ix) АӨБго бекитүү үчүн ЖАКПны ишке ашыруу боюнча отчетту даярдоо;
- (x) ДКМге катышуу, борбордук ДКТга төрагалык кылуу, чечимдерди кабыл алууга көмөктөшүү; жана
- (xi) бөлүнүп берлиген жол тилкесин бошотууга жардам берүү.

#### *7.1.3.1 Көчүрүү боюнча адис*

139. ДИБдин штатында көчүрүү жана социалдык коргоо боюнча штаттык адис бар, ал мындан ары да төмөнкү милдеттерди аткарууга тартылат[39]: (i) улуттук жол-жоболорго ылайык Министрлер Кабинети тарабынан ЖАКПны бекитүүсүн алууга көмөктөшүү; (ii) келишимдерге кол коюлганга чейин, улуттук мыйзамдардын талаптарына ылайык бардык тастыктоочу документтердин, анын ичинде жарактуу инсандык күбөлүктөр, укук аныктоочу документтер, нике күбөлүгү, туулгандыгы тууралуу күбөлүк жана башка документтердин көчүрмөлөрүн чогултуу жана бар болушун камсыздоо (iii) бул ЖАКПны жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүнүн натыйжаларын изилдөө жана сактоо, анын ичинде эл каттоонун маалыматтарын, деталдуу изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын, баалоо отчетторун, ДТТАлардын документтерин (инсандыгын күбөлөндүргөн күбөлүктөрдүн, укук аныктоочу документтердин, нике күбөлүгүнүн ж.б. көчүрмөлөрүн) алуу жана сактоо жана зарыл болгон учурда аларды

[39] ЖАКПны ишке ашырууга даярдык иштеринин жүрүшүндө, ДДТЖнын көчүрүү боюнча улууттук консультанты, ДИБдин көчүрүү жана социалдык коргоо чаралары боюнча адисине жумуш ордунда окутууну жана жалпы жетекчиликти камсыздайт.

жаңылоо; (iv) долбоордун бүткүл мөөнөтүндө толук консультацияларды уюштуруу жана өткөрүү; (v) Долбоордун бүткүл мөөнөтүндө эффективдүү ДКМди жана даттанууларды өз убагында чечүүнү камсыз кылуу, анын ичинде тийиштүү каттоо жүргүзүү жана отчеттуулук ; (vi) Көчүүгө мажбур болуу менен байланышкан бул ЖАКПны ишке ашыруу үчүн, ЖАКПга Толуктоолорду даярдоо жана ишке ашыруу, түзөтүү иш-чараларынын пландоо үчүн же долбоор боюнча арыз-даттанууларды чечүү үчүн зарыл болгон ар кандай кошумча эксперттер үчүн ТТларды иштеп чыгуу; (vii) ДИБдин дрикторунун жана финансалык операциялар үчүн башка жоопту кызматкерлердин колдоосу менен ДИБ/ТКМдин жана ФМнын алкагында компенсациялык төлөмдөрдү которууну макулдашуу жана даярдоо; (viii) АӨБдун кароосуна социалдык мониторингдин жарым жылдык жана жылдык отчетторун даярдоо; (ix) юристтин катышуусун талап кылган, компенсацияларды төлөө жана арыздарды чечүү учурунда, юристке көчүрүү менен байланышкан маселелер, ДТТАлар менен жолугушууларды уюштуруу боюнча юристке колдоо көрсөтүү; (x) ЖАКтын процессине катышкан жергиликтүү бийлик органдары/коомчулуктарга жана башка мамлекеттик органдарга ЖАКка байланыштуу иш аракеттерине көмөктөшүү жана координациялоо; (xi) ККНнын социалдык коргоо чаралары боюнча тобунун ЖАК менен байланышкан иш-аракеттерин, мониторингдин натыйжаларын жана түзөтүүчү иш-чараларды (эгерде бар болсо) координациялоо жана көзөмөлдөө. Долбоор күчүнө киргенден кийин, ДИБ ЖАКты баалоону/компенсациясын жаңылоо үчүн баалоочуну ишке тартат (13-тиркемени караңыз).

#### *7.1.3.2. Укуктук суроолор боюнча эксперт*

140. ДИБде долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө ишин уланта турган юрист бар, ал ДИБнын директоруна жана Көчүрүү жана социалдык коргоо чаралары боюнча адиске жоопту болуп отчет берет жана төмөнкү иш-чараларга жооп берет: (i) келишимдерге кол коюлганга чейин улуттук мыйзамдарда талап кылынган жарактуу инсандык күбөлүктөр, укук аныктоочу документтер, нике күбөлүгү, туулгандыгы тууралуу күбөлүк жана башка документтердин экспертизасын жүргүзүү; (ii) долбоордун таасири тийген кожолуктар менен көчүрүү тууралуу келишимдерди даярдоо; (iii) улуттук мыйзамдарда талап кылынган бардык процедуралардын сакталышын камсыз кылуу; (iv) зарыл документтерди чогултууда көчүрүү боюнча адистин, эл аралык консультанттардын жана көчүрүү боюнча консультанттардын жана баалоочунун колдоосу менен көчүрүү келишимдерине ДТТАлар тарабынан кол коюусун камсыз кылуу; (v) ДТТАлар менен кол коюлган келишимдердин аткарылышын камсыз кылуу үчүн улуттук мыйзамдарга ылайык бардык зарыл болгон юридикалык процедураларды жүргүзүү; (vi) көчүрүү менен байланышкан даттанууларды караган бардык соттордо ДИБ/ТКМдин өкүлү катары чыгуу;

(vii) бардык документтердин аткарылышы боюнча ДИБ/ТКМге кеңеш берүү; (vii) ДИБдин директору тарабынан ЖАКтын иш-чараларына карата аныкталган башка иш-чараларды аткаруу.

### *7.1.3.3. Архитектуралык чечимдер жана жерди пайдалануу боюнча адис*

141. ДИБде ошондой эле ЖАКПны ишке ашырууга көмөктөшүүчү архитектуралык чечимдер жана жерди пайдалануу боюнча адис болот, ал ДИБдин директоруна отчет берет жана төмөнкү иш-чараларга жооп берет: (i) келишимдерге кол коюлганга чейин бардык тастыктоочу документтерди, анын ичинде жарактуу инсандык күбөлүктөр, укук аныктоочу документтер, нике күбөлүгү, туулгандыгы тууралуу күбөлүк же улуттук мыйзамдарда талап кылынган башка документтер сыяктуу бардык ырастоочу документтерди чогултуу жана алардын болушун камсыз кылуу, (ii) Долбоордун бүткүл мөөнөтүндө ДТТАлардын даттанууларын өз убагында чечүүгө көмөк көрсөтүү, (iii) ЖАКПны ишке ашырууда көйгөйлөр пайда болгондо жергиликтүү бийлик/жамааттар жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара кызматташуу.

### *7.1.3.4. Тышкы мониторинг боюнча адис*

142. Кабыл алынган участокторду секциялар боюнча өткөрүп берүү ыкмага ылайык ТКМ жана/же ДИБ долбоордун объектисин өткөрүп берүүгө ЖАКПнын толук аткарылышын (түзөтүүчү иш-аракеттерди да камтыйт, зарыл болгон учурда) ырастаган шайкештик жөнүндө отчетторду даярдоо үчүн тышкы мониторинг боюнча адисти ишке тартат. Кандайдыр бир күтүлбөгөн терс таасирлер болгон учурда, анын ичинде долбоордун дизайнын өзгөртүү, долбоорлоо боюнча комплекстүү дооматтар жана даттануулар болгон учурда, Тышкы мониторинг боюнча адис ТКМге татаал долбоордук дооматтарды чечүүдө, ЖАКПнын жаңыртууларынын, ТИПтин, ЖАКПга түзөтүүлөрдүн толук аткарылышын тастыктаган шайкештик жөнүндө отчетторду жана керек болгон учурда социалдык коргоо чараларын жана социалдык коргоо чаралары боюнча башка документтерди комплекстүү текшерүү отчетторун даярдоодо колдоо көрсөтөт. Тышкы мониторинг боюнча адис компенсацияларды төлөөнүн абалын, ошондой эле акча каражаттарынын кыймылынын абалын текшерет. Тышкы мониторинг боюнча адис ошондой эле жарым жылдык жана жылдык мониторинг отчетторун жана төмөндөгү мониторингди уюштуруу боюнча бөлүмдө баяндалган башка иш-чараларды карап чыгат.

### *7.1.4. Финансы министрлиги*

143. Финансы министрлиги долбоор үчүн жалпы финансылык жоопкерчиликти алат. Финансы министрлиги кредитке кол коюлгандан 3-ай ичинде жер менен байланышкан компенсацияларды төлөө үчүн мамлекеттик каражаттарды камсыздап долбоор башталаары менен алар жеткиликтүү болушу керек.

### *7.1.5. ЖАКК*

144. 2023-жылдын февраль айында долбоордун таасири тийген Жети-Өгүз жана Ак-Суу райондорунда жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү боюнча эки комиссия (ЖАКК) расмий түрдө түзүлгөн.[40] ЖАККтын курамына төмөнкүлөр кирет:

(i) Төрага: райондук администрациянын башчысынын орун басары;
(ii) Мүчөлөрү: долбоордун таасири тийген айыл аймактардын кадастр боюнча адистери
(iii) Мүчөлөрү: долбоордун таасири тийген айыл аймактардын өкүлдөрү
(iv) Мүчөлөрү: райондук айлана-чөйрөнү коргоо бөлүмүнүн өкүлү
(v) Мүчө: райондук архитектура бөлүмүнүн өкүлү
(vi) Мүчө: райондук Мамкаттоонун өкүлү;
(vii) Мүчөлөрү: No3 жана No35 ДЭУлардын өкүлдөрү.

145. ЖАККтын негизги милдети, ТКМга ЖАКПны даярдоодо жана ишке ашырууда көмөк көрсөтүү болуп саналат. ЖАККтын башка функцияларына төмөнкүлөр кирет:

(i) Коомдук консультацияларга катышуу;
(ii) Ички мониторинг жүргүзүүдө ДИБге жардам көрсөтүү;
(iii) ДКМге катышуу, жөнгө салууга көмөк көрсөтүү;
(iv) ЖАКтан кийин ТЭКти тазалоого жардам берүү.

### *7.1.6. Жергиликтүү жана борбордук ДКТлар*

146. ЖАКПны ишке ашыруунун жүрүшүндө жана курулуш мезгилиндеги ар кандай даттануулар ДКТлар тарабынан катталат жана каралат. ДКТлардын иштеши кийинки бөлүмдө так көрсөтүлгөн.

[40](i) Жети-Өгүз районунун №33 буйругу (2023-жылдын 1-февралында чыгарылган); (ii) Ак-Суу районунун № 60-т буйругу (2023-жылдын 22-февралында чыгарылган)

### *7.1.7. ККК көчүрүү боюнча адистердин тобу*

147. Курулушту көзөмөлдөө боюнча консультант (ККК) эл аралык жана улуттук көчүрүү боюнча адисти тартат. Долбоорду ишке ашырууда ККК керек болгон учурларда баалоочуну, ДИ боюнча агенттикти жана башка эксперттерди ишке тартат. Көчүрүү боюнча адистердин негизги милдеттерине ДИБке төмөнкүлөр боюнча колдоо көрсөтүү кирет: (i) бул ЖАКПны ишке ашырууда; (ii) күтүүсүз таасирлердин бардык учурун аныктап ДИБ жана ТКМ ди тез арада маалымдап, керек болгон учурда инженерледи жана башка адистерди тартуу менен чечимдерди сунуштоо (iii) зарыл болгон учурда бул ЖАКПны жаңылоода, түзөтүүчү иш-аракеттер планын (ТИП) жана кошумча ЖАКПны даярдоодо; жана (iv) Түзөтүүчү иш-чаралардын планы жана Толукталган ЖАКПнын бүткөрүлүп толук актарылышын тастыктаган  отчетту даярдоодо. ККК көчүрүү боюнча адистер үчүн техникалык тапшырма (ТТ) тиешелүүлүгүнө жараша 8-тиркемеде жана 9-тиркемеде берилген.

## 7.2. Даттанууларды кароо механизми

### *7.2.1. Максаттары*

148. Даттанууларды кароо механизми (ДКМ) – ДТТАлар үчүн ЖАК менен байланышкан тынчсыздануулары көтөрүү жана чечүү мүмкүнчүлүгү, ал эми долбоор үчүн, долбоордун таасири тийген калктын көйгөйлөрүн чечүүнүн натыйжалуу жолун табуу үчүн ишенимдүү жолду камсыз кыла турган процесс жана платформа. Бул долбоор үчүн ДКМ түзүлгөн. Бул тууралуу ДТТАлар 2023-жылдын июнь айында өткөрүлгөн коомдук консультациялардын экинчи раундунун жүрүшүндө Кайра жайгаштырууну пландаштыруу боюнча маалымат брошюрасы аркылуу маалымат алышты. ДКМ ТКМ министринин 2023 - жылдын 26-апрелиндеги №127 ТКМдин буйругу менен бекитилген.

149. ДТТАлар жана жергиликтүү калк, долбоордун ар кандай аспектилери боюнча, анын ичинде ЖАК, айлана-чөйрөнү коргоо жана коргоо чараларына байланыштуу башка маселелер боюнча даттанууга жана/же кайрылууга укуктуу. ДКМдин алкагында, адамдар, долбоорго байланыштуу ар кандай чечимге, практикага же иш-аракетке даттана алышат. ДТТАлар жана башка адамдар өздөрүнүн дооматтарын билдирүү үчүн бардык мүмкүн болгон куралдар менен камсыз кылынат. Долбоор/ДИБ долбоордун ар кандай аспектилери боюнча даттануулардын жана дооматтардын өз убагында жана натыйжалуу каралышын камсыздайт.

150. ДКМдин милдеттери:

- Долбоорду да, ДТТАларды да канааттандырган өз ара макулдашылган чечимдерге жетишүү жана ар кандай

даттануулрды долбоордун таасири астында болгон тарап менен кеңешүү менен жеринде чечүү;

- ЖАКПнын үзгүлтүксүз ишке ашырылышына көмөктөшүү, атап айтканда, узакка созулган соттук териштирүүнү кыскартуу жана долбоорду ишке ашыруудагы кечеңдетүүлөрдүн алдын алуу; жана
- Айкындуулукту сактоо менен жергиликтүү деңгээлде өнүгүү процессине көмөктөшүү, ошондой эле долбоордун таасири тийген калктын алдында отчеттуулукту камсыздоо.

151. Механизм, даттанууларды үч деңгээлде чечүүнү камтыйт - жергиликтүү байланыш адамы (айылдык аймак), жергиликтүү (райондук) жана борбордук (ТКМ). Жергиликтүү жана борбордук деңгээлде даттанууларды кароо топтору (ДКТ) түзүлдү. ЖАКПны жана долбоорду ишке ашырууда ДКТнын функциялары жана милдеттери дооматтарды жана даттанууларды кабыл алууну, алардын негиздүүлүгүн баалоону, мүмкүн болуучу таасирлердин көлөмүн аныктоону, маселелерди тез арада чечүү, анын ичинде компенсация талаптарын, ошондой эле ДКМдин ийкемдүү жана эффективдүү болушун камсыз кылууну камтыйт.

152. ДКМ АӨБдүн Коргоо чаралары жөнүндө жоболорунда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган социалдык, экологиялык жана башка коргоо чаралары жөнүндө жоболор менен байланышкан суроолорду камтыйт.

### *7.2.2. Даттанууларды кароо тобу*

153. Даттанууларды кароо тобу (ДКТ) жергиликтүү жана борбордук деңгээлде ТКМдин №127 буйругу 2023-жылдын апрель айында чыккандан кийин түзүлдү. Даттанууларды кароо топтору ЖАКП жана долбоорду ишке ашыруунун толук мезгили бою иштейт. Жети-Өгүз районунда жергиликтүү ДКТ түзүлдү, ал эми Бишкек шаарында Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде борбордук ДКТ түзүлдү.

154. Жергиликтүү ДКТда 20 мүчө жана бир же бир нече байкоочу бар. Негизги мүчөлөрдүн милдеттери 6-тиркемеде келтирилген.

**25-таблица: Жергиликтүү ДКТнын курамы**

| № | Мүчөлөрү | Ээлеген кызмат абалы |
|---|---|---|
| 1 | Жети-Өгүз районунун башчысынын орун басары (макулдашуу боюнча) | Төрага |
| 2 | Ак-Суу районунун башчысынын орун басары (макулдашуу боюнча) | Мүчө |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Айыл аймактарынын башчылары (ошондой эле жергиликтүү байланыш адамы катары) | Мүчөлөр |
| 4 | No3 жана No35 ДЭУлардын жетекчилери | Мүчөлөр |
| 5 | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин социалдык коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| 6 | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| 7 | ДТТКлардын өкүлдөрү | Мүчөлөр |
| 8 | Өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) | Мүчөлөр |
| 9 | Ысык-Көл облусунун өкүлү (макулдашуу боюнча) | Мүчө |
| 10 | Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Коомдук байкоочу кеңешинин өкүлү (макулдашуу боюнча) | Мүчө |
| 11 | Жергиликтүү тургундар | Байкоочулар |

155. Борбордук деңгээлдеги ДКТда 6 мүчө (26-таблица) жана бир же бир нече байкоочу бар. Ар бир мүчөнүн милдеттери 6-тиркемеде келтирилген.

**26-таблица: Борбордук ДКТнын курамы**

| № | Мүчөлөр | Ээлеген кызмат абалы |
|---|---|---|
| 1 | АӨБ, ТКМдин ДИБнин координатору | Төрага |
| 2 | No3 жана No35 ДЭУлардын жетекчилери | Мүчөлөр |
| 3 | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин социалдык коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| 4 | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| 5 | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин архитектуралык чечимдер жана жерди пайдалануу боюнча адиси | Мүчө |
| 6 | Ысык-Көл облусунун өкүлү (макулдашуу боюнча) | Байкоочу |
| 7 | Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Коомдук байкоочу кеңешинин өкүлү (макулдашуу боюнча) | Байкоочу |
| 8 | ӨЭУ өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) | Байкоочулар |

156. ЖАКПнын акыркы варианты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилгенден кийин көп өтпөй, ДКТ мүчөлөрү жана алардын байланыш маалыматтары КЖМБга киргизилет, ал ДТТКларга таратылат (КЖМБ 5-тиркемеде келтирилген).


157. Зарыл болсо, кайрылуунун ар бир деңгээлинде, ар кандай эксперттер ДКТ мүчөлөрүнө конкреттүү ишти кароодо жардам беришет. Эксперттерге төмөнкүлөр кирет:

(i) Райондук администрация өкүлдөрү
(ii) Мамлекеттик архитектура жана курулуш агенттигинин райондук бөлүмүнүн өкүлдөрү
(iii) Райондун Мамкаттоо кызматы (мамлекеттик каттоо кызматы).
(iv) Айыл чарба министрлиги
(v) Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги

(vi) Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду
(vii) Өзгөчө кырдаалдар министрлиги
(viii) Социалдык коргоо жана көчүрүү маселелери боюнча тиешелүү тажрыйбасы бар кесипкөй инженерлер жана консультанттар тарабынан техникалык экспертиза.

### *7.2.3. Даттанууларды кароо тартиби*

158. ДТТКларды түшкөн даттануулар жана дооматтар 6-сүрөттө көрсөтүлгөн жана 27-таблицада кеңири сүрөттөлгөн тартипте каралат.




6-сүрөт: Даттанууларды кароо тартиби

**27-таблица: Даттанууларды кароо тартиби**

| Кадам | Кароо деңгээли | Процесс | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Айыл аймактын деңгээлинде ЖБАнын чечими | Алгачкы этапта ЖБА (айыл аймактын башчысы) арыз ээсин угуп, алгылыктуу чечим табууга аракет кылат. Эгерде арыз ээси чечимге канааттанбаса, анда ал 3 күндүн ичинде райондук же жергиликтүү ДКТга кат жүзүндө даттануусун берет. | 3 күн |
| 2 | Жергиликтүү деңгээлде чечим | Жазуу түрүндө даттанууну кабыл алып, төрага аны карайт жана ДКТнын кароосу жана чечими үчүн досье (6-тиркемени караңыз) түзөт. Арыз ээси менен макулдашуу боюнча төрага белгилеген күнү ДКТ тарабынан расмий угуу өткөрүлөт. Отурум болгон күнү арыздануучу ДКТга келип, өзүнүн даттануусун тастыктаган далилдерди | 10 күн |

| Кадам | Кароо деңгээли | Процесс | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| | | келтириши керек. ДКТ арыз ээсинин арыздарын жазып алат жана бардык далилдерди документтештирет. Мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечим ДКТнын акыркы чечими болуп эсептелет жана төрага тарабынан таризделет жана ДКТнын калган мүчөлөрү тарабынан кол коюлат. Ишке тактоолор киргизилет жана чечим төрага тарабынан 10 күндүн ичинде арыз ээсине жеткирилет. Эгерде даттануучу чечимге канааттанбаса, төрага даттанууну жергиликтүү деңгээлде даярдалган корутунду жана тастыктоочу документтер менен ТКМдин алдындагы борбордук ДКТга жазуу түрүндө берет. | |
| 3 | Борбордук деңгээлде чечим | Жазуу түрүндө даттанууну алгандан кийин борбордук ДКТнын төрагасы аны карайт, жана ДКТнын кароосу жана чечим чыгаруусу үчүн досье даярдайт. Расмий угуу ДКТнын төрагасы жана арыз берүүчү тарабынан аныкталган күнү өткөрүлөт. ДКТ мүчөлөрү арыз ээси менен байланышып, анын айылына барышат. ДИБдин социалдык коргоо боюнча адиси арыз ээсинин арыздарын каттайт жана бардык далилдерди документтештирет. Мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечимдер борбордук ДКТнын акыркы чечими болуп эсептелет, ал төрага тарабынан таризделет жана калган мүчөлөр кол коюшат. ДИБдин социалдык коргоо чаралары боюнча адиси арыз берилгенден кийин 10 күндүн ичинде иштин материалдарын жаңылайт жана арыз ээсине чечим жөнүндө билдирет. | 10 күн |

### *7.2.4. Кошумча механизмдер*

159. Ар кандай жеке же юридикалык жак, каалаган арыз ээси, даттанууну кароонун каалаган баскычында сотко кайрыла алат. ДКТ адамдардын сот аркылуу мыйзамдуу каражаттарын издөөсүн чектебейт же аларга таасир этпейт. Эгерде даттануу жараксыз деп табылса, ДКТ жооп даярдайт жана арыз ээсине баш тартуунун себептери жөнүндө жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөсүн жөнөтөт.

160. Мындан тышкары, АӨБ тарабынан ишке ашырылган долбоорлордун терс таасирине кабылган адамдардын даттанууларын кароо жана АӨБдун операциялык саясатын жана жол-жоболорун сактоону камсыз кылуу үчүн

АӨБдо Жоопкерчилик механизмдери боюнча саясаты бар (2012) [41]. Жоопкерчилик механизми, АӨБ тарабынан колдоого алынган долбоорлордун терс таасирине кабылган адамдар, өздөрүнүн көйгөйлөрүн айтып жана аларды чечүүгө умтула турган жана АӨБдун операциялык саясаттары жана жол-жоболору аткарбагандыгын айта турган форум болуп эсептелет.

161. Бирок, арыздануучулар адегенде АӨБдун тиешелүү операциялар бөлүмү менен байланышып, өздөрүнүн көйгөйлөрүн жана даттанууларын чечүүгө аракет кылышы керек. Арызданууучулар АӨБдун кызматкерлери тарабынан сунушталган чечимдерге канааттанбаса, акыркы чара катары жоопкерчилик механизмине кайрылышы мүмкүн. Арызданууучулар арыздарды кароо боюнча адиске кайрыла алышат, ал арызды алгандан кийин даттанууну арызданууучу тандаган функциясына жөнөтөт (көйгөйдү чечүү же шайкештигин текшерүү).

### *7.2.5. Даттанууларды каттоо*

162. ТКМдин ДКТсы бардык даттанууларды (негизги формасы 6-тиркемеде келтирилген) жазуу жүзүндө жана электрондук түрдө документтештирет.

## 7.3. ЖАКПны ишке ашыруунун боюнча иш-чаралардын планы

163. ЖАКПны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы төмөндө 28-таблицада көрсөтүлгөн. Кийинки шарттар аткарылмайынча физикалык жана экономикалык көчүрүү жүргүзүлбөш үчүн аларды камсыз кылуунун негизги этаптары иштелип чыккан: (i) Долбоордун таасири тийиген ар бир адамга толук калыбына келтирүү наркы менен компенсация төлөнүп берилмейинче; (ii) көчүрүү планында көрсөтүлгөн башка административдик-укуктук инструменттер берилмейинче; жана (iii) долбоордун таасири тийген адамдарга өздөрүнүн киришелерин жана жашоо тиричилик үчүн каражаттарын жакшыртуу үчүн же жок дегенде калыбына келтирүү үчүн негиздүү бюджет менен бекемделген кирешелерди жана жашоо үчүн каражаттарын калыбына келтирүү боюнча комплекстүү программа иштелип чыкмайынча. Кабыл алынган долбоордун участкаларын секцияларга бөлүп тапшыруу ыкмасына ылайык, долбоор АӨБдун курулуш иштери башталганга чейин шайкеш келүү отчетун кабыл алуусун талап кылган долбоордун даярдык фильтрлерине жооп берет Бул долбоор жактырылгандан кийин дароо же параллелдүү түрдө ТКМ жана ФМ жерге байланыштуу компенсациялык төлөмдөргө бюджеттик каражаттарды бөлүүнү тездетет.

[41] Жоопкерчилик механизми | Азия өнүктүрүү банкы (adb.org)

## 16-таблица: ЖАКПны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планы

| | Кадам/иш-аракет | Жоопту | мар 2024 | апр 2024 | май 2024 | июн 2024 | июл 2024 | авг 2024 | сен 2024 | окт 2024 | ноя 2024 | дек 2024 | янв-фев 2025 | мар-апр 2025 | май-июнь 2025 | июл-авг 2025 | сен-окт 2025 | ноя-дек 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Этапы обработки кредита*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| A | КТМди бекитүү | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| B | Кредиттик келишимге документтердин пакетин даярдоо жана кредит боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| C | Кредит боюнча келишимге кол коюу | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| D | Кредиттик келишимдин күчүнө кириши | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| ***Кредит күчүнө киргенге чейин маалыматты жарыялоо жана ЖАКПны бекитүү*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | АӨБ жана ТКМ ЖАКПны бекитүү жана АӨБ/ТКМ веб-сайтында маалыматты жайгаштыруу | АӨБ жана ТКМ | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | ЖАКПны орус жана кыргыз тилдеринде жыйынтыктоо жана долбоордун веб-баракчасына жайгаштыруу | АӨБдун консультанты | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ЖАКПны макулдашуу жана бекитүү | МОТС | | | | | | | | | | Күтүлгөнү | | Эң кеч болгону | | | | |
| ***Кредит күчүнө киргенге чейин ЖАКПны ишке ашыруу боюнча даярдык иштери*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Мамкатоодо ДТТАлардын | ДИБ/АӨБдун консультанты | | | | | | | | | | | | | | | | |

| | Кадам/иш-аракет | Жоопту | мар 2024 | апр 2024 | май 2024 | июн 2024 | июл 2024 | авг 2024 | сен 2024 | окт 2024 | ноя 2024 | дек 2024 | янв-фев 2025 | мар-апр 2025 | май-июнь 2025 | июл-авг 2025 | сен-окт 2025 | ноя-дек 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | документтерин текшерүү | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | ДТТАлар боюнча калган документтерди жана маалыматтарды чогултуу/жаңылоо | ДИБ/АӨБдун консультанты | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | Тийиштүү менчик мүлктүн мыйзамдуу чектөөлөрүн текшерүү | ДИБ/АӨБдун консультанты | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7 | Бардык тиешелүү маалыматтар менен ар бир ДТТАнын профилин даярдоо | ДИБ/АӨБдун консультанты | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8 | ДТТАлар жана ТКМдин ортосунда келишимдердин долбоорун даярдоо | ДИБ | | | | | | | | | | Кредитке кол коюу | | | | | | |
| ***Кредит күчүнө киргенден кийин ЖАКПны ишке ашыруу боюнча иштер*** | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9 | a. Мамлекеттик бюджетте каражаттарды камсыз кылуу<br>b. Компенсациялык төлөмдөргө каражаттарды бөлүү | ФМ<br><br>ТКМ ФМда | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10 | Баалоо отчетун жаңылоо | ДИБ/ баалоочу | | | | | | | | | | | | Кредитин күчүнө кириши | | | | |
| 11 | ДТТАлар жана ТКМдин ортосундагы келишимдердин долбоорун жаңылоо (эгерде бар болсо) | ДИБ | | | | | | | | | | | | | | | | |

| | Кадам/иш-аракет | Жоопту | мар 2024 | апр 2024 | май 2024 | июн 2024 | июл 2024 | авг 2024 | сен 2024 | окт 2024 | ноя 2024 | дек 2024 | янв-фев 2025 | мар-апр 2025 | май-июнь 2025 | июл-авг 2025 | сен-окт 2025 | ноя-дек 2025 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Долбоордун таасири тийиген айыл аймактарда консультациялык жолугушууларды өткөрүү | ДИБ | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 13 | ДТТАлар жана ТКМдин ортосундагы Келишимдерге кол коюу[42] жана компенсациялардын бардык түрүн берүү | ТКМ | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 14 | ТКны/участокту тазалоо [43] | ТКМ/ЖАКК/ ДТТА/ККК | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 15 | 2-участок жана 3-участок боюнча ЖАКПнын аткарылышынын дал келүүсү боюнча тышкы мониторинг боюнча консультант отчетторун (ШО) берет. | ДИБ | | | | | | | | | | | | | | Участок 2 | | Участок 3 |
| 16 | (2-участок) АӨБ тарабынан ШОну карап чыгуу жана бекитүү жана МКны берүү | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 17 | (3-участок) АӨБ тарабынан ШОну карап чыгуу жана бекитүү жана МКны берүү | | | | | | | | | | | | | | | | | |

[42] Кредит күчүнө киргенден кийин, долбоордун таасирине кабылган мүлктү/жерди бөлүштүрүү боюнча ДТТАлар менен баштапкы келишимдер.

[43] ДТТАлар компенсация келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жерди бошотушу керек. ДТТАлар бул мөөнөт жөнүндө тийиштүү түрдө кабардар болушу керек жана ЖАКП/КЧСЖга ылайык бардык кайра иштетилген материалдарды алып чыгууга уруксат берилиши керек. ТКМ участокту Подрядчыга өткөрүп бергенге чейин 3-тараптын уруксаттары алынганын текшерет жана камсыздайт. Подрядчы контрактка (ВОР) ылайык ТКнын чегинде объекттерди бузуу үчүн жоопкерчилик тартат.

# 8. БЮДЖЕТ

164. ЖАКтын бюджетине төмөнкүлөр кирет:

(i) Бардык тике компенсацияларды жана жардамдарды чагылдырган тике чыгымдар: а) көз карандысыз баалоочу тарабынан аныкталган, 23-таблицада келтирилген административдик инструменттердин натыйжасында келип чыккан компенсациялар; жана б) 23-таблицада көрсөтүлгөн жоболордун негизинде аныкталган жардам.

(ii) Баалоо тууралуу отчетту жаңылоо боюнча баалоочунун кызмат көрсөтүү акысы, жана ошондой эле ЖАКПга кеткен бюджет толугу менен.

(iii) Тике чыгымдардын 20,0% өлчөмүндөгү күтүлбөгөн таасирлер үчүн күтүлбөгөн чыгымдар.

## 8.1 Тике чыгымдарды баалоо

165. Тике чыгымдарды баалоо 2023-жылдын июнь айынын башында көз карандысыз баалоочу тарабынан ДИнин жыйынтыгын алгандан кийин жүргүзүлгөн. Баалоо боюнча жыйынды отчет 11-тиркемеде келтирилген. ДИнин ар бир бирдиги боюнча баалоонун жыйынтыктары ДИБде орус тилинде жеткиликтүү. Иш жүзүндөгү баа ДИнин кесилиши же жерди пайдалануу бирдиги боюнча берилген. Эгерде баалоо менен төлөөнүн ортосундагы убакыт ажырымы 12 айдан ашык болсо, баалоо отчету төлөм күнүнө карата төлөм жүргүзүлөнгө чейин жаңыртылышы керек. 13-тиркемеде баалоонун отчетун/жыйынтыктарын жаңылоо үчүн көз карандысыз баалоочунун кызмат көрсөтүүсүнө техникалык тапшырма берилген.

166. Методологиялык жактан баалоо төмөнкү документтер менен жөнгө салынган:

(i) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги №217 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында баалоо ишин жүзөгө ашыруучу бардык тараптар үчүн милдеттүү болгон кыймылсыз мүлктү баалоо стандарттары, 2016-жылдын 15-ноябрындагы №593 өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен.

(ii) Эл аралык баалоо стандарттары (IVS), (2011)

(iii) АӨБдун КЧСЖсы (2009).

167. Ар кандай баалоо объектилерин (жер, имараттар, курулуштар, бак-дарактар жана айдоолор, бизнестин жоготуулары ж.б.) баалоонун так ыкмалары Баалоо боюнча корутунду отчетто да келтирилген (11-тиркеме).

### *8.1.1. Жер*

168. Айыл чарба, турак жай жана коммерциялык жерлерге болгон менчик укугунан ажыраган менчик ээлерине компенсация, рыноктук баада төлөнөт. Рыноктук нарк – рынокту туура изилдөөдөн кийин жана тараптардын ар бири билип, кыраакылык менен жана эч кандай мажбурлоосуз, макулдашылган шарттарда бүтүм жасоого даяр болгон сатып алуучу менен сатуучунун ортосунда, баалоо датасына мүлк алмашууга тийиш болгон болжолдуу сумма.

169. Рыноктук нарк долбоордун аймагында 2023-жылы жүргүзүлгөн 10 иш жүзүндөгү жер менен болгон бүтүмдөрдүн (сделка) негизинде бааланган. Жыйынтыктоочу баалоо ченемдери: (i) айыл чарба жерлери үчүн 98-100 сом/м2; (ii) турак-жай үчүн 636-2903 сом/м2; жана (iii) коммерциялык жерлер үчүн 827-3,773 сомду/м2[44] түзөт.

170. Баалоого ошондой эле долбоордун таасири тийген жерлер менен бүтүмдү жүргүзүү боюнча чыгымдар кошулган, алар төмөнкүлөрдү камтыйт: (i) менчик укугун каттоо, (ii) техникалык паспорт; (iii) менчик укугу тууралуу күбөлүгү; жана (iv) сатып алуу үчүн укукту тастыктоочу документ. Бир ДТТК үчүн транзакциялык чыгымдардын орточо баасы болжол менен 7,862 сомду түзөт.

### *8.1.2. Имараттар жана кыймылсыз объектилер*

171. Имараттар жана кыймылсыз мүлк, каттоо статусуна карабастан, эскирүү, материалдарды утилизациялоо же бүтүмдүн баасын чегерүүсүз, толук ордун толуктоо наркы боюнча компенсацияланат. Ордун толуктоо (алмаштырып берүү) чыгымдары интеграцияланган көрсөткүчтөр ыкмасы менен аныкталат (11-тиркемени караңыз).

172. Сметада, зарыл болсо, кошумча транзакциялык чыгымдар да камтылган. Мындай чыгашалар мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн прейскуранттарынын негизинде аныкталат.

173. Коомдук курулуштарды бузууга кете турган чыгымдар баалоого киргизилген эмес, себеби бузууну подрядчы ишке ашыра тургандыктан, чыгымдар курулуш иштеринин эсебинен жабылат.

### *8.1.3. Дарактар жана өсүмдүктөр*

174. Жоготууга мажбур болгон дарактарды эсептөө ар кандай ыкмаларды колдонуу менен жүргүзүлдү:

---

[44]Эң жогору көрсөткүчтөр Жети-Өгүз районунун борборундагы Кызыл-Суу айылында байкалат; Ал эми эң төмөнкү көрсөткүчтөр алыскы Чоң-Жаргылчак айылында.

- Мөмө дарактарынын наркы бак-дарактардын абалына жана алардын түшүмдүүлүгүнүн көлөмүнө жараша бир нече жыл бою ордуна алмашыла турган дарактар бирдей түшүмдүүлүккө жеткенге чейин аныкталат.
- Мөмөлүү эмес дарактардын/бадалдардын баасы рыноктук нарктын негизинде аныкталат.
- Айдоо чыгымдары бир жылдык түшүмдүн рыноктук наркынын негизинде аныкталат, ал эми түшүмдүүлүк Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин 2022-жылга карата маалыматтарынын негизинде аныкталат. Баалоо учурунда беде эң жогорку рыноктук наркка ээ – 19,2 сом/м2. (2023-жылдын июнь айы).

175. Долбоордон жабыркаган бак-дарактар үчүн компенсацияга көчөттөрдү сатып алуу үчүн чыгымдар да кирет.

### *8.1.4. Экономикалык иштин үзгүлтүккө учурашынан улам кирешелердин жоголушу*

176. Ар бир ДТТКнын жалпы жылдык кирешеси, кошумча нарк салыгы (КНС) үчүн чегинен 8,0 миллион сомдон ашпайт жана ошентип, чакан бизнес категориясына туура келет. Бул деңгээлде, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында, патент алуу боюнча жеке жактарга жөнөкөйлөтүлгөн салык салуу каралган.

177. Патенттин суммасына жараша жылдык киреше эсептелген. Жылдык киреше, патенттин суммасы орточо эсеп менен сатуудан алынуучу салыкты (3%) жана ишканалардын киреше салыгын (10%) жабууга тийиш экендигинин негизинде аныкталган, ал эми товарлар боюнча үстөк баа 30%дан 50%га чейин жана кызмат көрсөтүүлөр боюнча - 120% түзөт.

178. Мыйзамсыз ишкердүүлүк алып барган операторлор үчүн, алардын бизнеси үчүн компенсация, жашоо үчүн минимумдун негизинде эсептелет.

179. Ар бир оператордун ай сайын текшерилген таза кирешеси 3887 – 44210 сомду түзөт.

### *8.1.5. ДТЖК жана ДТТАКтарга төлөмдөр*

180. Баалоого аялуу жана катуу таасир эткен ДТТКлар үчүн жөлөкпулдар каралаган. ДТЖКлар баалоочу тарабынан бааланып, ДДТЖнын консультанттары тарабынан тастыкталган, ал эми ДТТАКтар айыл аймактын жетекчилиги тарабынан долбоордун таасири тийген үй чарбаларынын арасынан аныкталган.

181. ДТЖКлар үчүн калыбына келтирүү төлөмдөрү: (i) айыл чарба жерлеринин 10% же андан көп бөлүгүн жоготкон 5 ДТТК үчүн жоголгон түшүм үчүн 19,2 сом/м2 өлчөмүндө кошумча түшүмдүн акысы; жана (ii) калган бөлүгүнө 14262 сом, бул Кыргыз Республикасындагы 2377 сомго барабар болгон эң аз айлык акынын 6 эселенген өлчөмүндөгү төлөм. Ар бир ДТТАК учун жөлөкпул да 14262 сомду түзөт.

### 8.2. Күтүлбөгөн таасирлердин учуру үчүн күтүлбөгөн чыгымдарга резерв

182. Күтүлбөгөн таасирлерди жоюу үчүн, 6.7-бөлүмдө көрсөтүлгөндөй, бул ЖАКПда тике чыгымдардын 20,0% же жалпы бюджеттин 16,6% түзгөн резерв каралган.

### 8.3. Бюджет, каражаттардын агымы жана чыгашаларды кошо каржылашуу


183. Бюджеттин жетишсиздигинен улам, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети АӨБго грантты көчүрүүгө кеткен чыгымдарды толугу менен же кандайдыр бир бөлүгүн жабууга пайдалануу тууралуу өтүнүчү менен кайрылды. АӨБ Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү позитивдүү тажрыйбага таянып, грантты жерди ыйгарып алуу менен байланышпаган чыгымдарды төмөнкүлөр үчүн каржылоого макулдугун берди, анын ичинде (i) Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык компенсация алууга укугу жок, менчик укугу жок бардык ДТЖКларга (22-таблицаны караңыз); (ii) Кыргызстандын мыйзамдарында каралбаган долбоордун таасири тийген калктын аялуу топторуна жардам көрсөтүү; жана (iii) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык амортизация эсепке алынууга тийиш болгон учурда толук алмаштыруу наркы боюнча компенсациялар. Жыйынтыгында белгилеп кетүүчү нерсе, АӨБдун мындай чыгымдарды каржылоосу алгылыктуу жана долбоордун АӨБдун коргоо саясатына көбүрөөк шайкеш келишине мүмкүндүк берет. АӨБ тарабынан ЖАКты каржылоосу долбоорду ишке ашыруудагы кечеңдетүү коркунучун, ошондой эле мамлекеттик бюджеттин адекваттуу эмес жана/же өз убагында бөлүнбөгөндүгүнөн келип чыккан чыгымдардын көбөйүшүн азайтышы мүмкүн.

184. жерди ыйгарып алуу жана андан кийинки операцияларды каржылоо үчүн Министрлер Кабинети тарабынан 284,569 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 30,8%) т.; АӨБ 639,721 АКШ долларын (жалпы бюджеттин 69,2%) долбоордун тассири тийген жер эмес активдер үчүн компенсацияларды жана ар кандай жеңилдиктерди каржылоо үчүн берет. Буга ошондой эле ЖАКтын кошумча таасирин компенсациялоо үчүн түз чыгымдардын 20% өлчөмүндө резервди камтыйт (эгерде бар болсо).

АӨБдун гранты ошондой эле баалоону жаңыртуу боюнча кызмат көрсөтүүнүн чыгымын (2500 АКШ долларын) жабат.

185. Демек, ЖАКтын жалпы бюджети 924 290 АКШ долларын түзөт, анын ичинде: (i) тике чыгымдарга 768 158 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 83,1%); жана (ii) 2500 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 0,3%) баалоо отчетун жаңылоого жана ошондой эле жалпы ЖАКтын бюджетин жана (iii) күтүлбөгөн чыгымдар үчүн 153 632 АКШ доллары (жалпы бюджеттин 16,6% же тике чыгымдардын 20,0%). ЖАКПны ишке ашыруу боюнча административдик чыгымдар ДИБдин өз бюджетинин эсебинен жабылат.

186. ТКМ АӨБ грантын каражаттарын башкаруу үчүн РСК Банкта же Айыл Банкта атайын эсеп ачат, ал эми ар бир ДТТК өздүк эсеби жок болсо, ошондой эле өзүнүн банк эсебин ачат. АӨБдун каражаттарынын эсебинен жабылган компенсация жана жардам, банк тарабынан түздөн-түз ДТТКлардын эсептерине которулат; жер компенсациялары өз-өзүнчө/түздөн-түз ДТТКлардын эсептерине Финансы министрлигинин Казыналыгы аркылуу которулат (7-сүрөттү караңыз).




7-сүрөт: Каражаттардын кыймылы

187. Эгерде АӨБ чыгашаларды каржылоого катышса, анда төмөнкүлөрдү баалоо зарыл: (i) негизинен каржылоону бөлүштүрүүдө ачык-айкындуулукту жана эффективдүүлүктү камсыз кылуу үчүн административдик механизмдердин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн (адекваттуулугун); (ii) бүтүмдүн тобокелдик профилин жана тобокелдикти азайтуу боюнча талап кылынган чаралардын түрүн; (iii) мониторинг жана баалоо механизмдеринин ишенимдүүлүгүн.45

[45]АӨБ. 2005. Азия өнүктүрүү банкынын каржылоосу үчүн чыгымдарды бөлүштүрүү жана чыгымдардын укуктуулугу: жаңы мамиле.

188. Административдик механизмдер. ДИБ ЖАКПны ишке ашырууну башкарат жана долбоордон жабыр тарткан үй чарбаларына түздөн-түз жер менен байланышпаган компенсацияларды төлөйт (7-сүрөт). 1996-жылдан бери ДИБ АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорду ишке ашырууда жакшы тажрыйба топтоду. 2015-жылдан бери ДИБ ЖАК үчүн чыгымдарды бөлүштүрүүнү караган АӨБдун 4 долбоорун ийгиликтүү ишке ашырды. ЖАКты жана компенсациялык төлөмдөрдү башкаруу боюнча, ДИБдин негизги штаты АӨБдун саясатын жакшы билет жана ага социалдык коргоо боюнча адис, ага юрист жана улук каржы адиси кирет. Бирок ага карабастан, ЖАКПда даттанууларды кароо механизми (ДКМ) каралган, ал ДТТКлар жайгашкан айыл аймактарына негизделген. Долбоордун алкагында төмөнкүлөр аткарылат: (i) ЖАКПны ишке ашыруунун алдында жана ишке ашыруу учурунда көчүрүү саясаты жана компенсациялоо процедуралары жөнүндө билимди жогорулатуу үчүн коомдук консультациялар өткөрүлөт; (ii) ДТТКлар менен келишимдер ачык жана айкын түзүлөт жана компенсациянын өлчөмү көз карандысыз баалоочу тарабынан аныкталат; (iii) ДТТКлардын компенсациялары түздөн-түз банк аркылуу которулат; (iv) компенсациялык төлөмдөр жөнүндө маалыматтарды жана компенсацияны алууну ырастаган документтерди камтыган мониторингдин натыйжалары өз убагында ачыкка чыгарылат; (v) даттануулар ДКМ аркылуу өз убагында каралат; жана (vi) ЖАКПны ишке ашыруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн эл аралык жана улуттук консультанттар тартылат.

189. Мониторинг механизмдери. Долбоор сырткы жана ички мониторингге жатат, ДИБ жарым жылда бир жолу АӨБго мониторинг боюнча отчет берет. Мониторинг индикаторлору, 31-таблицада көрсөтүлгөндөй, долбоор үчүн компенсацияларды төлөөнүн статусун жана аларды ДТТКлар тарабынан алуу статусун, ошондой эле бюджеттик каражаттарды бөлүштүрүү жана өздөштүрүү статусун камтыйт. Сырткы мониторинг боюнча адис төлөмдөрдүн статусун жана каражаттардын кыймылык тастыктайт.

190. Долбоордун таасирине кабылган жерди жана жер эмес активдерди баалоо. Баалоо АӨБ долбоорлорунда тажрыйбасы бар көз карандысыз улук баалоочу тарабынан жүргүзүлгөн. Баалоо АӨБдун КЧСЖсыне (2009) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин талаптарына ылайык жүргүзүлгөн. Долбоордун аймагындагы жер жана кыймылсыз мүлк менен өткөн жана учурдагы бүтүмдөр тууралуу маалыматтар Интернетте жайгаштырылып тургандыктан, ДТТКларга эркин жеткиликтүү. ЖАКПнын баалоосу менен төлөмдөрдүн иш жүзүндөгү мөөнөттөрүнүн ортосундагы 1 жылдан ашкан убакыт ажырымын  текшилөө үчүн төлөмдөр башталганга чейин баалоо жаңыртылат.

191. Тобокелдиктер. Төмөнкү жагдайларды эске алганда, эч кандай тобокелдиктер күтүлбөйт: (i) АӨБ тарабынан каржыланган долбоорлорду ишке ашырууда, көчүрүү чыгымдарын кошо каржылоодо, ишке ашыруучу агенттикте адекваттуу административдик механизмдер жана жакшы тажрыйбасы бар; (ii) ЖАК компенсациясы көз карандысыз баа берүүнүн негизинде аныкталган; жана (iii) ЖАКПда тиешелүү мониторинг жана баалоо механизмдерин камтылган.

# 9. МОНИТОРИНГ

192. АӨБдун чечимине ылайык ЖАКПнын ишке ашырылышы тышкы жана ички мониторингден өткөрүлөт. Ички мониторинг ДИБ тарабынан ЖАКК жана Курулуш көзөмөлдөө боюнча консультанттын (ККК) жардамы менен жүргүзүлөт. Тышкы мониторинг көз карандысыз эл аралык консультант тарабынан жүргүзүлөт.

## 9.1. Ички мониторинг

193. Мониторингдин милдеттери:

(i) ЖАКПнын аткарылышынын жүрүшүнө мониторинг жүргүзүү жана белгиленген мөөнөттөрдүн сакталышын текшерүү;
(ii) ЖАКПга ылайык компенсацияларды төлөө, реабилитациялоо жана социалдык өнүгүүнү колдоо боюнча чаралар ишке ашырылганын жана алардын жетиштүү экендигин аныктоо;
(iii) көйгөйлөрдү же мүмкүн болуучу көйгөйлөрдү аныктоо;
(iv) көйгөйлөрдү же мүмкүн болуучу көйгөйлөрдү азайтуу үчүн дароо/тез жооп берүү ыкмаларды аныктоо;
(v) ДКМдин иштешин жана эгерде бар болсо, арыздардын өз убагында жана натыйжалуу каралышын камсыз кылуу; жана
(vi) ДТТКлардын жашоо деңгээлин калыбына келтирүүнү же жакшыртууну камсыз кылуу.

194. ДИБдин социалдык коргоо боюнча адиси ички мониторинг үчүн жооптуу болот. Ички мониторингдин көлөмү атап айтканда, төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) Долбоордун таасирине кабылган адамдар менен маалымат жана консультацияларды ачыкка чыгаруу;
(ii) ТКМ менен ДТТКлардын ортосунда ЖАК келишимдерин түзүүнүн жүрүшү;
(iii) Компенсацияларды жана пособиелерди төлөөнүн жүрүшү;
(iv) ТЭКти тазалоонун жүрүшү;
(v) Кайра жайгаштырыла турган кожолуктарды көчүрүүнүн жүрүшү;
(vi) Долбоордун таасирине кабылган ишкердүүлүк объектилерин көчүрүүнүн жүрүшү;
(vii) Күтүлбөгөн ЖАКтар;
(viii) Күтүлбөгөн таасирлердин чечилиши;
(ix) ЖАКтан кийин кыймылсыз мүлк жана жер участоктору менен бүтүмдөрдүн абалы;
(x) даттануу учурлары жана аларды чечүүнүн абалы; жана

(xi) суроолор/проблемалар, түшүндүрмөлөр жана/же жоопту иш аракеттер жана сунуштар.

195. 31-таблицада келтирилген көрсөткүчтөр менен маалыматтарды чогултуу ДИБ тарабынан ЖАКК жана ККҚнын көмөктөшүүсү менен ишке ашырылат. ЖАКПны ишке ашыруу процессинде ДИБ ДИнин маалыматтарынын жана баалоонун жыйынтыктарынын негизинде ЖАКтын маалымат базасын түзөт. Мониторинг учурунда алынган маалыматтар базаны ай сайын жаңыртуу үчүн колдонулат. Ошондой эле, маалымат базасынын басылган көчүрмөлөрү дагы, ай сайын документтештирилет.

**31-таблица: Ички мониторинг боюнча иш-чаралар жана көрсөткүчтөр**

| № | Иш-чара | Индикатор |
|---|---|---|
| 1 | Маалыматтын ачыкка чыгышы жана коомдук консультация | • КЖМБнын таркатылышы (саны)<br>• Түрү боюнча консультациялык жолугушуулар (саны)<br>• Негизги көтөрүлгөн суроолор<br>• Түрү боюнча катышуучулар (саны, жынысы, ДТЖКлардын түрү) |
| 2 | Макулдашууга кол коюу | • ДТЖКлар түрү боюнча (саны)<br>• Келишимдердин долбоорлорун аяктоо (саны жана %)<br>• Келишимдерге кол коюунун аяктоосу (саны жана %) |
| 3 | Административдик укуктук инструменттер жана компенсациялык төлөмдөр | • ДТЖКлар боюнча түрү боюнча аткарылган төлөмдөр (саны жана %)<br>• Жоготуулардын түрү боюнча аткарылган төлөмдөр (%)<br>• Тандалган ДТЖКлар үчүн түрлөрү боюнча төлөмдөрдү алуу абалы<br>• Көчүрүүгө мүмкүн эмес болгон ДТЖКлар( саны )<br>• Төлөмдөрдүн өз убагында төлөнүшү<br>• Жер участокторун жана кыймылсыз мүлктү кайра каттоо (саны жана %) |
| 4 | Жылдыруу | • Физикалык жактан жер которгон ДТЖКлар (саны жана %)<br>• Жер которгон экономикалык ишмердүүлүк объекттери (саны жана %) |
| 5 | Даттануулар | • Түрү боюнча келип түшкөн даттануулар (саны)<br>• Даттануулардын түрлөрү боюнча кабыл алынган чечимдер (саны)<br>• Кароо деңгээли боюнча чечилбеген даттануулар (саны) |
| 6 | Калыбына келтирүү боюнча жардам (эгер бар болсо) | • Жер тилкелери, жумуш орду жана бизнес/ишкана программалары үчүн укуктуу ДТЖКлар (саны)<br>• Үч программанын алкагында каржылык колдоо көрсөтүү үчүн грант бөлүү<br>• Түрү боюнча чеберчиликти өнүктүрүү боюнча тренингдер(саны)<br>• Түрү, жынысы боюнча тренингдин катышуучулары (саны жана %)<br>• Тренингге катышуунун үлүшү |
| 7 | Бюджетти өздөштүрүү | • Бюджетти жалпы өздөштүрүү (%)<br>• Категориялар боюнча бюджетти өздөштүрүү жана сарптоо (суммасы жана %) |

196. Ичики мониторинг жөнүндө отчет ТКМге жана АӨБго жарым жылда бир жолу берилет. Мындай отчеттордо, 31-таблицада көрсөтүлгөн көрсөткүчтөрдү колдонуу менен, акыркы 6 айдагы ЖАК боюнча маалыматтар таблица түрүндө ЖАКтын маалымат базасынын анализдөөнүн

негизинде прогрессти чагылдырган жана пландалган жана аткарылган ишке ашыруу мөөнөттөрүн ж.б. салыштыруу түрүндө берилет (28-таблица).

197. ЖАКПны ишке ашыруу толук же секциялар боюнча аяктагандан кийин, ДИБ АӨБдун бекитүүсү үчүн, талаптарды аткаруу жөнүндө отчет даярдайт. ТКМ подрядчыга курулуш иштерин баштоо жөнүндө билдирүүнү АӨБ талаптарды тийиштүү участокто аткарылганы жөнүндө отчетту бекиткенден кийин жана МК бергенден кийин гана берет.

198. Акыркы мониторинг/ишке ашыруу, ЖАКтын аяктагандыгы жөнүндө отчеттун функциясын дагы аткарышы мүмкүн. Отчетторду тапшыруу графики төмөндө таблицада берилген.

**32-таблица: ЖАКты ишке ашыруу жана ички мониторинг боюнча отчетторду тапшыруу графиги**

| Отчет | | Күнү |
|---|---|---|
| Мониторинг боюнча отчет | №1 | 15-июль 2025-ж. |
| | №2 | 15-январь 2026-ж. |
| | №3 | 15-июль 2026-ж. |
| | №4 | 15-январь 2027-ж. |
| | №5 | 15-июль 2027-ж. |
| | №6 (жыйынтыктоочу) | 31-янв. 2028-ж. |
| 2-участок үчүн шайкештик тууралуу отчет | | Июль-август, 2025-жыл |
| 3-участок үчүн шайкештик тууралуу отчет | | Ноябрь-декабрь, 2025-жыл |

### 9.2. Тышкы мониторинг

199. Долбоорду ишке ашыруу учурунда ТКМ жана ДИБ үчүн долбоорду башкаруу жана потенциалды жогорулатуу боюнча иш-чаралар үчүн кошумча чара катары тышкы мониторинг киргизилет. Бул ЖАКПны, жаңыртылган ЖАКПны, толукталган ЖАКПны, ТИПти жана башка документти, ишке ашырууда талап кылынган компенсациялоо процессине жана башка иш-аракеттерге мониторинг жүргүзүүдө жана баалоодо ДИБ/ТКМге шайкештик жөнүндө отчетторду өз убагында даярдоону жана техникалык колдоону камсыз кылышы керек. Ошондой эле, тышкы мониторинг боюнча адис, ТКМ/ДИБге ТКМдин, ДИБдин, жергиликтүү бийлик органдарынын, ДКМдин байланыш адамдарынын, көзөмөлдөөчү консультанттын жана консультанттын жана подрядчынын персоналынын, долбоор боюнча татаал даттанууларды, эгерде бар болсо, натыйжалуу жана өз убагында чечүү үчүн потенциалын жогорулатууда колдоо көрсөтөт.

200. Долбоор жактырылгандан кийин жана кредит күчүнө киргенге чейин, ДИБ/ТКМ тышкы мониторинг боюнча эл аралык адисти төмөнкүлөр үчүн тартат (i) АӨБдун КЧСЖсынын талаптарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана алдыңкы тажрыйбага ылайык ЖАКПнын секциялар боюнча аткарылышын ырастаган отчетту даярдоо; жана (ii) АА/ИА

тарабынан даярдалган социалдык мониторингдин жарым жылдык жана жылдык отчетторун текшерүү, даттануулардын статусун текшерүү, күтүүсүз таасирлердин учурларын, эгер бар болсо, жана керек болгон учурда түзөтүүчү иш аракеттер боюнча сунуштарды даярдоо, (iii) талапка ылайык, жаңыланган ЖАКПнын, ТИПтин, Толукталган ЖАКПнын, SDDR жана/же социалдык коргоо чараларынын башка чаралары боюнча жаңыланган документтердин толук аткарылышын тастыктаган шайкештик жөнүндө отчетту(отчетторду) даярдоо.

201. 12-тиркемеде тышкы мониторинг боюнча адистин техникалык тапшырмасы (ТТ) келтирилген. Ал, долбоор жактырылгандан кийин жаңыртылат.

# Тиркемелер

## 1-тиркеме: ТКМдин мораторийдин датасы жата ТЭК тууралуу билдирүү каты

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ | МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И КОММУНИКАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
|---|---|
| 720017, Бишкек ш., Исанов коч., 42<br>тел.+ 996 (312) 31-43-85, 31-43-13,<br>факс: + 996 (312) 31-28-11<br>E-mail: mtd@mtd.gov.kg<br>www.mtd.gov.kg | 720017, г. Бишкек, ул. Исанова, 42<br>тел.+ 996 (312) 31-43-85, 31-43-13,<br>факс: +996 (312) 31-28-11<br>E-mail: mtd@mtd.gov.kg<br>www.mtd.gov.kg |

**№ ________________** **«___»____________2023 ж.(г.)**
**На №_______________**

**Полномочному представителю Президента КР**
**в Иссык-Кульской области**
**Иманбетову И.Ж**

**Уважаемый Ильяз Женишович**

Как вам известно, на сегодняшний день в рамках проекта «Реконструкции Иссык-Кульской кольцевой автодороги на участке от села Барскоон до города Каракол» подготовлен детальный дизайн проекта.

В рамках подготовки проекта, главами всех айыльных аймаков, располагающихся на проектном участке, различными датами были выпущены распоряжения о приостановке строительства на участках вдоль автодороги, находящихся в зоне реализации проекта, что являлось Датой прекращения.

Доносим до вашего сведения, что при реализации проекта коридор воздействия будет основываться на детальном дизайне проекта и единой датой прекращения для всех айыльных аймаков, располагающихся на проектном участке будет являться 12 июня 2023 года, это связано с проведением последней переписи населения в этот день.

**С уважением,**
**Заместитель министра** **Ы.Ж. Бариев**

Исп: Рыскулов А.
0556996312

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Чыг. № 09-5/4848, 13.07.2023 Кол койгон: Бариев Ы.Ж., 13.07.2023

Каттын котормосу

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Иманбетов И.Ж.га**

**Урматтуу Ильяз Жеңишович,**

Сизге маалым болгондой, бүгүнкү күндө "Ысык-Көл айланма жолунун Барскоон айылынан Каракол шаарына чейинки бөлүгүн реконструкциялоо" долбоорунун алкагында долбоордун деталдуу дизайны даярдалды.

Долбоорду даярдоонун алкагында, долбоор өтө турган аймакта жайгашкан бардык айыл аймактардын башчылары тарабынан, ар кандай даталар менен автожолдун боюндагы зонада курулушту токтотуу тууралуу токтомдор чыгарылган. Токтомдо көрсөтүлгөн даталар Токтотуу күнү болгон.

Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө тассир этүүчү коридор, долбоордун деталдуу дизайнына негизделет, жана долбоордук аймакта жайгашкан бардык айыл аймактар үчүн, бирдиктүү Токтотуу датасы 2023-жылдын 12-июну болот, бул дата, акыркы эл каттоо ушул күнү өткөрүлгөнү менен байланыш.

Урматтоо менен,
Министрдин орун басары Ы.Ж. Бариев

Атк: Рыскулов А.
0556996312

Чыг. № 09-5/4848, 13.07.2023

## 3-тиркеме: Карьерлердин жана айланма жолдордун, эс алуу жайларынын жана кароо аянтчаларынын тизмеси

Эс алуу жайларынын жана кароо аянтчаларынын тизмеси

| Эс алуу жайы жана кароо аянтчасы | Таасири тийген мамлекеттик жерлер (га) | ДТТА |
|---|---|---|
| 1-эс алуу жайы (км 144+670, сол жак) | 0.6 | 0 |
| Кароо аянтчасы (км145+858, сол жак) | 0.78 | 0 |
| 2-эс алуу жайы (км157+546, оң жак) | 0.5 | 0 |
| 3-эс алуу жайы (км160+113, сол жак) | 0.5 | 0 |
| 4-эс алуу жайы (км172+020, оң жак) | 0.45 | 0 |
| 5-эс алуу жайы (км172+424, сол жак) | Учурда иштейт | 0 |
| 6-эс алуу жайы (км209+417, оң жак) | 0.32 | 0 |
| **Бардыгы** | **3.15** | **0** |

Жаңы карьерлердин жана грунт ала турган резервдердин тизмеси

| Участктун номери | | Пикет | Жайгашкан жери | Аралыгы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| Иштеп жаткандар | 1 | 140+070 | оң жакта | 2.8 | |
| | 2 | 140+700 | оң жакта | 20.0 | |
| | 3 | 146+000 | оң жакта | 0.1 | |
| | 4 | 156+500 | оң жакта | 1.0 | |
| | 5 | 173+000 | сол жакта | 5.0 | |
| | 6 | 205+000 | сол жакта | 1.0 | |
| | 7 | 211+000 | оң жакта | 3.0 | |
| | 8 | 213+500 | оң жакта | 1.5 | |
| | 9 | 220+000 | Чыгыш тарапта | 10.0 | |
| Жаңы карьерлер | 1 | 140+700 | оң жакта | 1.5 | Колдонулбайт |
| | 2 | 145+580 | оң жакта | 0.2 | |
| | 3 | 146+000 | оң жакта | 0.1 | |
| | 4 | 154+840 | оң жакта | 0.8 | |
| | 5 | 156+500 | оң жакта | | |
| | 6 | 171+320 | сол жакта | | Жээкте |
| | 7 | 173+000 | сол жакта | 5.0 | |
| | 8 | 204+220 | оң жакта | 8.0 | |
| | 9 | 205+000 | сол жакта | 1.0 | |
| | 10 | 211+500 | оң жакта | 0.6 | |
| | 11 | 213+500 | оң жакта | 1.5 | Ижара |

Айланма жолдордун тизмеси *

| № | **Жайгашкан жери** | **Кесилиши** | **Узундугу ( м )** |
|---|---|---|---|
| 1 | м 145+136,05 - жаңы курулуш | Чоң-Жаргылчак дарыясы | 15 |
| 2 | km 149+326 - жаңы сугат курулушу | Акведук | 63 |
| 3 | 178+957 – таманын алмаштыруу | Кичине-Кызыл-Суу дарыясы | 15 |
| 4 | км 181+961,5 - жаңы курулуш | Чон Кызыл-Суу дарыясы | 18 |
| 5 | км 199+697,55 - жаңы курулуш | Жети-Өгүз дарыясы | 18 |
| 6 | km 209+534.50 - жаңы курулуш | Ырдык дарыясы | 18 |

## 4-тиркеме: Коомдук консультациялардын протоколдору

### A. Коомдук консультациялардын биринчи раунду

#### 1. Барскоон айыл аймагы

**Орду :** Барскоон айыл аймагы
**Күнү:** 17- январь, 2023-жыл
**Убактысы :** 09.30 - 11.30
Катышуучулардын **саны** : 40 катышуучу Барскоон районунун администрациясынан, ДИБ, ТКМ, ДИ жана Жети-Өгүз районунан жана Барскоон айыл аймагынын администрациясынан.

**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Асаналиев Болот - Барскоон жергиликтүү администрациясынын башчысы
Асаналиев Санжар - ТКМдин ДИБнин координатору
Султанов Уланбек – ДИнин директорунун орун басары
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - көчүрүү боюнча улуттук адис
Барскоон райондук администрациясынын жыйындар залында консультациялар өттү. Анда 6 аял жана 34 эркек катышты. Негизги суроолор сунушталган долбоордук иш-чараларга жана алар менен байшанышкан сунуштарга тиешелүү болду.

**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:**
- Долбоор жана ага байланыштуу иштер жөнүндө жалпы маалымат;
- Жолдун техникалык параметрлери жөнүндө маалымат;
- АӨБдун КЧСЖсынын талаптары (2009);
- Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын даярдоо процесси;
- ДКМ жана байланыша турган адамдардын байланыш маалыматтары.

**Асаналиев Санжар, ТКМ ДИБнин координатору:** Долбоор жөнүндө жалпы маалымат – долбоорду ишке ашыруунун абалы, каржылоо булактары жана отчетторду даярдоо үчүн зарыл болгон пландаштырылган иш-чаралар жөнүндө маалымат берди.
**Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис:** АӨБдун 2009-жылдагы КЧСЖсындагы талаптары, ЖАКП жана Социалдык текшерүү отчетун (SDDR) даярдоо жол-жоболору жана ДКМ процедуралары жөнүндө маалымат берди.
**Султанов Уланбек – «Кыргыздортранспроект» ДИнин директорунун орун басары:** долбоордун техникалык параметрлери – жол категориясы, жолдун туурасы жана кошумча объектилер тууралуу маалымат боюнча кеңири презентация берди.

**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| № | Суроолор жана сунуштар | Жооптор |
|---|---|---|
| 1 | Курулуш иштери качан башталат? | Учурда долбоор деталдык долбоорлоо стадиясында. Долбоор бардык тараптар тарабынан жактырылып, кредиттик келишимге кол коюлгандан кийин долбоорду ишке ашыруу башталат. Болжол менен 2024 -жылдын орто ченинде. |
| 2 | Курулуш иштерине жергиликтүү тургундар тартылабы? | Жергиликтүү тургундардын тиешелүү жөндөмү жана тажрыйбасы бар болсо, курулуш мезгилинде ишке тартылышы мүмкүн. |
| 3 | Деталдуу долбоорду даярдоодо мүмкүн болушунча жергиликтүү калктын муктаждыктарын жана каалоолорун эске алуу үчүн жергиликтүү бийлик органдары менен тынымсыз иштешүү зарыл. | Деталдуу долбоорду даярдоонун жүрүшүндө ДИБ/ ТКМ жана ДИнин өкүлдөрү жергиликтүү калк жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен тиешелүү жолугушууларды жана консультацияларды өткөрүштү. |
| 4 | Долбоордо скотопрогондор каралганбы? | Долбоордун алкагында Барскоон жана Жаргылчак айылдарынын ортосунда скотопрогон каралган . |
| 5 | Долбоордун тассири тийген жол боюндагы айыл чарба жерлери кандай болот? | Учурда долбоордун таасири астында кала турган жергиликтүү калктын мүлкүн/мүлктөрүн аныктоо иштери жүрүп жатат. Мамкаттоо жергиликтүү бийлик |

| | | |
|---|---|---|
| | | органдарынын жана башка кызыкдар тараптардын колдоосу менен долбоордун таасири астында кала турган мүлктү деталдуу өлчөө иштерин жүргүзөт. Бул иштин жыйынтыгы апрель айынын башында даяр болот. |

## 2. Дархан айыл аймагы

**Өткөн жери:** Дархан айыл аймагы
**Күнү:** 17-январь, 2023-жыл
**Сааты:** 13.00 - 14.30
**Катышуучулардын саны:** Дархан айылынан 25 катышуучу, ДИБ/ТКМ, ДИ, Жети -Өгүз районунун жана Дархан айыл аймагынын администрациялары.

**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Аджиев Кадырбек - Дархан айыл өкмөтүнүн башчысы
Асаналиев Санжар – ТКМдин ДИБнин координатору
Султанов Уланбек - ДИнин директорунун орун басары
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - Көчүрүү боюнча улуттук адис
Кеңешмелер Дархан айылынын жергиликтүү администрациясынын имаратында өттү. Анда 5 аял жана 20 эркек катышты. Негизги суроолор сунушталган долбоордук иш-чараларга жана алар менен байшанышкан сунуштарга тиешелүү болду.

**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:**
- Долбоор жана ага байланыштуу иштер жөнүндө жалпы маалымат;
- Жолдун техникалык параметрлери жөнүндө маалымат;
- АӨБдун КЧСЖсынын талаптары ( 2009 );
- Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын даярдоо процесси;
- ДКМ жана байланыша турган адамдардын байланыш маалыматтары.

**Асаналиев Санжар, ТКМ ДИБнин координатору:** Долбоор жөнүндө жалпы маалымат – долбоорду ишке ашыруунун абалы, каржылоо булактары жана отчетторду даярдоо үчүн зарыл болгон пландаштырылган иш-чаралар жөнүндө маалымат берди.
**Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис :** АӨБдун 2009-жылдагы КЧСЖсындагы талаптары, ЖАКП жана Социалдык текшерүү отчетун (SDDR) даярдоо жол-жоболору жана ДКМ процедуралары жөнүндө маалымат берди.
**Султанов Уланбек – «Кыргыздортранспроект» ДИнин директорунун орун басары:** долбоордун техникалык параметрлери – жол категориясы, жолдун туурасы жана кошумча объектилер тууралуу маалымат боюнча кеңири презентация берди.

**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| № | Суроолор жана сунуштар | Жооптор |
|---|---|---|
| 1 | Курулуш иштери качан башталат? | Болжолдуу күнү - 2024 -жылдын орто чени. |
| 2 | Курулуш иштерине жергиликтүү тургундар тартылабы? | Ооба, силерде жумушка тиешелүү жөндөм жана тажрыйба бар болсо. |
| 3 | Жаңы жолдун ортосуна парапеттер/тосмолор орнотулабы? | Долбоордо жолдун эки каршы тилкесинин ортосуна темир тосмолор орнотулат. Темир тосмолор калктуу конуштардын аймагынын сыртында орнотулат. |
| 4 | Калктуу конуштарда үч тилкелүү гана жолду долбоорлосо болобу? | СНиПтин талаптарына жана Евразия экономикалык биримдигинин стандарттарына ылайык жаңыланган документтерге ылайык, II категориядагы жол буга жол бербейт. |
| 5 | Жол боюна велосипед жолу салынабы? | Велосипед жолу долбоорго киргизилген эмес |
| 6 | Дархан айылында канча жер астынан өтмөк курулат? | Эки мектептин ортосуна бир жер астынан өтмөк курулат. |
| 7 | Жаңы жолдун полотносунун деңгээли канчага көтөрүлөт? | Деңгээлдин көтөрүлүшү минималдуу болот. Учурдагы кирүүчү жолдор жана жолго карата үйлөрдүн учурдагы деңгээли эске алынган. |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | Даярдоо учурунда, эгер бар болсо, учурдагы инженердик коммуникацияларды көчүрүү эске алынсын. | Ооба, учурдагы коммуналдык кызматтар боюнча маалыматтар тиешелүү кызматтардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана архитектура бөлүмүнөн алынган. |

### 3. Кызыл- Суу айыл аймагы

**Жери:** Кызыл- Суу айыл аймагы
**Дата:** 17-январь, 2023-жыл
**Саат:** 15.00 – 16.30
**Катышуучулардын саны:** Кызыл- Суу айыл аймагынан 58 катышуучу, ДИБ/ТКМ, ДИ, Жети -Өгүз районунун жана Кызыл-Суу айыл аймагынын администрациялары.
**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Төлөнов – Кызыл- Суу айыл өкмөтүнүн башчысы.
Асаналиев Санжар – ТКМдин ДИБнин координатору
Султанов Уланбек - ДИнин директорунун орун басары
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - Көчүрүү боюнча улуттук адис
Кеңешмелер Кызыл-Суу акимчилигинин имаратында өттү. Анда 20 аял жана 38 эркек катышты. Негизги суроолор сунушталган долбоордук иш-чараларга жана алар менен байшанышкан сунуштарга тиешелүү болду.
**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:**

- Долбоор жана ага байланыштуу иштер жөнүндө жалпы маалымат;
- Жолдун техникалык параметрлери жөнүндө маалымат;
- АӨБдун КЧСЖсынын талаптары ( 2009 );
- Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын даярдоо процесси;
- ДКМ жана байланыша турган адамдардын байланыш маалыматтары.

**Асаналиев Санжар, ТКМ ДИБнин координатору:** Долбоор жөнүндө жалпы маалымат – долбоорду ишке ашыруунун абалы, каржылоо булактары жана отчетторду даярдоо үчүн зарыл болгон пландаштырылган иш-чаралар жөнүндө маалымат берди.
**Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис :** АӨБдун 2009-жылдагы КЧСЖсындагы талаптары, ЖАКП жана Социалдык текшерүү отчетун (SDDR) даярдоо жол-жоболору жана ДКМ процедуралары жөнүндө маалымат берди.
**Султанов Уланбек – «Кыргыздортранспроект» ДИнин директорунун орун басары:** долбоордун техникалык параметрлери – жол категориясы, жолдун туурасы жана кошумча объектилер тууралуу маалымат боюнча кеңири презентация берди.

**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| № | Суроолор жана сунуштар | Жооптор |
|---|---|---|
| 1 | Курулуш иштери качан башталат? | Болжолдуу күнү - 2024 -жылдын орто чени. |
| 2 | Өзгөчө кырдаалдар министрлиги дарыялардын жээктерин бекемдөө боюнча иштерди жүргүзүүдө жана иш-чараларды пландаштырылган долбоордук иш-чаралар менен координациялоо абдан маанилүү. | ТКМ өз ара аракеттенүүгө даяр жана кызыкдар тараптарга бардык зарыл маалыматтарды берүүгө даяр. |
| 3 | Долбоордун таасири тийген жергиликтүү тургундардын мүлкү үчүн компенсация каралганбы? | Ооба, Мамкаттоо, Долбоорлоо институтунун, жергиликтүү бийлик органдарынын жана башка жергиликтүү бийлик органдарынын колдоосу менен бардык долбоордун таасири тийген активдерге баа берүү иштерин жүргүзөт. Долбоордун таасири тийген үй чарбаларынын жана жабыркаган мүлктөрдүн тизмеси, алардын укуктук статусун көрсөтүү менен апрелдин башында даяр болот. Бул тизменин негизинде долбоордун таасири тийген активдерге көз карандысыз баалоо жүргүзүлөт. Баалоонун жыйынтыгы боюнча компенсацияны аныктаган |

| | | |
|---|---|---|
| | | ЖАКПда ар бир айыл жергесинде даярдалып, коомчулукка жарыяланат . |
| 4 | Реабилитациядан кийин жол кандай салмакты көтөрөт? | Болжолдуу октук жүк көтөрүү 11,5 тоннаны түзөт. |
| 5 | Кызыл-Суу айылына жер астындагы өтмөктөрдү куруу пландалып жатабы ? | Ооба, 2 жер астындагы өтмөк курулат. |
| 6 | Сураныч, калктуу конуштарда тосмолорду/парапеттерди орнотпой эле койгулачы. | Калктуу конуштардан тышкары темир тосмолор/парапеттер орнотулат. |
| 7 | Кызыл- Суу айылындагы жол коопсуздугу маселесин эске алуу зарыл. Бул айылда, райондун борбору болгондуктан, көп калк жашайт. | Жол чырактар (Светофор), жер астындагы өтмөктөр жана жол белгилери орнотулат. |
| 8 | Объекттин курулушун пландаштырууда биздин айыл аймактан баштагыла. | Сунушуңузду сөзсүз эске алабыз. Адатта, подрядчы ЖАКтан бош участокторунда ишти баштайт.<br>ДИнин жыйынтыктары жана тиешелүү отчетторду даярдоонун негизинде көчүрүү таасири тийбеген жана курулуш баштала турган ар кандай участоктор аныкталат. |

## 4. Челпек айыл аймагы

**Жери:** Ак-Суу району
**Күнү :** 18- январь , 2023-жыл
**Убактысы :** 9.30 – 11.00
**Катышуучулардын саны:** Челпек айыл аймагынан 10 катышуучу, ТКМ/ДИБ, ДИ, Мамкаттоо, Ак-Суу райондук администрациясы жана Челпек айыл аймагынын администрациясы.

**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Дорбаев Максат Ак- Суу райондук администрациясынын башчысынын орун басары .
Асаналиев Санжар – ТКМдин ДИБнин координатору
Султанов Уланбек - ДИнин директорунун орун басары
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - Көчүрүү боюнча улуттук адис
Коснультациялара Ак-Суу райондук администрациясынын имаратында өткөрүлдү. Анда 10 эркек катышты. Негизги суроолор сунушталган долбоордук иш-чараларга жана алар менен байшанышкан сунуштарга тиешелүү болду.

**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:**
- Долбоор жана ага байланыштуу иштер жөнүндө жалпы маалымат;
- Жолдун техникалык параметрлери жөнүндө маалымат;
- АӨБдун КЧСЖсынын талаптары ( 2009 );
- Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын даярдоо процесси;
- ДКМ жана байланыша турган адамдардын байланыш маалыматтары.

**Асаналиев Санжар, ТКМ ДИБнин координатору:** Долбоор жөнүндө жалпы маалымат – долбоорду ишке ашыруунун абалы, каржылоо булактары жана отчетторду даярдоо үчүн зарыл болгон пландаштырылган иш-чаралар жөнүндө маалымат берди.
**Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис :** АӨБдун 2009-жылдагы КЧСЖсындагы талаптары, ЖАКП жана Социалдык текшерүү отчетун (SDDR) даярдоо жол-жоболору жана ДКМ процедуралары жөнүндө маалымат берди.
**Султанов Уланбек – «Кыргыздортранспроект» ДИнин директорунун орун басары:** долбоордун техникалык параметрлери – жол категориясы, жолдун туурасы жана кошумча объектилер тууралуу маалымат боюнча кеңири презентация берди.

**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| № | Суроолор жана сунуштар | Жооптор |
|---|---|---|
| 1 | Курулуш иштери качан башталат? | Учурда долбоор деталдык долбоорлоо стадиясында. Долбоор бардык тараптар |

| | | |
|---|---|---|
| | | тарабынан жактырылып, кредиттик келишимге кол коюлгандан кийин долбоорду ишке ашыруу башталат. Болжол менен 2024 -жылдын орто ченинде. |
| 2 | Челпек аймагы аркылуу болжолдуу 5 км. Долбоордук жол өтөт экен. Жолдун боюнда үч май куюучу жай жана жергиликтүү калктын айыл чарба жерлери бар. Жергиликтүү бийлик Мамкаттоо менен биргеликте жол боюндагы жер ээлеринин документтерин жана тизмесин чогулта баштады. Жаңы долбоордук жолдун чек аралары такталгандан кийин, кимдин жер тилкелерине долбоордун таасири тийери белгилүү болот.<br><br>Бирок, азыркы жолдун сол жагындагы гана мамлекеттик жерди пайдаланууга болобу? | Долбоорлоо институтунун инженер-топографтары жаңы трассанын чек арасын тактоо жана белгилөө иштерин жүргүзүшөт.<br><br>Мамлекеттик жерди гана пайдаланса болот, бирок долбоорду өзгөртүүгө болобу же жокпу, текшеришибиз керек? |
| 3 | Жергиликтүү тургундардын долбоордун таасири тийген мүлкү үчүн компенсация каралганбы? | Ооба. Долбоордун таасири тийген үй чарбаларынын жана жабыркаган мүлктөрдүн тизмеси, алардын укуктук статусун көрсөтүү менен апрелдин башында даяр болот. Бул тизменин негизинде долбоордун таасири тийген активдерге көз карандысыз баа берилет жана ЖАКП даярдалат. |

## B. Коомдук консультациялардын экинчи раунду

### 1. Жаргылчак айыл аймагы

**Жери:** Жаргылчак айыл _ аймак
**Күнү:** 08- июнь , 2023-жыл
**Убактысы:** 10.00 – 11.30
**Катышуучулардын саны:** Чоң- Жаргылчак, Кичи-Жаргылчак, Ак-Терек жана Жеңиш айылдарынан 38 катышуучу, ТКМдин ДИБи жана Жаргылчак айыл аймагынын администрациясы.

**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Асанбаев Алгабас – Жаргылчак айыл өкмөтүнүн башчысы
Рыскулов Атай – ТКМдин ДИБнин социалдык коргоо чаралары боюнча адиси
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - Көчүрүү боюнча улуттук адис
Консультациялар Жаргылчак жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун жыйындар залында өттү. Катышуучулардын арасында 7 аял жана 31 эркек катышты. Негизги маселелер сунушталган долбоордук иш-чараларга жана ЖАКПны даярдоого байланыштуу болду.

**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:**
- Долбоор жана ага байланыштуу иштер жөнүндө жалпы маалымат;
- Таасирди азайтуу үчүн деталдык долбоорго өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- АӨБдун КЧСЖсынын талаптары ( 2009 );
- Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын даярдоо процесси;
- Чейнки жана кийинки баалоо;
- ДКМ жана байланыша турган адамдардын байланыш маалыматтары.

**Рыскулов Атай – ТКМдин ДИБинин социалдык коргоо боюнча адиси :** долбоор, долбоордун дизайны жана таасирди азайтуу үчүн өзгөртүүлөр– долбоорду ишке ашыруунун абалы, каржылоо булактары жана ЖАКПны даярдоо статусу жөнүндө жалпы маалымат берди.
**Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис :** АӨБдун 2009-жылдын КЧСЖсындагы талаптары, ЖАКПны даярдоо процедуралары жана ДКМ процедуралары жөнүндө маалымат берди . Ошондой эле, ал ДИнин жыйынтыгы айыл аймактын жетекчилигине жеткирилип жатканын билдирди .
**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| **№** | **Суроолор жана сунуштар** | **Жооптор** |
|---|---|---|
| 1 | Долбоордун курулуш иштери качан башталат? | Учурда долбоор ДД даярдоо стадиясында турат. Долбоор бардык тараптар долбоорду бекитип , кредиттик келишимге кол койгондон кийин башталат. Болжолдуу түрдө 2024-жылдын орто ченинде. |
| 2 | Курулуш иштерине жергиликтүү тургундар тартылабы? | Жергиликтүү тургундардын тиешелүү жөндөмдөрү жана тажрыйбасы бар болсо, курулуш мезгилинде тартылышы мүмкүн. |
| 3 | Долбоордо скотопрогондор барбы ? | Долбоордо Барскоон жана Жаргылчак айыл аймактарынын ортосунда скотопрогон каралган. |
| 4 | Жол боюндагы жайгашкан долбоордун таасири тийе турган айыл чарба объектилери эмне болот? | Учурда долбоордун таасири тийе турган мүлк/активдер жана ДТТКлар аныкталып, документтештирилди. Долбоордун таасири тийген жерлер, бак-дарактар жана айдоолор тийиштүү түрдө компенсацияланат |

**2. Саруу айыл аймагы**

**Жери:** Саруу айыл аймагы
**Күнү:** 08- июнь , 2023-жыл
**Убактысы :**13.30 – 15.00
**Катышуучулардын саны:** Саруу айыл аймагынан 30 катышуучу, ТКМдин/ДИБи жана Саруу айыл аймагынын администрациясы.

**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Болот Миңбаев – Саруу айыл аймагынын жер маселеси боюнча адиси
Рыскулов Атай – ТКМдин ДИБнин социалдык коргоо чаралары боюнча адиси
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - Көчүрүү боюнча улуттук адис
Кеңешмелер Саруу айылдын жергиликтүү администрациясынын имаратында өттү. Анда 5 аял жана 25 эркек катышты. Негизги маселелер сунушталган долбоордук иш-чараларга жана ЖАКПны даярдоого байланыштуу болду.

**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:** Жаргылчак айыл аймагындагыдай эле.

**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| **№** | **Суроолор жана сунуштар** | **Жооптор** |
|---|---|---|
| 1 | Бул долбоорго жалпы инвестициянын көлөмү канча? | Долбоордун жалпы болжолдуу инвестициясы болжол менен 120 миллион долларды түзөт. Инвестициялардын бир бөлүгү гранттык жардам, ал эми бир бөлүгү насыя түрүндө берилет. Ошондой эле Кыргызча Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети каржылоого өз салымын кошууну камсыз кылат. |
| 2 | Долбоордун таасири тийген активдер эмне болот? | Жабыркаган активдердин ээлерине алмаштыруу наркы боюнча компенсация төлөнөт. ДИ бардык ДТТКларды жана жабыркаган жер жана жер эмес активдерди аныктады. Баалоонун жыйынтыгы айыл аймактын жетекчилигине өткөрүлүп берилди. Көз карандысыз баалоочу жакын арада алмаштыруу чыгымдарын аныктоо үчүн долбоордун таасири тийген активдерге баа берет. |
| 3 | Сарууга айыл аймагына канча жер астындагы өтмөктөр курулат? | Мектептин жанына бир жер астынан өтмөк курулат. |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Курулуш иштеринде жол боюнда жайгашкан көрүстөндөр бузулабы? | Түзүлгөн ДДнын негизинде долбоор көрүстөндөргө таасирин тийгизбейт. |

**3. Ырдык айыл аймагы**

**Жери:** Ырдык айыл аймагы
**Күнү:** 09- июнь , 2023-жыл
**Убактысы:** 9.30 – 11.00
**Катышуучулардын саны:** Конкино, Кытай, Балатабай айылдарынан, ТКМ/ДИБ жана Ырдык айыл аймагынан 18 катышуучу.

**Консультацияларды төмөндөгүлөр өткөрүштү:**
Медербек Султанов – Ырдык айыл өкмөтүнүн башчысы.
Рыскулов Атай – ТКМ ДИБдин социалдык коргоо чаралары боюнча адиси
Чжун Бинфанг - Эл аралык көчүрүү боюнча адис
Азамат Оморбеков - Көчүрүү боюнча улуттук адис
Кеңешмелер Ырдык айылдын жергиликтүү администрациясынын имаратында өттү. Анда 3 аял жана 15 эркек катышты. Негизги маселелер сунушталган долбоордук иш-чараларга жана ЖАКПны даярдоого байланыштуу болду.

**Катышуучуларга берилген негизги маалымат:** мурунку айыл аймактарында берилген маалыматка окшош

**Бул консультациялардын негизги суроолору, сунуштары жана жооптору төмөндөгүлөр болду:**

| № | Суроолор жана сунуштар | Жооптор |
|---|---|---|
| 1 | Курулуш иштери качан башталат? | Болжол менен 2024-жылдын орто ченинде. |
| 2 | Долбоордун таасири тийген жергиликтүү тургундардын мүлкү үчүн компенсация каралганбы? | Ооба, укуктук статусу аныкталган долбоордун таасири тийген кожолуктардын жана активдердин тизмеси даярдалып бул тизме айыл аймактын администрациясына берилген. Жакынкы күндөрү көз карандысыз баалоо жүргүзүлөт. Баалоонун жыйынтыгы боюнча компенсацияны аныктаган ЖАКП ар бир айыл жергесинде даярдалып, ачыкка чыгарылат. |
| 3 | Өтүнүч, долбоорго учурдагы сугат түтүктөрүн киргизип койгулачы. | Ооба, бул типтеги коммуналдык объектилерге көңүл бурулат. ДИБ, подрядчы жана жергиликтүү бийлик керек болгон учурда түтүктөрдү тийиштүү түрдө калыбына келтирүүнү камсыздайт. |

**4. Райондун борбору Кызыл- Суу**
**Жери:** Кызыл- Суу району
**Дата:** 7-июль, 2023-жыл
**Саат:** 15:30 – 17:00
**Катышуучулардын саны:** 60 катышуучу, анын ичинен 15 аял жана 45 эркек.

**Презентацияларды сунуштагандар:**
Асаналиев Санжар, Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ДИБнин координатору
Султанов Уланбек - «Кыргыздортранспроект» ДИнин директорунун орун басары
Рыскулов Атай – ТКМ ДИБнин социалдык коргоо чаралары боюнча адиси
Асылбек Абдыгулов – АӨБ ТКМ ДИБдин экологиялык коргоо чаралары боюнча адис

**Презентациялар**

Консультациялар бир катар презентациялар менен башталып, биринчи сессиянын жүрүшүндө Санжар Асаналиев (АӨБ ТКМ ДИБ) жалпысынан ЫАЖЖ долбоору, айланма жолдун бардык участокторунун абалы, анын ичинде күтүлүп жаткан долбоордун башталышы жана аяктоо даталары жөнүндө кыскача маалымат берди. Андан кийин презентацияда долбоордун сунушталган масштабы жана конкреттүү деталдары, анын ичинде пункттардын ортосундагы транспорттун кетүүчү жана келүүчү агымынын анализинин натыйжалары жөнүндө маалымат берилди, анын бир бөлүгү катары жолдун тийиштүү шарттары, анын ичинде коопсуздук жана дааратканалар жоктугу айыл тургундарынын негизги маселелердин бири экенин көрсөттү.

Андар соң Улан мырза (долбоорлоо институтунун жетекчисинин орун басары) ДИ тарабынан даярдалган Барскоон-Каракол автожолунун долбоорунун деталдары жана аткарыла турган иштер, анын ичинде

техникалык деталдары жана коопсуздук чаралары тууралуу маалымат берүү менен уланты. Ал ошондой эле жумушчу долбоор буга чейин мамлекеттик экспертизага берилип, каралып жатканын билдирди.

Атай Рыскулов (ДИБдин коопсуздук чаралары боюнча адиси) долбоордук жолдогу коопсуздук чаралары менен тааныштырды жана коопсуздук чаралары кандайча чечилгендиги жана кандай иштер аткарылып жаткандыгы, өзгөчө ЖАКП жана долбоордун таасири тийген ТЭК менен байланышкан маселелер боюнча кеңири маалымат берди. Ал ошондой эле ЖАКПга байланыштуу маселелерди чечүү үчүн мамлекеттик органдардын жол-жоболору боюнча маалымат берди. Андан кийин ал ДИБ жана консультанттар тарабынан жүргүзүлгөн гендердик, социалдык, туризм жана жакырчылык боюнча изилдөөлөр боюнча маалымат берди. Ал белгилегендей, жалпысынан 200 жергиликтүү кыз-келиндердин экономикалык ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүү үчүн түрдүү тармактарда, анын ичинде туризмде окуулар өткөрүлөт.

Андан соң жыйынды Асылбек Абдыгулов (ДИБдин экологиялык коргоо чаралары боюнча адиси) уланты. Долбоордун аймагы Рамсар конвенциясы тарабынан корголгон биосфералык аймак экенин белгилеп, экология, жаратылышты коргоо, археологиялык маселелер боюнча маалымат берди. Ал жолду кеңейтүүгө байланыштуу бак-дарактарды кыюу боюнча маалымат берип, кыйылган бак-дарактар алмаштырыла турганын баса белгилеп, 6 миңден ашуун көчөт отургузула турган жерлерди көрсөттү. Ал ошондой эле курулуш учурунда айлана-чөйрөгө болгон таасирлерди, анын ичинде ызы-чууну жана титирөөнү азайтуу планын айтып берди жана аймакка мүмкүн болуучу таасирлерди азайтуу же азайтуу үчүн изилдөөлөр жүргүзүлгөнүн белгиледи.

**ЖАК менен байланышкан суроолор жана жооптор***

| Суроо / комментарий | Жооп |
|---|---|
| Мырза Самакеев А. Оргочор айыл өкмөтүнүн жер ресурстары боюнча адиси<br>Жол 36 метрге чейин кеңейтилсе, анын айланасындагы жерлерге, имараттарга жана айдоолорго кандай таасир этет? Кошумчалай кетсек, ал өзгөрүүлөрдүн таасири тийгендерге компенсация берилеби деп сурады. | Мырза Азамат Оморбеков таасирди азайтуу үчүн оптималдуу маршрут иштелип чыккан-деп жооп берди. Ал, ДИБ долбоордун таасирин минималдаштыруу үчүн бардык зарыл чараларды камтыган ЖАКПны (Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын) дээрлик бүтүргөнүн ырастады. Андан ары Азамат Оморбеков долбоордон жабыркаган адамдарга компенсация АӨБдун Коопсуздук саясатынын билдирүүсүнүн талаптарынын негизинде төлөнөрүн түшүндүрдү. Компенсациянын өлчөмү эсептөө процессинде ар кандай факторлорду эске алган матрицаны колдонуу менен көз карандысыз баалоочу тарабынан аныкталган. |

* Долбоор жана айлана-чөйрөгө байланыштуу суроолор жана жооптор боюнча кененирээк маалымат АЧТБда берилген.

## 5-тиркеме: Көчүрүү боюнча маалымат брошюра

# КӨЧҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ БРОШЮРАСЫ

Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоору

ТКМ тарабынан даярдалган

2023-жылдын октябрь айы

### A. Долбоор

Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ) Кыргыз Республикасына Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоорун (долбоор) АӨБ каржылоосуна даярдоого көмөк көрсөтүү үчүн техникалык жардам (ТБ) көрсөтүүдө. Долбоор айланма жолдун болжол менен 75,2 км участогун учурдагы III категориядан II категорияга чейин реконструкциялоону камтыйт жана төмөнкүлөргө багытталган: (i) Ысык-Көл облусунда сооданы, туризмди жана көмүртектүү технологияларга өтүүнү жакшыртуу, (ii) жол секторлорунун реформасынын илгерилетүү (СУДА жана жол кыймылынын коопсуздугу); (iii) айланма жолдун туристтик жагымдуулугун, коопсуздугун жана климаттык туруктуулугун жогорулатуу.

Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (ТКМ) “Аткаруучу агенттик” болот жана Долбоорду ишке ашырууну күнүмдүк башкаруу ТКМ алдындагы Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнө (ДИБ) жүктөлөт.

Бул Долбоордун Деталдык долбоору (ДД) 2023-жылдын январына чейин бүткөрүлүп, 2023-жылдын июлуна чейин мамлекеттик экспертизадан өтүшү күтүлүүдө. Долбоордун башталышы 2024-жылдын ортосуна пландаштырылган.

### B. Көчүрүү менен байланышкан пландоо жана документтер

ТКМ Жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планын (ЖАКП) даярдады, ал төмөнкүлөргө негизделет: (i) деталдуу изилдөө (ДИ) жана долбоордун таасири тийген кожолуктардын менчик укуктарына же долбоордун таасири астында калган жер жан жер эмес активдердин статусуна тиешелүү документтерди чогултуу; (ii) ДИнин натыйжаларына негизделген баалоо, (iii) коомдук консультациялардын жана (iv) долбоордун таасири астында калган үй чарбаларынын социалдык-экономикалык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына негизделген баалоо.

Бул ЖАКП кыргыз жана орус тилдеринде долбоордун таасири тийген бардык айыл аймактарында, ошондой эле Жети-Өгүз, Ак-Суу райондорунун жана Ысык-Көл облусунун мамлекеттик органдарында жеткиликтүү.

### C. Укуктук база

Долбоордун ЖАКы үчүн укуктук базасынын негизинде АӨБдун коргоо саясаты жөнүндө Жобо (2009) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жатат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптар менен АӨБдун саясатынын ортосунда кандайдыр бир карама-каршылыктар болгон учурда, акыркысы артыкчылыкка ээ болот. [46]

Долбоор менен байланышкан ЖАКтын иш-аракеттерин жөнгө салуучу тиешелүү мыйзамдар жана өкмөттүн токтомдору/буйруктары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-жылдын 5-майы)
(ii) Граждандык кодекс (1996-жылдын 8-майы, № 16; 2022-жылдын 18-январындагы редакциясына ылайык)
(iii) Жер кодекси (1999-жылдын 2-июнундагы № 45; 2022-жылдын 20-январындагы редакциясына ылайык)

[46] Эгерде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимде жарандык мыйзамдарда каралгандан башка жоболор белгиленсе, анда эл аралык келишимдин жоболору колдонулат (2017-жылдын Граждандык кодексинин 6-беренеси).

(iv) «Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен байланышкан бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө» Мыйзам (1998-жылдын 22-декабрындагы №153, 2021-жылдын 25-февралындагы редакциясына ылайык)

(v) "Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (2007-жылдын 4-майындагы, 2016-жылдын 27-июлундагы редакциясына ылайык)

(vi) Баалоочулар үчүн баалоо стандарттары (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 3-апрелиндеги № 217 токтому, 2016-жылдын 15-ноябрындагы редакциясына ылайык)

(vii) Жети-Өгүз районунун ЖАККты түзүү жөнүндө №33 буйругу (2023-жылдын 1-февралы).

(viii) Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын ЖАККты түзүү жөнүндө № 60-т буйругу (2023-жылдын 22-февралы).

(ix) Долбоордук жол өткөн айыл аймактардын мораторийдин күнүн белгилеген буйруктары.

(x) Транспорт жана өнөр жай министрлигинин № 35 борбордук жана жергиликтүү ДКТларды түзүү жөнүндө буйругу.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдарды жана токтом/буйруктардын негизги жоболору айыл аймактарда жеткиликтүү болгон ЖАКПда келтирилген.

## D. Компенсация алууга укуктуулк жана административдик-укуктук инструменттер.

Долбоордун алкагында ЖАК учурунда компенсация жана жардам алууга укуктуу ДТТАлар ДИ учурунда аныкталган жана төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) Турак жай жана айыл чарба жерлерин, ошондой эле жанаша жайгашкан жер эмес активдерин жана эгерде бар болсо, ага байланыштуу ишканаларды жоготкон ДТТАлар. Жеринен ажырагандардын санына мыйзамдуу менчик укугуна ээ болгондор жана менчик укугу жок, бирок легалдаштырууга (же каттоого) тийиш болгондор кирет. Жерден тышкаркы активдерге имараттар, курулуштар, бак-дарактар, бадалдар, өскөн өсүмдүктөр ж.б. кирет.

(ii) Жерден тышкаркы активдерин, анын ичинде долбоордук жолдун учурдагы тилкесиндеги жана/же муниципалдык жер тилкесиндеги менчик укугун каттоого мүмкүн болбогон коштоочу ишканаларын жоготуп жаткан ДТТАлар.

ДИ учурунда аныкталбаган, бирок ЖАКты ишке ашыруу учурунда жана/же долбоордун курулушунда ЖАКК тарабынан ушундай деп таанылгандагы ЖАК учурунда компенсация жана жардам алууга укуктуу.

Бардык компенсациялар баа берүүнүн жыйынтыгына негизделет; Толук жана расмий бекитилген баалоо отчету (орусча жана кыргызча версиялары) ТКМде (ТКМдин атынан ДИБ) жана Финансы министрлигинде жеткиликтүү. Жерди, жерге кирбеген активдерди жана долбоорго байланыштуу экономикалык ишмердүүлүгүн үзгүлтүккө учураткан ДТТАлар үчүн административдик-укуктук инструменттер боюнча жоболор төмөндөгү административдик-укуктук инструменттердин таблицасында берилген.

**Административдик-укуктук инструменттердин жалпы матрицасы**

| Жоготуулардын түрү | Колдонулушу | ДТТК жана/же ДТТА (долбоордун таасири тийген кожолуктар жана долбоордун таасири тийген адамдар) | Компенсациянын административдик-укуктук инструменттери (Эскертүү: Бардык компенсациялар көз карандысыз баалоочунун баасына негизделген) |
|---|---|---|---|
| 1. Айыл-чарба жерлерди жоготуу | Таасирдин оордугуна карабастан айыл чарба жерлеринен ажыраган кожолуктар | Ээси | Жоготууга дуушар болгон участоктордун ордуна бирдей баалуу жана түшүмдүүлүктөгү жерлер компенсация катары берилет; же калган жер участогун кайра каттоого кеткен чыгымдар (мүмкүн болгон учурда) жана базар баасы боюнча компенсация. |
| | | Укуктары мыйзамдаштырууга | Аткаруучу агентство тарабынан алардын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мүмкүн болгон менчик ээлери (кээ бир тастыктоочу документтер жок, бирок аларды калыбына келтирүүгө/алууга болот) | мүлкүн легалдаштыргандан кийин калган жер участокторун кайра каттоо же каттоого кеткен чыгымдарды кошкондо, жергиликтүү базар баасы менен компенсация. |
| | | (Муниципалдык / мамлекеттик ) жерлердин ижарачылары | Мыйзамдуу ижарачылар - рыноктук баа боюнча жерди пайдалануу укугун жоготуунун ордун толтуруу же ага эквиваленттүү жер участогун ижарага алуу укугун берүү. |
| | | | Укуктарын мыйзамдаштырууга мүмкүн болгон ижарачылар өз укуктарын мыйзамдаштырып, мыйзамдуу ижарачы катары компенсация алышы керек. |
| | | Формалдуу эмес колдонуучулар | Жер үчүн компесациясы жок, имараттарды, жерди көрктөндүрүү, айыл чарба продукциясын жоготуу үчүн гана компенсация төлөнөт. |
| 2. Айыл чарба эмес жерлерди жоготуу | Коммерциялык/турак жай багытындагы жер тилкелеринен ажыраган бардык ДТТАлар (ээлери/ижарачылар/пайдалануучу лар) | Ээси | Калган жер участогун кайра каттоого кеткен чыгымдарды кошкондо(мүмкүн болгон учурда), рыноктук нарк боюнча компенсация. |
| | | Укуктары мыйзамдаштырылышы мүмкүн болгон менчик ээлери (кээ бир тастыктоочу документтер жок, бирок аларды калыбына келтирүүгө/алууга болот) | Аткаруучу агентстволор алардын мүлкүн мыйзамдаштырууга көмөктөшкөндөн кийин калган жер участокторун кайра каттоо же каттоого кеткен чыгымдарды кошкондо, жергиликтүү рыноктук нарк боюнча компенсация төлөнөт. |
| | Коомдук пайдаланнудагы жер участоктору (мамлекеттик/муниципалдык) | Ижарачылар (муниципалдык/мамлекетт ик) | Базар баасы боюнча жер участогун пайдалануу укугун жоготкондуктун ордун толтуруу же ага барабар жер участогун ижарага алуу укугун берүү. |
| | | Формалдуу эмес колдонуучулар | Жер үчүн компесациясы жок, имараттарды, жерди көрктөндүрүү, айыл чарба продукциясын жоготуу үчүн гана компенсация төлөнөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. Турак жай имараттар | Юридикалык статусуна карабастан бардык ДТТКлар | Ээси | Амортизацияны жана утилизацияланган материалдарды кошпогондо толук алмаштыруу наркы үчүн компенсация + бүтүмдөргө кеткен чыгымдар, анын ичинде калган жерлерди жана имараттарды кайра каттоого кеткен чыгымдар. |
| | | Көчүрүлө турган ижарачылар | Төмөндө 9 жана 10-пункттарда белгиленгендей жогору таасир жана көчүрүү чыгымдары. |
| | | Мыйзамдаштырууга мүмкүн эмес ДТТКлар | Имараттарды жоготуу үчүн компенсация амортизацияны жана утилизацияланган материалдарга кеткен чыгымдарды кошпогондо калыбына келтирүү баасына + транзакциялык чыгымдардын толук наркы боюнча төлөнөт. |
| 4. Турак жай эмес имараттар / активдер | Укуктук статусуна карабастан бардык ДТТКлар | Жарактуу каттоо менен ДТТКлар | Амортизацияны, эксплуатациялык чыгымдарды жана утилизацияланган материалдардын наркын кошпогондо толук калыбына келтирүү наркынын өлчөмүндө компенсация |
| | | Мыйзамдуу түрдө ээленген жерлерге курулган имараттарга жана курулмаларга укуктары катталышы мүмкүн болгон ДТТКлар | |
| | | Мыйзамсыз басып алынган жерлерге курулган мыйзамсыз имараттары/курулуштары бар ДТТКлар | Амортизациянын, бүтүмгө кеткен чыгымдарды жана калган материалдардын наркын эсепке албай калыбына келтирүү баа менен реабилитациялык жөлөкпул. |
| | | Көчүрүлө турган ижарачылар | Төмөндө 9 жана 10-пункттарда белгиленгендей көчүрүү чыгымдары жана жогорку таасири. |
| 5. Муниципалдык / мамлекеттик активдерди жоготуу | Муниципалдык / мамлекеттик активдер | Муниципалдык / мамлекеттик | Муниципалитет/ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча жоголгон курулуштарды/активдерди калыбына келтирүү/калыбына келтирүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6. Жашылча аянттарды жана айдоолорду (дарактар жана айыл чарба өсүмдүктөрүн) жоготуу | Түшүм берген бактарды жоготуу | Жерди пайдалануунун укуктук статусуна карабастан, бардык ДТТКлар. | Эквиваленттүү түшүмдүүлүккө жетүү үчүн дарак(дарактарды) алмаштыруу үчүн талап кылынган жылдардын саны боюнча дарактын (дарактардын) жылдык түшүмүнүн наркынын негизинде түшүмдүү дарактардын жоголушу үчүн компенсация + көчөттүн наркы. |
| | Жемишсиз дарактарды жоготуу | | Жыгачтын көлөмүнүн өздүк наркынын негизинде түшүмсүз дарактарды жоготууну компенсациялоо |
| | Декоративдик дарактарды / бадалдарды жоготуу | | Базар баасы менен компенсация. |
| | Айыл чарба өсүмдүктөрү | | Бир жылдык тушумдун наркына жараша компенсация. |
| 7. Бизнеске тийгизген таасири | Бизнести жоготуу | Долбоордун таасири тийген бизнестин бардык ээлери/ижарачылар/контракт боюнча иштеген жумушчулар жана расмий эмес жумушчулар | (i) Юридикалык жактар (каттоодон өткөн ишканалар) - декларацияланган кирешенин негизинде арыз боюнча, декларацияланган таза кирешенин 1 жылкы баасы.<br>(ii) Патент ээлери - 1 жылга чейин текшерилген/бааланган таза кирешенин баасы. Тиешелүү региондогу (райондогу) жашоо минимумунун өлчөмүндө 3 айдан ашпаган мөөнөттүн наркынын негизинде реабилитациялык жөлөкпул . |
| | Ишти туруктуу жоготуу | | (Расмий жумушчулар) Эмгек акысын жоготуу үчүн тастыкталган эмгек акынын 4 айлык өлчөмүндө компенсация же 3 айлык республикалык минималдуу эмгек акынын (формалдуу эмес жумушчулар) өлчөмүндө компенсация. Компенсация түздөн-түз ДТТАларга төлөнөт. |
| | Долбоордун таасири убактылуу тийген бизнес | | Мыйзамдуу бизнестин декларацияланган кирешенин/кирешени баалоонун негизинде 3 айга чейинки түшкөн пайданы компенсациялоо. |
| | Убактылуу жумусуз калуу | | Расмий катталган кызматкерлер үчүн - 4 ай үчүн эмгек |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | акысынын өлчөмүндө жумуштан (иш менен камсыз болуудан) айрылгандыгы үчүн компенсация; Формалдуу эмгек мамилелери жок жумушчулар үчүн - 3 айга мамлекеттик минималдуу эмгек акынын өлчөмүндө жумуштан (иш менен камсыз болуудан) айрылгандыгы үчүн компенсация. Компесация жумушсуз калган адамдарга компенсация түз төлөнөт. |
| 8. Жогорку таасир үчүн компенсациялык төлөмдөр | Жогору/катуу таасир тийе турган бардык кожолуктар | Бардык ДТЖКлар, анын ичинде формалдуу эмес отурукташкандар жана жер которгон ижарачылар. | (i) айыл чарба кирешесин жогору жоготууларга учураган ДТЖКларга 1 жылдык түшүмдүн баасын жапкан 1 кошумча компенсация. |
| | | | (ii) жер которгон ДТЖКлар үчүн мамлекеттик минималдуу эмгек акынын 6 айлык өлчөмүндө бир жолку реабилитация үчүн жөлөкпул . |
| 9. Көчүрүү үчүн компенсациялык төлөмдөр | Көчүүгө кеткен транспорт чыгымдары | Бардык жер которгон ДТЖКлар, анын ичинде көчүрүлгөн ижарачылар жана көчмөн ишканалар | Долбоордун көчүрүү механизмдери боюнча көчүрүү же айыл аймагынын/айылдын ичинде өз алдынча көчүрүү үчүн транспорттук кызматтардын базар баасы. |
| 10. Калктын аялуу катмары үчүн компенсациялык төлөмдөр | | Жакырчылыктын чегинен төмөн болгон ДТЖКлар/ аялдар/карылар башчылык кылган же мамлекеттик социалдык жөлөкпулдарды алгандар. | Башка административдик инструменттерден тышкары, 6 айлык минималдуу эмгек акыга барабар акчалай жөлөкпулдар жана Долбоор менен байланышкан жумуштарда жумушка орношууда артыкчылык. |
| 11., ЖАКтын күтүлбөгөн кесепеттери, бар болгон учурда | ДКМ комиссиясы чечимдерди жеке негизде кабыл алат | Бардык ДТЖКлар | Реабилитация АӨБдун КСЧЖсынын жоболорунун (2009) жана Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жоболорудн негизинде жүргүзүлөт. |

## E. Даттанууларды кароо механизми

Долбоор үчүн Даттанууларды кароо Механизми (ДКМ) түзүлдү, бул үчүн Даттанууларды кароо механизми (ДКМ) ДТТАлар үчүн ишенимдүү жана натыйжалуу түрдө өз көйгөйлөрүн айтууга жана чечүүгө мүмкүндүк берет. Арыздар жана даттануулар жергиликтүү жана борбордук даттануу топтору тарабынан төмөндөгү жол-жобого ылайык каралат .

Даттануу тартиби

| Кадамдар | Иш-аракеттердин деңгээли | Процедура | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1-кадам | Айыл аймактын деңгээлинде ЖБАнын чечими | Алгачкы этапта ЖБА (айылдык аймактын башчысы) арыз ээсин угуп, алгылыктуу чечим табууга аракет кылат. Эгерде арыз ээси чечимге канааттанбаса, анда ал 3 күндүн ичинде райондук же жергиликтүү ДКТга кат жүзүндө даттануусун берет. | 1 |
| 2-кадам | Жергиликтүү деңгээлде чечим | Жазуу түрүндө даттанууну кабыл алып, төрага аны карайт жана ДКТнын кароосу жана чечими үчүн досье (6-тиркемени караңыз) түзөт. Арыз ээси менен макулдашуу боюнча төрага белгилеген күнү ДКТ тарабынан расмий угуу өткөрүлөт. Отурум болгон күнү арызданууучу ДКТга келип, өзүнүн даттануусун тастыктаган далилдерди келтириши керек. ДКТ арыз ээсинин арыздарын жазып алат жана бардык далилдерди документтештирет. Мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечим ДКТнын акыркы чечими болуп эсептелет жана төрага тарабынан таризделет жана ДКТнын калган мүчөлөрү тарабынан кол коюлат. Ишке түшүндүрмөлөр киргизилет жана чечим төрагалык кылуучу тарабынан 10 күндүн ичинде арыз ээсине жеткирилет. Эгерде даттануучу чечимге канааттанбаса, төрага даттанууну жергиликтүү деңгээлде даярдалган корутунду жана тастыктоочу документтер менен ТКМдин алдындагы борбордук ДКТга жазуу түрүндө берет. | 2 |
| 3-кадам | Борбордук деңгээлде чечим | Жазуу түрүндө даттанууну алгандан кийин борбордук ДКТнын төрагасы аны карайт жана ДКТнын кароосуна жана чечими үчүн досье даярдайт. Расмий угуу ДКТнын төрагасы жана арыз берүүчү тарабынан аныкталган күнү өткөрүлөт. ДКТ мүчөлөрү арыз ээси менен байланышып, анын айылына барышат. ДИБдин социалдык коргоо боюнча адиси арыз ээсинин арыздарын каттайт жана бардык далилдерди документтештирет. Мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечимдер борбордук ДКТнын акыркы чечими болуп эсептелет, ал төрага тарабынан таризделет жана калган мүчөлөр кол коюшат. ДИБдин социалдык коргоо чаралары боюнча адиси арыз берилгенден кийин 10 күндүн ичинде иштин материалдарын жаңылайт жана арыз ээсине чечим жөнүндө билдирет. | 3 |

**Жергиликтүү жана борбордук ДКТлардын курамы.**

ДКТлардын курамы

| | **Мүчө** | **Кызматта турган** |
|---|---|---|
| Жергиликтүү ДКТ | Жети-Өгүз районунун башчысынын орун басары (макулдашуу боюнча) | Төрага |
| | Ак-Суу районунун башчысынын орун басары (макулдашуу боюнча) | Мүчө |
| | Айыл аймактарынын башчылары (ошондой эле жергиликтүү байланыш адамы катары) | Мүчөлөр |
| | No3 жана No35 ДЭУлардын жетекчилери | Мүчөлөр |
| | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин социалдык коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адиси | Мүчө |

| | | |
|---|---|---|
| | ДТЖКлардын өкүлдөрү | Мүчөлөр |
| | Өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) | Мүчөлөр |
| | Ысык-Көл облусунун өкүлү (макулдашуу боюнча) | Мүчө |
| | Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Коомдук байкоочу кеңешинин өкүлү (макулдашуу боюнча) | Мүчө |
| | Жергиликтүү тургундар | Байкоочулар |
| Борбордук ДКТ | АӨБ, ТКМдин координатору | Төрага |
| | No3 жана No35 ДЭУлардын жетекчилери | Мүчөлөр |
| | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин социалдык коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адиси | Мүчө |
| | АӨБдун, ТКМдин ДИБинин архитектуралык чечимдер жана жерди пайдалануу боюнча адиси | Мүчө |
| | Ысык-Көл облусунун өкүлү (макулдашуу боюнча) | Байкоочу |
| | Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Коомдук байкоочу кеңешинин өкүлү (макулдашуу боюнча) | Байкоочу |
| | ӨЭУ өкүлдөрү (макулдашуу боюнча) | Байкоочулар |

Жабыркаган адам акыркы чечимди кабыл алуу үчүн даттануу процессинин каалаган баскычында жергиликтүү сотко кайрыла алат. Эгерде даттануу менен кайрылган ДТТА борбордук ДКТнын чечимине, жада калса соттун чечимине канааттанбаса, алар АӨБдун [47]Атайын ортомчусунун башкармалгында Жоопкерчилик механизмине (2012-ж.) ылайык даттана алышат.

### Ф. Байланыш маалымат

Долбоорду жана ЖАКПны менен АЧТБны[48] ишке ашыруу жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылыңыз :

| | |
|---|---|
| (i) Санжар Асаналиев мырза<br>Координатор<br>Бишкек, 720017, Исанов көч., 42<br>Телефон: (0312) 90-08-94<br>Электрондук дарек: sasanaliev@piumotc.kg | (ii) Кашимов Айбек – социалдык коргоо чаралары боюнча адис<br>Бишкек, 720017, Исанов көч., 42<br>Телефон: (0701) 11-11-08 |
| (iii) Алиев Мирмуканбек мырза<br>Жерди пайдалануу боюнча адис<br>Бишкек, 720017, Исанов көч., 42 | (iv) Абдыгулов Асылбек – экологиялык коргоо чаралары боюнча адис<br>Бишкек, 720017, Исанов көч., 42<br>Тел: (312) 31-43-56 |

## 6-тиркеме: Деталдык изилдөөнү өткөрүүчү агентство үчүн техникалык тапшырма.

### А. Тапшырманын максаттары жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы Барскоон айылынан (140+600 км) Каракол шаарына (215+827 км) чейин узундугу 75,2 км болгон учурдагы айланма жолду реконструкциялоону караган Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоорун (долбоор) ишке ашырат. Реконструкциялоонун натыйжасында азыркы эки тилкелүү жол төрткө тилкеге чейин кеңейтилет. Долбоордун алкагында учурдагы көпүрөлөрдү жана суу өткөргүчтөрдү алмаштыруу же оңдоо, ошондой эле жаңы көпүрөнү, суу өткөргүчтөрдү, эс алуучу жайларды, аялдамаларды жана жөө жүрүүчү жолдорду куруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, коопсуздук аралдарын орнотуу жана жол кыймылынын коопсуздугун жакшыртуу үчүн башка элементтерди орнотуу камтылган.

Долбоор АӨБдун 2009-жылдагы Коргоо чараларынын саясаты тууралуу Жобонун (КЧСЖ) жана мажбурлап көчүрүү боюнча улуттук талаптардын сакталышын жана бардык мажбурлап көчүрүү иш-чараларынын сатып алуулар планына жана долбоорду ишке ашыруунун графигине камтылганын камсыз кылууга тийиш. Долбоорду иштеп чыгууда долбоордун даярдыгы боюнча ээлектер (фильтрлер)

[47] www.adb.org/site/accountability-mechanisn/contacts
[48] Айлана чөйрөнү башкаруу планы

колдонулуп, деталдык долбоордун негизинде жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планы (ЖАКП) даярдалган.

Бул техникалык тапшырма долбоорду түзөтүүчү иш-аракеттер планын (ТИП) же жерди алуу жана көчүрүү планына кошумчаны (ЖАКПга кошумча) даярдоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды бере турган деталдуу изилдөө (ДИ) боюнча иштин көлөмүн аныктайт. Бул маалыматтар административдик инструменттер үчүн тиешелүү саясаттарды жана жоболорду иштеп чыгууга мүмкүндүк берүү үчүн физикалык же экономикалык жактан көчүрүлгөн адамдарга (КА) так таасирин чагылдырган ишенимдүү, так жана текшерилүүчү болушу керек. ДИ учурунда чогултулган жана текшерилген маалыматтар долбоордун таасиринин көлөмүн, КАлар үчүн административдик жана укуктук инструменттерди жана компенсациянын деңгээлин аныктоо үчүн формалдуу негиз болуп калат.

**B. Иштин көлөмү**

Иштин көлөмү (i) АӨБдун 2009-жылдагы КЧСЖнын талаптарына ылайык деталдуу изилдөөнү (ДИ) жүргүзүүнү камтыйт; (ii) таасирди баалоо боюнча маалымат базасын жана таблицаларды толтуруу (ДИ башталганга чейин көчүрүү боюнча консультант тарабынан даярдалган шаблондорго ылайык, фотосүрөттөрдү, карталарды, эскиздерди жана башка тастыктоочу документтерди даярдоо); (iii) АӨБдун каржылоосу үчүн зарыл болгон ЖАКПны акыркы вариантын ишке ашыруу боюнча, ТИПти/ЖАКПга толуктоолорду даярдоо боюнча же башка социалдык коргоо чаралары боюнча документтер жана АӨБдун командасы тарабынан суралган материалдарды жана маалыматтарды берүү үчүн долбоордун командасы менен тыгыз иштөө.

Долбоордун деталдуу иштелишине ылайык, деталдык изилдөө, аныкталган долбоордун таасир этүүчү коридоруна негизделет.

ДИ кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүргүзүлүшү керек. ДИ боюнча Агенттик Долбоордун курулушун көзөмөлдөө боюнча консультанты (ККК) тарабынан ишке тартылат жана аны көчүрүү боюнча эл аралык жана улуттук КККнын адистери ДИБдин Коопсуздук чараларын камсыздоо тобу менен тыгыз координациялоо менен башкарышат.

**C. Процедуралар жана методология**

ТИП/ЖАКПга толуктоолорду киргизүү үчүн ДИ аткаруучу агентство тарабынан берилген деталдык долбоордо аныкталган таасир этүүчү коридорго негизделет.

ДИ жүргүзүүнүн алдында, Долбоордун консультациялык инженери Долбоорлоо боюнча консультант тарабынан берилген координаттардын негизинде Долбоордун коридорунун четтерин мүнөздөөчү белгилерди аянчага алдын ала орнотот.

ДИнин алкагында бардык ДТЖКлар, мамлекеттик жана муниципалдык органдар, юридикалык жактар үчүн таасирди баалоо, ошондой эле укуктук статусуна карабай ыйгарып алына турган жер участокторун, имараттарды жана курулмаларды, бак-дарактарды, бадалдарды жана айыл чарба өсүмдүктөрүн текшерүү.

Жабыркаган жерлердин, имараттардын жана курулмалардын аянттарынын жана көлөмдөрүнүн бардык өлчөөлөрү, эскиздери жана эсептөөлөрү Долбоордун коридорунун белгиленген чектерине/жылышына карата аныкталууга тийиш.

Расмий эмес жер пайдалануучулар Кыргыз Республикасынын Бирдиктүү кадастрдык системасында (МКС) катталбагандыктан, формалдуу эмес пайдаланылган жер тилкелеринин чек араларын аныктоо үчүн деталдуу изилдөө жүргүзүлөт. Расмий эмес пайдаланылган жерлерди өлчөө керек жана таасир тийген активдердин инвентаризациясы маалыматтарда чагылдыруу керек.

Чогултулган маалыматтардын негизинде ДИнин адистери ар бир таасир тийген объект боюнча иш жүзүндө деталдуу изилдөө жүргүзөт. Долбоордун адиси/ адистери ЖАК комиссияларынын жана АӨБдун/ИАнын командасынын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүнү жана милдеттерди координациялоону камсыз кылат, ошондой эле көчүрүү боюнча ККнын эл аралык экспертинин көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алат.

Долбоордун таасири астында калган жерлерди жана башка объекттерди текшерүү Кыргыз Республикасынын Бирдиктүү кадастрдык тутумунун жана ДИ агенттигинин кадастрдык карталарынын негизинде жүргүзүлөт. ДИнин адиси(тери) бардык тиешелүү ДИ маалыматтарын андан ары баалоо үчүн чогултулушун камсыз кылуу үчүн баалоо боюнча адис менен иштеши керек.

**D. Таасир этүүчү коридорунун боюндагы долбоордун таасири тийген жамааттарды, кожолуктарды, юридикалык жактарды текшерүү жана өлчөө**

ДИ төмөнкүлөрдү аныкташы керек:

(i) Долбоордун таасир этүүчү коридорунун боюнда жайгашкан Долбоордон таасири тийген калктуу конуштар (район, айыл аймак жана айыл, шаарчалар боюнча);

(ii) Долбоордун таасири тийген кожолуктардын тизмеси, анын ичинде катталган жана катталбаган (формалдуу эмес) КАлар жынысы боюнча.

***D1. Жер тилкелерин өлчөө***

Долбоордун таасирине кабылган бардык жер тилкелери (участоктору) жерди пайдалануунун түрү, мүнөзү боюнча (айыл чарба, соода, турак жай, коомдук, мамлекеттик, жайыт, токой ж.б.) аныкталууга тийиш, атап айтканда:

(i) кадастрдык карталардан алынган маалыматтарды колдонуу менен таасир тийген жер тилкелеринин чектерин аныктоо, текшерүү жана өлчөө;

(ii) участоктун иш жүзүндөгү аянты кадастрдык карталардан айырмаланган учурда, ДИнин адистери жабыркаган участоктун так чиймесин даярдап, анын датасын белгилейт жана КАнын колтамгасын алат;

(iii) жер участогунун таасир этүүчү коридорго кирген бөлүктөрүн жана долбоордун таасири тийгендин ичинен долбоордун таасири тийбеген жер участогунун бөлүктөрүн так аныктоо;

(iv) Менчиги боюнча жер аянттарын аныктоо: менчик ээси, мыйзамдаштырылып жаткан (кошумча документтер керек), формалдуу эмес пайдалануучулар, ижарачылар, мамлекеттик жерлер ж.б.;

(v) жердин укуктук категориясын жана учурдагы жерди пайдаланууну аныктоо: турак жай, айыл чарба, өнөр жай, резервдик фонддун жерлери, токой чарбасы, суу сактагычтар, жайыттар, коомдук, мамлекеттик ж.б.;

(vi) формалдуу эмес пайдаланылган жерлер үчүн жалпы аянтты билдирүү, формалдуу эмес менчиктеги жер долбоорунун таасирине кабылган жалпы менчиктеги жерлердин аянты жана формалдуу эмес пайдаланылган жерлер, жердин учурдагы пайдаланылышы жана ар кандай жердеги эмес активдер, көрктөндүрүү, айдоолор;

(vii) Бул шаблондордо камтылбаган жерлерди ыйгарып алуу жана көчүрүү менен байланышкан башка бардык мүнөздөмөлөрдү, мисалы, сугат, кайрак ж.б.

***D2. Турак жай жана турак эмес имараттарды жана курулуштарды өлчөө***

Долбоордун таасирине кабылган имараттардын жана курулмалардын ДИси (менчигине жана юридикалык статусуна карабастан) төмөнкүлөрдү камтыйт:
(i) Турак жай, турак эмес, негизги же кошумча имарат/курулма сыяктуу курулуштун түрү;
(ii) долбоордун таасири тийген ар бир структуранын жалпы жана калган аянты;
(iii) конструкция курулган/жасалган материал;
(iv) курулуш долбоор тарабынан толук же жарым-жартылай камтылабы (мисалы, тосмонун, сарайдын, жүзүмзардын аркасынын ж.б. бир бөлүгү).

***D3. Долбоордун таасири тийген бак-дарактарды, бадалдарды жана өсүмдүктөрдү өлчөө***

Мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, бадалдардын жана бак-дарактарды кошпогондо, долбоордун таасири тийген айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, бадалдардын жана бак-дарактардын саны жана түрлөрү, бак-дарактардын жашы жана диаметри (байкоолордун, өлчөөлөрдүн жана менчик ээси тарабынан берилген маалыматтардын негизинде).

***D4. Жалпы менчик***

ДИнин жүрүшүндө жеке менчик сыяктуу эле долбоордон жабыркаган жалпы мүлктү, муниципалдык же мамлекеттик активдерди аныктап, өлчөө керек. Долбоордун таасири тийген объекттерди/активдерди түрү, учурдагы колдонулушу, өлчөмү, ээси, колдонуучусу, ээлөөчүсү жана ушул документте айтылбаган башка тиешелүү мүнөздөмөлөр боюнча ДИ баалашы керек.

***E. Корутунду документтер***

ДИ камсыз кылат:

(i) Изилдөөнү ишке ашыруунун деталдуу стратегиясын, атап айтканда, маалыматтардын сапатын контролдоону камсыз кылуу ыкмалары;

(ii) Долбоорлоо боюнча консультант менен тыгыз кызматташтыкта иштелип чыга турган иш планы жана графиги;

(iii) Колдонула турган изилдөөнүн методологиясынын деталдуу сүрөттөлүшү (англис жана орус тилдеринде);

(iv) Тиешелүү документтери, карта чиймелери, жердин, таасир тийген имараттардын жана курулмалардын фотосүрөттөрү, изилдөө жана таасир тийгизүү маалыматтары жана берилген тизмеге

ылайык чогултулган тиешелүү документтер менен жеке кожолукка таасир тийгизүүнүн профили (бир электрондук жана кагаз нускасы).

(v) Долбоор таасирин тийгизген жеке кожолуктарды аныктоо; долбоордун таасири тийген юридикалык жактарды, жамааттарды жана мамлекеттик активдерди аныктоо;

(vi) Бардык КАларды текшерилген тизмеси жана анын ичинде жеке менчикке укугу жок, мыйзамдаштырууну талап кылган КАлардын тизмеси (орус, англис тилдеринде);

(vii) иштин чыныгы абалы менен кадастрдык картанын/маалыматтын ортосунда дал келбеген учурлардын тизмеси жана сыпаттамасы;

(viii) Эл аралык социалдык коргоо боюнча адис тарабынан толтурулган формалар;

(ix) Excel форматындагы интегралдык туунду компаниялардын маалымат базалары бардык ДТТКлар боюнча кыскача маалымат жана ар бир ДТТК үчүн таасирлери (орус жана англис тилдериндеги электрондук көчүрмө);

(x) Долбоорлорлор боюнча жана/же ишке ашырууга даяр болгон ЖАКПлардын ДИси боюнча ДИнин отчеттору (электрондук түрдө жана 2 басылган нуска).

ДИ Агентствосу бардык зарыл болгон отчетторду жана документтерди ККнын жана ДИБдин эл аралык көчүрүү боюнча экспертине тапшырышы керек. ДИ агентствосу бардык алынган/топтолгон маалыматтардын/документтердин коопсуздугун жана конфиденциалдуулугун камсыздайт жана мындай маалыматтар/документтер ДИБдин алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксатысыз бул ТТ жүргүзүү максатынан башка эч кандай максатта колдонулбашы керек.

***F. Топтолуучу зарыл документтердин тизмеси***

(i) кыймылсыз мүлккө укук берүүчү документтердин көчүрмөлөрү
(ii) кыймылсыз мүлккө укук тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү
(iii) Техникалык документтердин көчүрмөлөрү
(iv) менчик ээлеринин/колдонуучулардын/кызматкерлердин паспорту (көчүрмөсү).
(v) юридикалык жактардын менчик укугун ырастоочу документтердин көчүрмөлөрү
(vi) Кадастрдык карталар
(vii) Башка талап кылынган документтер

## 7-тиркеме: Жеке баалоочунун техникалык тапшырмасы

### A. Тапшырманын максаттары жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы Барскоон айылынан (140+600 км) Каракол шаарына (215+827 км) чейин узундугу 75,2 км болгон учурдагы айланма жолду реконструкциялоону караган Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоорун (долбоор) ишке ашырат. . Реконструкциялоонун натыйжасында азыркы эки тилкелүү жол төрткө тилкеге чейин кеңейтилет. Долбоордун алкагында учурдагы көпүрөлөрдү жана суу өткөргүчтөрдү алмаштыруу же оңдоо, ошондой эле жаңы көпүрөнү, суу өткөргүчтөрдү, эс алуучу жайларды, аялдамаларды жана жөө жүрүүчү жолдорду куруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, коопсуздук аралдарын орнотуу жана жол кыймылынын коопсуздугун жакшыртуу үчүн башка элементтерди орнотуу камтылган.

Долбоор АӨБдун 2009-жылдагы Коргоо чараларынын саясаты тууралуу Жобонун (КЧСЖ) жана мажбурлап көчүрүү боюнча улуттук талаптардын сакталышын жана бардык мажбурлап көчүрүү иш-чараларынын сатып алуулар планына жана долбоорду ишке ашыруунун графигине камтылганын камсыз кылууга тийиш. Долбоорду иштеп чыгууда долбоордун даярдыгы боюнча ээлектер (фильтрлер) колдонулуп, деталдык долбоордун негизинде жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планы (ЖАКП) даярдалган.

Бул Техникалык тапшырма (ТТ) баалоо изилдөөсүн жүргүзүү боюнча иштин көлөмүн аныктайт, анын жыйынтыгында Жерди алуу жана көчүрүү планына (ЖАКП), Түзөтүүчү иш-аракеттер планына жаңылануууну даярдоо үчүн зарыл болгон баалоо маалыматтары жана жерлерди ыйгсатып алуу жана көчүрүү бюджети түзүлөт. (САР) долбоор үчүн же зарыл болсо, ЖАКПга толуктоолор.

Бул техникалык тапшырма долбоорду түзөтүүчү иш-аракеттер планын (ТИП) же жерди алуу жана көчүрүү планына кошумчаны (ЖАКПга кошумча) даярдоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды бере турган деталдуу изилдөө (ДИ) боюнча иштин көлөмүн аныктайт. Бул маалыматтар административдик инструменттер үчүн тиешелүү саясаттарды жана жоболорду иштеп чыгууга мүмкүндүк берүү үчүн физикалык же экономикалык жактан көчүрүлгөн/таасири тийген адамдарга (КА/ДТТА) так таасирин чагылдырган ишенимдүү, так жана текшерилүүчү болушу керек. ДИ учурунда чогултулган жана текшерилген маалыматтар долбоордун таасиринин көлөмүн, КАлар үчүн административдик жана укуктук инструменттерди жана компенсациянын деңгээлин аныктоо үчүн формалдуу негиз болуп калат.

**B. Иштин көлөмү жана күтүлгөн натыйжалар**

Бул ТТ Кыргыз Республикасында квалификациясы бар көз карандысыз баалоочунун кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүү жана ЖАКПны, ТИПти, зарыл болгон учурда ЖАКПга толуктоолорду киргизүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу ишинин көлөмүн аныктайт.

Көз карандысыз баалоочу долбоордун курулушту көзөмөлдөө боюнча консультанты тарабынан ишке тартылып жана көчүрүү боюнча ККК эл аралык жана улуттук эксперттердин жетекчилиги астында ДИБдин коргоо чаралары боюнча топ менен тыгыз координацияда иштейт, ДИ боюнча агенттик тарабынан берилген маалыматтарды пайдаланат жана ушул ТТга ылайык кошумча зарыл маалыматтарды чогултат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана 2009-жылдагы АӨБ КЧСЖнын талаптарына ылайык баалоо боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн, көз карандысыз баалоочу субконсультанттар катары кесипкөй жана компетенттүү адистерди тартат.

**C. Методология жана милдеттердин толук сүрөттөлүшү**

Көз карандысыз баалоочу тарабынан колдонула турган баалоо методологиясы Кыргыз Республикасынын мүлкүн баалоонун улуттук стандарттарына жана 2009-жылдагы АӨБдун КЧСЖсынын талаптарына негизделет. Долбоордун ЖАКПда иштелип чыккан жана бекитилген Административдик-укуктук инструменттердин матрицасы (АУИМ) ыйгарып алынууга тийиш болгон жерлер жана мүлктөр үчүн компенсацияны баалоо жана эсептөө процессине, ошондой эле жерлерди сатып алуу жана көчүрүү менен байланышкан чыгымдарды жана пайдаларды аныктоо процессине жетекчилик кылат. АУИМ бул ТТга тиркелет жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Көз карандысыз баалоочу КККтин көчүрүү боюнча эксперттери менен бирге долбоордун олуттуу тассири тийген жана аялуу кожолуктардын тизмесин аныктайт.

Көз карандысыз баалоочу зарыл болгон жол-жоболорду жүргүзүүгө жана сунушталып жаткан долбоордун таасирине дуушар боло турган жердин жана мүлктүн(жердин, имараттардын жана курулмалардын, бак-дарактардын, бадалдардын жана айдоолордун) наркын, ошондой эле көчүрүү менен байланышкан бизнести жана жумуштуулукту жоготууларды аныктоого тийиш жана долбоордун таасири тийген активдердин ээлери үчүн уруксаттарды жана каттоо документтерин алууга кеткен чыгымдары жана жөлөкпулдарды аныктайт.

Көчүрүү боюнча эл аралык жана улуттук консультанттын маалыматтарынын жана көрсөтмөлөрүнүн негизинде көз карандысыз баалоочу административдик-укуктук инструменттердин матрицасына негизделген бардык компенсацияларды жана жеңилдиктерди эсептейт.

Көз карандысыз баалоочу баалоо отчетуна 5 жылдан ашык иш стажы бар башка квалификациялуу жеке баалоочунун рецензиясын берүүгө милдеттүү.

Көз карандысыз баалоочу эл аралык жана улуттук көчүрүү боюнча консультанттарга долбоордун акыркы ЖАКПсын ишке ашырууда, ЖАКПнын жаңылануусун, ТИПтин же ЖАКПга толуктоолорду даярдоодо жардам берет, ал жоготуулардын ордун толтуруу үчүн компенсацияларды жана АУИМге ылайык колдонулуучу жөлөкпулдарды камтыйт (б.а. долбоордун таасири жогору тийген, аялуу, транспорттук жөлөкпулдар, 5% административдик чыгымдар, 20% күтүлбөгөн чыгымдар ж.б.).

Талаа изилдөө иштерин жана натыйжаларын координациялоо максатында көз карандысыз баалоочу жеринде деталдуу изилдөө боюнча геодезист жана долбоордун көчүрүү боюнча консультанттары менен иштейт.

Жогорудагы талаптарга жооп берүү үчүн көз карандысыз баалоочу төмөнкүдөй конкреттүү милдеттерди аткарат:

(i) жапа чеккен жерлерди мыйзамдаштыруу үчүн кошумча документтерди алууга муктаж болгон долбоордун таасири тийген адамдардын (ДТТАлардын) тизмесин даярдоо;
(ii) долбоор таасири тийген мыйзамдаштырууга мүмкүн эмес активдердин тизмесин өзүнчө даярдоо;
(iii) баалоо отчетунун долбоорун даярдоо жана деталдык долбоор жана ДИ боюнча жаңыртылган маалыматты алгандан кийин, баалоо отчетунун акыркы версиясын даярдоо (электрондук жана 2 кагаз түрүндө нускасы);
(iv) баалоонун маалымат базаларын Excel программасына интеграциялоо, ар бир долбоордун таасири тийген адамдарды (ДТТА) жана бардык долбоордун таасири тийген кожолуктарга (ДТЖКлар) таасирлердин жана компенсациялардын кыскача баяндамасы (орус жана англис тилдериндеги электрондук түрдө); жана

• ыйгарып алуунун өндүрүштүк мүнөздөмөсү;
• жер рыногунун шарттарына ылайык келүү;
• жерге болгон менчиктин жана жер боюнча бүтүмдөрдүн укуктук негиздери;

• жер жана кыймылсыз мүлк рыноктору;
• жер жана жерге байланышкан активдерди баалоо;
• даттанууларды кароо механизми, ЖАКПнын ишке ашырылышына мониторинг, анын ичинде ЖАКП долбооруна ылайык ички жана тышкы мониторинг жана ишке ашыруу механизмдери; жана
• акча каражаттарынын агымы жана төлөмдөрдүн тартиби, ошондой эле КАларга төлөмдөр.

**D. Корутунду документтер**

Көз карандысыз баалоочу төмөнкү натыйжаларды берүү үчүн жооптуу болот:

(i) колдонулган баалоо методологиясынын сыпаттамасын камтыган баштапкы отчет. Алгачкы отчет кызмат көрсөтүүлөр башталгандан кийин 2 жуманын ичинде берилет – англис тилинде бир нускасы АӨБго жана бир англис жана бир орус тилинде нускадан ДИБге.
(ii) Долбоордун таасири тийген ар бир мүлктүн сыпаттамасын жана сүрөттөрүн камтыган баалоо отчету;
(iii) Долбоордун таасири тийген бак-дарактардын жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн жылдык түшүмү, бизнестин жана жумуштуулуктун жоготуулары жөнүндө маалыматтарды чогултуу
(iv) Көчүрүү боюнча эл аралык консультантка толтурулган таблицаларды; жана ар бир ДТТА боюнча кыскача баяндама жана ар бир ДТТКлар үчүн таасирлердин кыскача баяндамасы Excelге интеграцияланган баалоо маалыматтар базасы (орус жана англис тилдериндеги электрондук көчүрмөсү)

Баалоо отчету Баштапкы отчетто макулдашылган мөөнөттөргө ылайык берилүүгө тийиш. Баалоо боюнча отчеттун акыркы версиясы АӨБдон жана ДИБден Баалоо отчетунун долбooруна комментарий алгандан кийин 2 жуманын ичинде берилет – АӨБ үчүн англис тилинде бир нускада жана ДИБ үчүн англис жана орус тилдеринде бирден нускада, ошондой эле долбоордун командасы жана ДИБге бардык отчеттордун электрондук көчүрмөлөрү тапшырылат. Баалоо боюнча отчет 5 жылдан ашык тажрыйбасы бар башка квалификациялуу жеке баалоочу тарабынан каралышы керек жана кароо жөнүндө отчет акыркы Баалоо отчету менен бирге берилиши керек.

**Квалификациялык талаптар.** Консультант баалоо ишин жүргүзүү үчүн сертификатка ээ болушу керек, баалоо тармагында 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасына ээ жана көп тараптуу финансылык институттардын иш тажрыйбасы менен тааныш болушу керек.

## 8-тиркеме ККнын көчүрүү боюнча эл аралык экспертинин техникалык тапшырмасы

**A. Тапшырманын максаттары жана милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы Барскоон айылынан (140+600 км) Каракол шаарына (215+827 км) чейин узундугу 75,2 км болгон учурдагы айланма жолду реконструкциялоону караган Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоорун (долбоор) ишке ашырат.Реконструкциялоонун натыйжасында азыркы эки тилкелүү жол төрткө тилкеге чейин кеңейтилет. Долбоордун алкагында учурдагы көпүрөлөрдү жана суу өткөргүчтөрдү алмаштыруу же оңдоо, ошондой эле жаңы көпүрөнү, суу өткөргүчтөрдү, эс алуучу жайларды, аялдамаларды жана жөө жүрүүчү жолдорду куруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, коопсуздук аралдарын орнотуу жана жол кыймылынын коопсуздугун жакшыртуу үчүн башка элементтерди орнотуу камтылган.

Долбоор АӨБдун 2009-жылдагы Коргоо чараларынын саясаты тууралуу Жобонун (КЧСЖ) жана мажбурлап көчүрүү боюнча улуттук талаптардын сакталышын жана бардык мажбурлап көчүрүү иш-чараларынын сатып алуулар планына жана долбоорду ишке ашыруунун графигине камтылганын камсыз кылууга тийиш. Долбоорду иштеп чыгууда долбоордун даярдыгы боюнча ээлектер (фильтрлер) колдонулуп, деталдык долбоордун негизинде жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү планы (ЖАКП) даярдалган.

Тапшырманын максаты курулуш процессин көзөмөлдөө жана долбоордун КЧСЖнын талаптарына жана улуттук талаптарга шайкеш келишин камсыздоо. Бул иш-аракет керек болгон учурда жана ККнын Консультанттар тобунун жетекчисинин көрсөтмөсү боюнча мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерине/консультанттарына, ИА/ЖИБге, Көзөмөлдөө боюнча консультантка жана подрядчыларга адистештирилген техникалык колдоо көрсөтүүнү камтыйт.

**B. Жумуштун көлөмү**

ИА/ААнын жалпы көзөмөлү астында консультант, курулушту көзөмөлдөө боюнча консультант тарабынан ишке тартылып, көчүрүү боюнча улуттук консультанттар, көзөмөлдөө боюнча консультанттар,

подрядчынын инженердик топтору жана сатып алуучуу боюнча адистер менен тыгыз иштешип, КККнын сатып алуу боюнча адистери менен жана подрячынын инженерлеринин тобу менен, долбоордун ар кандай этаптарында пландаштырылган бардык тапшырмалардын натыйжалуу аткарылышын жана долбоорду ишке ашыруу графиги менен шайкеш келишин камсыз кылат. Бул социалдык коргоо чаралары жана ЖАК боюнча Министрлер Кабинети жана АӨБ менен талкууларга катышууну жана төмөнкүлөрдөн турган консультанттар тобу менен Долбоордо АӨБдун 2009-жылдагы КЧСЖсын ишке ашырылышын жакшыртуу боюнча төмөнкү курамда долбоордун консультанттарынын командасы менен сунуштарды ишке ашырууну камтыйт:

| Позициясы | Консультанттардын саны | Адам/ай (бардыгы) |
|---|---|---|
| A. Көчүрүү боюнча эл аралык эксперт | 1 | 2 |
| B. Көчүрүү боюнча улуттук эксперт | 1 | 4 |
| C. Деталдык изилдөө боюнча геодезист | Компания | Тилкелердин саны |
| D. Көз карандысыз баалоо боюнча адис | 1 | 1 же бекитилген төлөм |

**C. Милдеттер/күтүлүүчү натыйжалар**

Консультант төмөнкү милдеттердин аткарылышына жооп берет:

(i) ЖАКПны ишке ашырууда ДИБди колдоо жана (ii) Долбоорду ишке ашыруу баскычында КЧСЖ талаптарына жана алдыңкы тажрыйбага ылайык социалдык коргоо документтерин иштеп чыгуу процессине жетекчилик кылуу, ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

***ЖАКПны ишке ашыруу боюнча:***

(ii) ЖАКПны жаңыртуу - долбоорду иштеп чыгуу стадиясында даярдалган ишке ашырууга даяр ЖАКПнын корутундуларын карап чыгуу жана зарыл болгон учурда ишке ашырууга даяр ЖАКПга жаңылоолорду даярдоо;

(iii) ЖАКПны ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын пландары: ЖАКПнын акыркы вариантын ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын пландарын даярдоо, анда социалдык коргоо чаралары боюнча бардык зарыл иш-чараларды ишке ашыруунун конкреттүү мөөнөттөрү, анын ичинде Долбоордун аймактарында даттанууларды кароо механизми эффективдүү иштеши аныкталат;

(iv) Чогулган маалыматтарды талдоо: долбоорду ишке ашыруу фазасында калкты каттоону, долбоордун таасири тийген калктын социалдык-экономикалык профилин, деталдуу сурамжылоолорду, баалоо отчетун жана Долбоор боюнча баалоо отчетторунун натыйжаларын жаңылоонун зарылдыгын текшерүү.

(v) КЧСЖ жана АӨБдун тийиштүү практикасына ылайык ЖАКПны ишке ашыруу кадамдарын башкаруу, анын ичинде долбоор ишке ашкан аймактарда даттанууларды кароо механизминин (ДКМ) эффективдүү иштешин камсыз кылган иш аракеттерди аткаруу, долбоордун терс таасири тийген адамдар менен мазмундуу биргелешкен консультацияларды уюштуруу, жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү тууралуу келишимдерди түзүү жана кол коюу, каражаттарды бөлүү процесси, компесациялык пакеттерди төлөө, физикалык көчүрүү боюнча иш-чаралар жана башка кадамдарды аткаруу;

(vi) ЖАКПнын акыркы варианты толук же секциялар боюнча аткарылгандан кийин анын аткарылышы жөнүндө ички отчетту даярдоо жана КЧСЖнын жана улуттук мыйзамдардын бардык талаптарынын аткарылганын ырастоо. Тышкы мониторинг боюнча консультанттын талабы боюнча ДИБге ичики мониторингдин маалыматтарын берүүгө жардам көрсөтүү.

(vii) Конструктивдүү консультацияларды жана талкуулолорду фокус-топтордо жана интервьюларда өткөрүү.

***<u>Күтүлбөгөн таасирлерди аныктоо, ТИПти даярдоо /ЖАКПга толуктоолорду киргизүү:</u>***

(i) Долбоорду ишке ашыруунун мониторингин жүргүзүү жана эгерде бар болсо күтүлбөгөн таасирлер болгон учурларды аныктоо, эгерде долбоордо кандайдыр бир өзгөрүүлөр, күтүлбөгөн таасирлер же ТИПти же ЖАКПга толуктоолорду даярдоону талап кылган башка жагдайлар келип чыкса, түзөтүүчү иш-аракеттер планын (ТИП) же ЖАКПга толуктоолорду даярдоо.

(ii) КЧСЖ жана АӨБдун тийиштүү практикасына ылайык ЖАКПны ишке ашыруу кадамдарын башкаруу, анын ичинде долбоор ишке ашкан аймактарда даттанууларды кароо механизминин (ДКМ) эффективдүү иштешин камсыз кылган иш аракеттерди аткаруу, долбоордун терс таасири тийген адамдар менен мазмундуу биргелешкен консультацияларды уюштуруу, жерди ыйгарып алуу жана көчүрүү тууралуу келишимдерди түзүү жана кол коюу, каражаттарды бөлүү процесси, компесациялык пакеттерди төлөө, физикалык көчүрүү боюнча иш-чаралар жана башка кадамдарды аткаруу.

(iii) социалдык коргоо иш-чаралары боюнча ишмердүүлүккө байланыштуу деталдуу изилдөөчү агенттикти, баалоочу жана маалыматтарды чогултуу боюнча консультанттарды жана зарылчылыкка жараша тиешелүү башка консультанттарды тартуу;

(iv) Зарылчылыкка жараша социалдык коргоо чаралары жаатында баштапкы маалыматтарды чогултуу, калкты санагын жүргүзүү, социалдык-экономикалык изилдөөлөрдү жана башка талаа изилдөөлөрүн жүргүзүү;

(v) ТИП/ толукталган ЖАКП толук аткарылгандан кийин шайкештик жөнүндө отчетту даярдоо жана КЧСЖнын жана улуттук мыйзамдардын бардык талаптарынын аткарылганын ырастоо, ошондой эле долбоордук тилкелерде жумуштарды аткаруу боюнча контактка кол коюуга жана курулушту баштоого болобу деген сунуштарды берүү

(vi) Коргоо чаралары боюнча отчеттерду макулдашууну координациялоого колдоо көрсөтүү: Жаңыланган ЖАКПны, ТИПти, ЖАКПны толуктоону жана социалдык коргоо чаралары боюнча башка отчетторду макулдашуу боюнча мамлкеттик процедураларды макулдашуу, жана бүткөрүлгөн иш аракеттер боюнча жана коргоо чаралары боюнча толукталган документтер тууралуу керектүү маалыматтарды АӨБго, аткаруучу/ ишке ашыруучу агентстволорго жана көзөмөл жүргүзүү боюнча консультантка жардам берүү.

(vii) Конструктивдүү консультацияларды жана талкуулолорду фокус-топтордо жана интервьюларда өткөрүү.

***Мониторинг, окутуу:***

(i) Долбоордун/программанын иш-чаралары КЧСЖнын талаптарына шайкеш келишин камсыз кылуу жана төмөнкүлөрдү камсыз кылуу: (а) АӨБ ЖАКПнын акыркы вариантынын же секциялар боюнча толук аткарылышын ырастаган шайкештик жөнүндө отчетту кабыл алгандан кийин гана жумуш аткарууга контракттар ыйгарылат; жана (б) күтүлбөгөн таасирлер пайда болгон аймактарда АӨБ тарабынан  ТИП же ЖАКПга толуктоолор кабыл алганга чейин жана андан кийин ТИП/Толукталган ЖАКП толук аткарылышын тастыктаган ишке ашыруу отчету кабыл алынганга чейин ишти токтотуу талаптарынын аткарылышын камсыздоо;

(ii) Долбоордун даттанууларды кароо механизми долбоорго тиешелүү бардык даттанууларды жана суроо-талаптарды натыйжалуу чечүүсүн жана алар тийиштүү түрдө документтештирилгендигин камсыз кылуу. Ар кандай татаал даттанууларды талапка ылайык чечүүдө АА/ИАга колдоо көрсөтүү;

(iii) социалдык коргоо чараларына мониторинг жүргүзүү жана социалдык коргоо чараларынын мониторинги боюнча жарым жылдык жана жылдык отчетторду даярдоо;

(iv) Конструктивдүү консультацияларды жана талкуулолорду фокус-топтордо жана интервьюларда өткөрүү;

(v) АА/ИА тарабынан берилген башка тиешелүү милдеттерди аткаруу.

Консультанттын ишинин жыйынтыгы төмөнкүлөрдү камтышы керек: (а) зарыл болгон учурда, ТИПти даярдоо / ЖАКПгы толуктоолорду даярдоо, ТИПтин / толукталган ЖАКПнын толук ишке ашырылганын ырастоочу шайкештик отчетторун даярдоо; (б) мониторингдин жарым жылдык жана жылдык отчеттору.

**Квалификациялык талаптар.** Консультант мажбурлап көчүрүү менен байланышкан, мүмкүн болсо Борбордук Азия регионунда, иш чөйрөсүндө 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасына ээ жана көп тараптуу финансылык институттардын иш тажрыйбасы менен тааныш болушу керек. Социалдык илимдер, жерди башкаруу, долбоорлоо жана/же башкаруу, менеджмент, мамлекеттик башкаруу же башка тиешелүү дисциплиналар боюнча эң аз болгондо бакалавр даражасына ээ болушу керек.

## 9-тиркеме ККнын көчүрүү боюнча улуттук экспертинин техникалык тапшырмасы

### А. Тапшырманын максаттары жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Азия өнүктүрүү банкынын (АӨБ) колдоосу менен Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы Барскоон айылынан (140+600 км) Каракол шаарына (215+827 км) чейин узундугу 75,2 км болгон учурдагы айланма жолду реконструкциялоону караган Ысык-Көлдүн айланма жолун жакшыртуу долбоорун (долбоор) ишке ашырат. . Реконструкциялоонун натыйжасында азыркы эки тилкелүү жол төрткө тилкеге чейин кеңейтилет. Долбоордун алкагында учурдагы көпүрөлөрдү жана суу өткөргүчтөрдү алмаштыруу же оңдоо, ошондой эле жаңы көпүрөнү, суу өткөргүчтөрдү, эс алуучу жайларды, аялдамаларды жана жөө жүрүүчү жолдорду куруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, коопсуздук аралдарын орнотуу жана жол кыймылынын коопсуздугун жакшыртуу үчүн башка элементтерди орнотуу камтылган.

Долбоор АӨБдун 2009-жылдагы Коргоо чараларынын саясаты тууралуу Жобонун (КЧСЖ) жана мажбурлап көчүрүү боюнча улуттук талаптардын сакталышын жана бардык мажбурлап көчүрүү иш-чараларынын сатып алуулар планына жана долбоорду ишке ашыруунун графигине камтылганын камсыз

